Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2006-жылдын чын куран
айынын бириндеги
№ 8/1 токтому менен бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жыл үчүн жылдык отчету

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жыл үчүн отчету*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жыл үчүн отчету "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү" Мыйзамдын 8, 10-статьяларына ылайык даярдалган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын чын куран айынын бириндеги №8/1 токтому менен бекитилген.

2005-жыл үчүн финансылык отчет Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын чын куран айынын онундагы №9/1 токтому менен бекитилген.


РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

Төрайым: М. Мырзабаева
Кеңештин мүчөлөрү:
А. Алдашева
Ю. Бушман
Л. Цыплакова

Жооптуу катчы: М.Лайлиева
Эксперт-котормочу: Н. Садыкова



Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө,101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Экономика Башкармалыгынын
Экономикалык анализдөөлөр бөлүмүнө
(996 312) 66-90-51, 66-90-52 телефондору,
(996 312) 61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот

Басылманы таркатууга тиешелүү маселелер боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө,101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
(996 312) 66-90-09 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
e-mail: mail@nbkr.kg
http:// www.nbkr.kg

# МАЗМУНУ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын кириш сөзү** .......... 5

**I . КЫРГЫЗСТАНДЫН 2005-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКА-СЫНЫН 2005-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ .......... 8

1.1. Реалдуу сектор .......... 8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору .......... 11
1.2.1. Мамлекеттик бюджеттин ресурстары .......... 11
1.2.2. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары .......... 12
1.2.3. Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоо .......... 14
1.3. Кыргыз Республикасынын 2005-жылдагы төлөм теңдеми (балансы) .......... 15
1.4. Экономиканын финансы сектору .......... 19
1.4.1. Валюта рыногу .......... 19
1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу .......... 21
1.4.3. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу .......... 24
1.4.3.1. Мамлекеттик казына векселдери .......... 25
1.4.3.2. Улуттук банктын ноталары .......... 28
1.4.3.3. Мамлекеттик башка баалуу кагаздар .......... 30
1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу .......... 31

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2005-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ .......... 38

2.1. Акчакредит саясатынын максаттары жана натыйжалары .......... 38
2.2. Акчакредит саясатынын каражаттары .......... 42
2.2.1. Ачык рыноктогу операциялар .......... 42
2.2.2. Валюта рыногундагы операциялар .......... 43
2.2.3. Банктарды кайра каржылоо .......... 45
2.2.4. Эсептик чен .......... 46
2.2.5. Милдеттүү камдар (резервдер) .......... 48
2.3. Валюта саясаты жана эларалык камдарды тескөө .......... 50

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ .......... 54

3.1. Банк тутумунун иши боюнча баяндама .......... 54
3.2. Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишине баяндама .......... 59
3.3. Жөнгө салуу жана банктык көзөмөл .......... 64
3.3.1. Лицензиялоо .......... 64
3.3.2. Тышкы көзөмөл .......... 65
3.3.3. Инспектирлөө .......... 67
3.3.4. Эскертүү чаралары жана санкциялар .......... 68
3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүктүн ченемдик базаларын өркүндөтүү .......... 69

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ .......... 74

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү .......... 74
4.1.1. Накталай эмес эсептешүүлөр .......... 74
4.1.2. Төлөм системасын өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу .......... 76
4.2. Накталай акча жүгүртүлүшү .......... 79

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР .......... 82

5.1. Эларалык уюмдар менен кызматташуу .......... 82
5.2. Борбордук банк менен кызматташуу .......... 87

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР .......... 90

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү .......... 90
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдагы иши .......... 97
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү жана финансы кеңешчисинин милдетин аткаруу .......... 102
6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы . 109
6.5. Коомчулукка маалымдоо .......... 111

III. **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2005-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ .......... 121

7.1. Бухгалтердик баланс (теңдем) .......... 121
7.2. Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет .......... 123
7.3. Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет .......... 125
7.4. Капиталдын түзүмүндөгү өзгөрүүлөр тууралуу отчет .......... 127
7.5. 2005-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр .......... 128
7.6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жыл үчүн финансы отчету боюнча аудитордук корутунду .......... 159

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. Акчакредит чөйрөсүндө 2005-жылдагы негизги окуялардын түрмөгү .......... 162
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер) .......... 166
3-тиркеме. Дүйнөлүк экономика (кыскача баяндама) .......... 191
4-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары .......... 195
5-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси .......... 201

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР,

Баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун камсыз кылуу негизги максаты болгон, Улуттук банк жүзөгө ашырып жаткан акча-кредиттик саясаты макроэкономикалык турукташтырууну колдоонун маанилүү фактору болуп саналат. Көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн бүтүндөй банк тутумунун өнүгүшүнө өбөлгө түзүү жана төлөм системасынын үзгүлтүксүз иштөөсүнө түрткү берүү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы зарыл болгон акча-кредиттик инструменттерди пайдаланган.

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредиттик саясат 2005-жылы экономикалык өсүш арымынын басаңдоосуна карабастан, баанын өсүшү төмөнкү арымда болушун камсыз кылууга мүмкүндүк берген. Отчеттук жылдын чын куран - бугу айларында коммерциялык банктардан депозиттердин агылып чыгуусу байкалган. Өлкөнүн башкы банкынын ушул мезгилде өз учурундагы көргөн аракеттери улуттук валютага карата ишенимдин сакталышына мүмкүндүк берди.

Улуттук банктын иши банк секторун бекемдөөгө, финансылык ортомчулуктун деңгээлинин арттырууга жана өлкөдө финансылык туруктуулуктун сакталышына жетишүүгө багытталган. Отчеттук жылда банк секторунда оң тенденциялар байкалган: капиталдык базанын өсүшү арымдап, кредиттөөнүн жана депозиттердин көлөмү көбөйгөн, банктардын кирешелүүлүгү өскөн.

Микрофинансылык уюмдарды өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү Улуттук банктын ишинин артыкчылыктуу багыты. Микрокаржылоо калкка сунушталып жаткан финансылык ресурстардын көлөмүн арттырууга, иш менен камсыз кылуунун өсүшүнө жана жакырчылык деңгээлин кыскартууга өбөлгө түзгөн. Секторду андан ары өнүктүрүү максатында Улуттук банк тарабынан 2006-2010-жылдарга өнүктүрүүнүн ортомөөнөттүк стратегиясы иштелип чыккан.

Улуттук банк отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын төлөм системасын модернизациялоо боюнча Мамлекеттик программанын ишчараларын жүзөгө ашырууну уланткан. Ушул программанын алкагында накталай эмес эсептешүүнү өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлгөн, бул келишилген бүтүмдөрдүн ачык-айкындуулугун арттырууга жана банк тутумуна нак акчанын агылып кирүүсүнө түрткү берет.

Бул отчетто Улуттук банк, аудиттин кабыл алынган эларалык стандарттарына ылайык аудитордук корутунду менен тастыкталган финансылык отчетту кошо алганда, 2005-жылдагы иштин жыйынтыгын кароого коет.

Ишиңиздерге ийгилик каалап,

Улуттук банк Башкармасынын
Төрагасынын милдетин акаруучу
Алапаев М.О.

# I

# КЫРГЫЗСТАНДЫН 2005-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

1-ГЛАВА

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2005-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ

## 1.1. Реалдуу сектор

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча[1] 2005-жылы ички дүң продукт (ИДП) 0,6 пайызга төмөндөгөн жана 100,1 млрд. сомду түзгөн. ИДПнын өсүшү, "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, арымы 1,4 пайызды түзгөн.

***1.1.1.-таблица.***
Ички дүң продукциясынын 2005-жылдагы түзүмү

| | Салыштырмалуу салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүш арымына салым, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|
| Айылчарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | **30,5** | **-4,2** | **-1,3** |
| Тоокенин казып алуу өнөржайы | **0,5** | **-13,9** | **-0,1** |
| Кайра иштетүү өнөржайы | **12,6** | **-15,6** | **-2,4** |
| Электэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | **3,1** | **1,6** | **0,1** |
| Курулуш | **2,5** | **2,1** | **0,1** |
| Соода, автомобилдерди жана жеке пайдалануудагы предметтерди оңдоо | **17,8** | **12,6** | **2,0** |
| Мейманканалар жана ресторандар | **1,7** | **12,2** | **0,2** |
| Транспорт жана байланыш | **6,8** | **9,5** | **0,6** |
| Башка тармактар | **13,9** | **1,5** | **0,2** |
| ИДП | **100,0** | **-0,6** | **-0,6** |

*Булактары: КР УСК маалыматтары*

Отчеттук жылда чарба жүргүзүүчү субъекттердин[2] саны 7,5 пайызга өскөн жана 2005-жылдын акырына карата каттоодон өткөн субъекттер 319,6 миңди (өкүлчүлүктөрдүн филиалдарын кошо алганда) түзгөн. Юридикалык жактардын саны 64,9 миң субъектти түздү жана 7,3 пайызга көбөйгөн. Ал эми, жеке ишкерлердин саны 2004-жылдагыга салыштырганда[3] 2,4 пайызга көбөйүү менен 163 миң адамды түзгөн. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин көбүрөөк саны соода жана оңдоо жагында кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө (алардын үлүшү 27,5 пайызды түздү), коммуналдык жана социалдык кызмат

[1] Алдынала маалыматтар.
[2] Статистикалык бирдиктердин Бирдей мамлекеттик регистрине киргизилген.
[3] Чарба жүргүзүүчү субъекттердин жалпы санына 91 миң дыйкан (фермердик) чарбалар да кирет.

көрсөтүүлөр чөйрөсүндө (19,2 пайыз) жана өнөржай (11,9 пайыз) тармагында иш алып барышат.

Айылчарбасынын дүңүнөн өндүрүп алуусу 2004-жылга салыштырмалуу 4,2 пайызга төмөндөгөн. Абаырайынын катаал шарттарына, ошондой эле жазгы-талаа иштерин кечиктирилип жүргүзүлүшүнө байланыштуу 2005-жылы өсүмдүк өстүрүү багытынын продукцияларынын олуттуу кыскаруусу жүргөн. Алсак, 2004-жылдагыга салыштырганда дан эгини 4,5 пайызга, картофель – 16,2 пайызга аз жыйналган. Малчарбачылыгында этти өндүрүү 0,1 пайызга төмөндөгөн, сүт жана жумуртка өндүрүү тиешелүүлүгүнө жараша, 1,1 пайызга жана 6,3 пайызга көбөйгөн.

2005-жылы өнөржай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 12,1 пайызга, "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда – 4,6 пайызга төмөндөгөн.

Кайра иштетүү өнөржайында продукцияны өндүрүүнүн көлөмүнүн эң чоң өсүшү текстиль жана тигүү тармактарында (113,3 пайызга) белгиленген. Ал эми, айрыкча төмөндөө электржабдууларын жасап чыгаруу жагында – 27,8 пайызга, ошондой эле металлургия өндүрүшүндө – 23,8 пайызга катталган.

Соода жүгүртүлүшүнүн, автомобилдерди, тиричилик буюмдарын жана жеке пайдалануудагы предметтерди оңдоонун жалпы көлөмү[1] 12,6 пайызга көбөйгөн. Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 12,4 пайызга өскөн, анын ичинде мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрү – 3,3 пайызга жана ресторандардыкы – 16,0 пайызга көбөйгөн. 2005-жылы транспорттордун бардык түрү менен ташылып келинген жүктөрдүн көлөмү[1] 4,1 пайызга төмөндөө менен 29,5 млн. тоннаны түзгөн. Байланыш кызматтары 24,3 пайызга өскөн.

Тике четөлкө инвестициялары 2004-жылга караганда 17,8 пайызга[2] көбүрөөк өздөштүрүлгөн, мында негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 3,0 пайызга кыскарган. Каржылоо булактарынын ичинен эң чоң үлүштү, мурдагыдай эле, ишканалардын өздүк каражаттары ээлейт – алар жалпы көлөмгө карата 41,4 пайызды түзөт. Четөлкө гранттарынын жана гуманитардык жардамдын эсебинен негизги капиталга салымдар 74,8 пайызга, жергиликтүү бюджетинин эсебинен – 50,7 пайызга, четөлкө кредиттеринин эсебинен –28,2 пайызга кыскарган.

Чарба жүргүзүүчү субъекттердин (өсүмдүк өстүрүү жана малчарбачылыгы менен иш алып барган уюмдарды эске албаганда) баланстык пайдасы[3] 2004-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 2 эсеге кыскарган.

[1] Физикалык көлөм.
[2] КР УСК маалыматтары.
[3] КР УСКнын 2005-жылдын 9 айы үчүн маалыматтары.

Кайра иштетүү өнөржайы, транспорт жана байланыш, соода ишканалары, автомобилдерди, тиричилик буюмдарын жана жеке пайдалануучу предметтерди оңдоо ишканалары, ошондой эле финансылык ишмердүүлүктү аркалаган уюмдар пайда алуу менен иштеген. Ошону менен бирге эле, курулушта, электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүдө, тоокенин казып алуу өнөржайында чыгашага жол берүүлөр катталган. Отчеторун беришкен ишканалардын ичинен чыгашалууларынын үлүшү 39,1 пайызга жакынды түзгөн, бул болсо, 2004-жылдагы деңгээлден бир азга төмөн. Ишкердик жигердүүлүккө жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары боюнча иликтөөгө алынып жаткан ишканаларда өндүрүш кубаттуулуктарын күчүнө киргизүү 2004-жылдагы 32,0 пайызына салыштырмалуу, орточо алганда 39,0 пайызды түздү.

Экономикалык өсүштүн басаңдашына карабастан, инфляциянын төмөнкү деңгээлде болушу калктын кирешелеринин өсүшүнө өбөлгө түзгөн. 2005-жылы номиналдык орточо айлык эмгек акы 2569,5 сомду түздү, ал эми анын реалдуу өсүш арымы (керектөө бааларынын индексин эске алуу менен) 11,9 пайызды түзгөн. Үй чарбаларынын чыгашаларынын артышы калктын кирешелеринин өскөндүгүн далилдейт. Алсак, коомдук тамактанууну кошо алганда, чекене товаржүгүртүүнүн көлөмү 13,4 пайызга (калктын жан башына эсептегенде –20,7 пайызга) арбыды, калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүш арымы 8,3 пайызды (калктын жан башына эсептегендеги өсүш – 11,5 пайызды) түзгөн.

# 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

Очеттук жылдагы салык-бюджет саясаты мурдагы жылдардай эле, салык алынуучу базаны кеңейтүүгө жана экономиканын социалдык секторун артыкчылыктуу каржылоого багытталган. Алсак, салык саясатын өркүндөтүү, анын ичинде жаңы Бажы кодексин колдонууга киргизүү, салыктык төлөмдөрдү администирлөөнү күчөтүү экономиканын өсүш арымынын басаңдоо шартында да мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн пландык деңгээлге аткарууга мүмкүндүк берген. Натыйжада, бюджеттин кирешелеринин, атап айтканда салыктык түшүүлөрдүн өсүшү, отчеттук жылы биринчи кезекте социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого багытталган мамлекеттик бюджеттин чыгашалары боюнча аткарылышына өбөлгө түзгөн. Экономикалык өсүшкө ыңгайлуу шарттарды түзүү жана калктын эң аярлуу катмарын коргоого алуу салык-бюджет саясатынын өзөктүү багыты болуп калган.

Отчеттук жылда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети Мамлекеттик инвестициялар программасынын (МИПтин) тышкы каржылоосун эске албаганда 224,4 млн. сом же ИДПга карата 0,2 пайыз өлчөмүндөгү профицити менен аткарылган (Мамлекеттик инвестициялар программасынын тышкы каржылоосун эске алуу менен), ал эми тартыштык ИДПга карата 4,2 пайызды түзгөн.

Ошону менен бирге эле, четөлкөлөрдөн трансферттерди кошо алганда, кирешелер 20368,1 млн. сомду, чыгашалар (МИПти кошпогондо) – 20143,7 млн. сомду түздү. Бюджеттин баштапкы профицити[2] 648,2 млн. сомду же ИДПга карата 0,6 пайызды түзгөн.

***1.2.1.-график.***
Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы (МИПти кошпогондо)




### 1.2.1. Мамлекеттик бюджеттин ресурстары

Отчеттук жылда четөлкөлөрдөн алынган трансферттерди кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелери 2004-жылдагыга салыштырганда 11,1 пайызга, ИДПга карата пайыздык катышта – 19,4 пайыздан 20,3 пайызга чейин өскөн.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн 80,3 пайызы салыктык түшүүлөрдүн эсебинен түптөлгөн, алардын үлүшү 2004-жылдагыга салыштырганда 4 пайыздык пунктка көбөйгөн. Мамлекеттик бюджеттин салыктык түшүүлөрү 16361,4 млн. сомду же ИДПга карата 16,3 пайызды (2004-жылы – 13986,6 млн. сомду же ИДПга карата

[1] Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигинин Борбордук казыналыгынын (мурда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги) алдынала маалыматтары боюнча.

[2] Карыздарды тейлөөгө карата бюджеттин туруктуулугун мүнөздөөчү көрсөткүч. Пайыздык төлөмдөрдү чыгарып салуу менен жалпы кирешелердин жана жалпы чыгашалардын ортосундагы айырма катары эсептелет.

14,8 пайызды) түзгөн. Салыктык түшүүлөрдүн өсүшү 17,0 пайызды түздү. Негизинен бул пайда салыгынан, киреше салыгынан түшүүлөрдөн жана тышкы экономикалык ишкердиктен улам түшүүлөр менен камсыз кылынган.

Мурдагы жылдардагыдай эле, 2005-жылы салыктык түшүүлөрдөгү эң чоң салыштырмалуу салмак кошумча нарк салыгы сыяктуу статьяга туура келген – жалпы кирешелердин 34,8 пайызы (2004-жылы – 37,2 пайыз), бул 7088,6 млн. сомду түзгөн. КНСтин 80 пайызынан көбүрөөгү сырттан ташылып келинген продукцияларга салыктын эсебинен түптөлөт. Алсак, отчеттук жылда импорттун көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу ташылып келинген продукцияга КНСтик түшүүлөр 6,8 пайызга өскөн (2004-жылдагы өсүш 36,5 пайызды түзгөн). Ал эми ички продукциядан КНСтик түшүүлөрдүн көлөмү 2004-жылдагыга салыштырганда 7,5 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук жылда киреше салыгынан түшүүлөрдүн олуттуу өсүшү – 20,9 пайызда катталган. Жалпы кирешедеги анын үлүшү 1744,2 млн. сомду түзүү менен 2004-жылдагы 7,9 пайыздан 8,6 пайызга чейин өскөн.

Пайда салыгынан түшүүлөрдүн өсүшү улануу менен 1283,2 млн. сомду түзгөн жана 2004-жылдагыга салыштырганда 39,7 пайызга көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан жылы бажы төлөмдөрүнүн 3,7 эселик олуттуу өсүшү белгиленген. Бажы пошлиналарынан түшүүлөрдүн мынчалык олуттуу өсүшүн Кыргыз Республикасынын жаңы Бажы кодексинин колдонууга берилиши, атап айтканда, жеке адамдардан бирдей салык алуунун киргизилиши менен түшүндүрүүгө болот.

Мамлекеттик бюджетке бейсалык түшүүлөр 2004-жылдагыга салыштырганда 2005-жылы 4,4 пайызга өскөн жана 3567,9 млн. сомду, анын ичинде Улуттук банктын пайдасынан түшүүлөр 123,2 млн. сомду түзгөн. Бюджеттик уюмдар тарабынан алынуучу атайын каражаттар 4,1 пайызга жогорулаган.

Отчеттук жыл ичинде четөлкө гранттарынын каражаттары 392,6 млн. сом суммасында (2004-жылы – 715,8 млн. сом) пайдаланылган.

Ишканалар жана уюмдар тарабынан мурда алынган ссудалар жана кредиттер боюнча 961,5 млн. сом кайтарылып берилген.

### 1.2.2. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүүсү жыл ичинде мамлекеттин милдеттенмелерин кыйла толук өлчөмүндө каржылоого мүмкүндүк берген. Отчеттук жылда мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 6,9 пайызга көбөйгөн.

Чыгашалар, биринчи кезекте мамлекеттин социалдык гарантияларын артыкчылыктуу жана өз учурунда каржылоого багытталган. Корголгон статьялар боюнча чыгашалар толук көлөмдө аткарылган.

Функционалдык классификациялоого ылайык бюджеттин чыгашаларынын негизги статьялары социалдык кызмат көрсөтүүлөргө (чыгашалардын жалпы көлөмүнүн 58,1 пайызы), анын ичинде билим берүүгө (24,4 пайыз), саламаттыкты сактоого (11,3 пайыз), социалдык камсыздандырууга жана социалдык камсыздоого (14,2 пайыз) туура келген. Жалпы мамлекеттик жана экономикалык кызмат көрсөтүүлөргө чыгашалардын жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша, 30,5 жана 9,5 пайызы туура келет.

Отчеттук жылда бюджеттик кызматкерлерге эмгек акыларды төлөөгө (2004-жылдагыга салыштырганда өсүш 15,1 пайыз), пенсияларды (14,3 пайыз), стипендияларды (28,9 пайыз) төлөөгө чыгашалардын олуттуу өсүшү белгиленген. Бул, ички иштер (50 пайызга), билим берүү жана саламаттыкты сактоо органдарынын (15 пайызга) кызматкерлерине, маданият кызматчыларына (30 пайыз) эмгек акылардын, пенсиялардын (орточо алганда 8 пайызга); стипендиялардын (30 пайызга) жогорулоосу менен шартталган.

Социалдык фонддун 2005-жылдагы тартыштыгынын ордун жабуу үчүн республикалык бюджеттен субвенциялар 76,1 млн. сомду түзгөн (2004-жылы – 497,2 млн. сом). Ушул статья боюнча өзгөрүү Социалдык фонддун милдеттенмелерин каржылоонун бюджеттик каржылоого өтүшүнө байланыштуу болгон.

Мамлекеттик карызды тейлөөгө бюджеттин чыгашалары 2005-жылы 3067,6 млн. сомду түзгөн (жалпы чыгашаларга карата 15,2 пайыз), алардын ичинен өкмөттүн тышкы карызын жабууга –762,0 млн. сом жана 2305,6 млн. сом – өкмөттүн ички карызын жабууга багытталган. 2005-жылдын 12 айы үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик карыз боюнча пайыздык төлөмдөрү 816,5 млн. сомду түзгөн, анын ичинде тышкы карыз боюнча 409,8 млн. сом төлөнгөн, бул 2004-жылдагыга караганда 15,6 пайызга аз.

Отчеттук жылда мамлекеттик бюджеттин "Капиталдык салымдар" статьясы боюнча чыгашалары 2004-жылдагыга салыштырганда 960,0 млн. сомду түзүү менен 7,9 пайызга кыскарган.

Мамлекеттик инвестициялар программасынын инвестициялык долбоорлору боюнча чыгашалардын жалпы көлөмү 2005-жылда 4137,8 млн. сомду, анын ичинде: инвестициялык долбоорлорду грантсыз тышкы каржылоо – 3240,2 млн. сомду (ИДПга карата 3,2 пайызды); инвестициялык долбоорлорду ички кошо каржылоо – 260,4 млн. сом деңгээлинде түзүлгөн.

***1.2.2.1.- график***

Мамлекеттик карыз боюнча пайыздык төлөмдөр



***1.2.3.1- график***

Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоо (МИПти эсепке алуу менен)




### 1.2.3. Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоо

МИПтин тышкы каржылоосун эске алуу менен мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 4192,4 млн. сомду түзгөн. Аны каржылоо ички жана тышкы булактардан жүзөгө ашырылган.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигинин алдынала берген маалыматтары боюнча тышкы каржылоонун көлөмү 3710,6 млн. сомду түзгөн (алынганы – 3240,2 млн. сом, карызды төлөөнү кийинкиге калтыруу жана реструктуризациялоо – 2315,8 млн. сом, төлөнгөнү – 1845,5 млн. сом).

Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын ички булактардан каржылоо 2005-жылы 320,8 млн. сомду түзгөн. Менчиктештирүүдөн 161 млн. сом каражат түшкөн.

# 1.3. Кыргыз Республикасынын 2005-жылдагы төлөм теңдеми (балансы)

Кыргыз Республикасынын 2005-жылдагы төлөм теңдеми[1] 48,9 млн. АКШ доллары өлчөмдө оң сальдодо түптөлгөн. Күндөлүк эсептин абалы бир эле учурда кирешелер теңдеминин терс сальдосунун 11,0 пайызга кыскаруусу жана трансферттердин оң сальдосунун 73,7 пайызга көбөйүүсү менен соода теңдеминин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн теңдеминин тартыштыгынын 2,5 эсе көбөйүүсү менен шартталган. Күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 2004-жылдагыга салыштырганда 2005-жылы 3 эсе көбөйүү менен ИДПга карата 8,5 пайызды түздү.

ФОБ баасында тышкы соодалык жүгүртүү 2005-жылы 1796,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 9,7 пайызга көп. Товардык агымдардын өсүшү экспорттун 7,8 пайызга төмөндөө шартында импорттун 23,9 пайыз өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Экспорт менен импорттун ортосундагы айырма соода теңдеминин 445,1 млн. АКШ доллары өлчөмдөгү тартыштыгын шарттаган (2004-жылы ал 171,2 млн. АКШ долларын түзгөн).

КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 14,3 пайызга көбөйгөн жана 951,3 млн. АКШ долларын, ал эми алыскы четөлкөлөр менен – 4,9 пайызды түзүү менен 845,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Товарлардын ФОБ баасындагы экспорту 2005-жылы 675,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Нарктык көрсөткүчтө алганда алтындын экспорту 19,7 пайызга кыскаруу менен 230,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул алтынды казып алуу өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн жана анын экспортунун 25,9 пайызга төмөндөшү менен шартталган.

Алтынды эске албаганда, товарлардын экспорту иш жүзүндө 2004-жылдын деңгээлинде калган. Мында, керектөө товарлардын экспорту 6,1 пайызга, инвестициялык товарлардын экспорту 15,6 пайызга көбөйгөн. Чийки заттардын экспорту 16,3 пайызга, аралык товарларынын экспорту 14,5 пайызга кыскарган, энергия продукцияларын берүүлөрдүн көлөмү 3,5 пайызга төмөндөгөн.

Керектөө товарларынын экспортунун өсүшүн камсыз кылган товарлардын тобуна тамекилер, ширелер, өсүмдүк жана мал майларынан алынган продукциялар кирген. Жарандык курулуш жана подряддык иштер үчүн машиналар жана жабдуулар, автомобилдер үчүн тетиктер жана тиешелүү буюмдар, атайын багыттагы автомобилдер, электраккумуляторлор, электртрансформаторлору инвестиция-

[1] Алдынала алынган маалыматтар боюнча.

***1.3.1- график***
Күндөлүк операциялардын эсеби




***1.3.2- график***
Соода теңдеми




***1.3.3- график***
Алтындын экспортунун физикалык көлөмүнүн динамикасы



***1.3.4-график***

Товарлардын экспорту




***1.3.5-график***

Товарлардын экспортунун түзүмү




***1.3.6- график***

Товарлардын импорту




лык товарлардын экспортунун өсүшүнө түрткү берген негизги статьялардан. Чийки заттардын экспортунун кыскарышы ферменттелбеген тамекини жана пахта буласын берүүлөрдүн төмөндөшүнө байланыштуу жүргөн. Аралык товарларынын экспортунун төмөндөшүнө таасирин тийгизген башкы статьядан болуп экспорту олуттуу кыскарууга туш болгон алтын саналат.

Экспорттун географиялык түзүмүндө 54,9 пайыз алыскы четөлкөлөргө туура келет. Негизинен алтын экспорттолгон Бириккен Араб Эмиратын жана Швейцарияны кошпогондо, экспорттун эң чоң көлөмү Канадага жана Кытайга туура келет. КМШ өлкөлөрүнө экспорт бардык экспорттук берүүлөрдүн жалпы көлөмүндө 45,1 пайызды түзгөн. Экспорттун олуттуу көлөмү мурдагыдай эле Россияга (КМШ өлкөлөрүнө экспорттун жалпы көлөмүнүн 44,3 пайызы) жана Казакстанга (38,3 пайыз), ошондой эле Тажикстанга (7,6 пайыз) жана Өзбекстанга (5,6 пайыз) туура келет. КМШ өлкөлөрүнө берилүүчү негизги экспорттук товарлар: текстиль буюмдары, электрэнергиясы, кант, электр лампалары, айнек, цемент эсептелет.

Товарлардын[1] ФОБ баасындагы импорту 1120,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн жана 23,9 пайызга өскөн. Импорттун көбөйүшү КМШ өлкөлөрүнөн 16,9 пайызга жүргөн сыяктуу эле, алыскы четөлкөлөрдөн 29,0 пайызга жетишилген.

Импорттун өсүшү чийки заттардан тышкары, функционалдык түзүмдүн бардык статьялары боюнча жетишилген. Импорттун 25,0 пайызга эң чоң өсүшү энергопродукцияларына туура келген жана ал мунайзаттарга баанын 30,7 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн, мында берүүлөрдүн физикалык көлөмү 3,4 пайызга кыскарган.

Аралык товарларды ташып келүү 19,6 пайызга, инвестициялык товарлары – 17,1 пайызга жана керектөө товарлары – 6,5 пайызга көбөйгөн. Импорттун өсүшүн аныктаган негизги статьялардан болуп, мунайзаттар менен катар эле машиналар, жабдуулар, механизмдер, электраккумуляторлору, жер семирткичтер, медикаменттер, атайын илимий жана контролдук аспаптар эсептелет.

Импорттун географиялык түзүмүндө КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү 2004-жылдагы деңгээлде сакталып калуу менен 61,9 пайызды түзгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен импорттун жалпы көлөмүндөгү эң чоң үлүштү Россиядан алынып келинген товарлар ээлейт (55,3 пайыз) жана алар 2004 -жылдагыга салыштырганда 29,0 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда, Казакстандан импорт 11,1 пайызга кыскарган. Негизинен КМШ өлкөлөрүнөн мунай-

[1] 2005-жылда СИФ баасындагы импорт алдынала алганда 1206,0 млн. АКШ долларын түзгөн, мында соода тартыштыгы 530,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө катталган.

заттар, тамакаш азыктары, машиналар, жабдуулар, пластмассалар, жыгач ташылып келинген.

Алыскы четөлкөлөрдөн товарларды негизги берүүчүлөрү болуп, мурдагыдай эле, Кытай (алыскы четөлкөлөрдөн импорттун жалпы көлөмүнөн 24,4 пайыз), АКШ (15,9 пайыз), Германия (8,9 пайыз) жана Түркия мамлекеттери (8,0 пайыз) калды. Ушул өлкөлөрдөн айрыкча машиналар, жабуулар, механизмдер, медикаменттер, транспорттук каражаттар, текстиль буюмдары ташылып келинген.

2005-жылы эларалык кызмат көрсөтүүлөр теңдеминин терс сальдосу 2 эсеге өскөн жана 44,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Кызмат көрсөтүүлөр теңдеминин терс сальдосу алардын экспортуна салыштырганда (22,2 пайызга) кызмат көрсөтүү импортунун көлөмүнүн озгон арымда өсүшү (29,6 пайызга) менен шартталган. Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту кыйла деңгээлде өсүшкө ээ болгон (20,8 пайызга).

2005-жылы кирешелер теңдеминин терс сальдосу 10,9 пайызга кыскаруу менен 80,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Резидент эместерге реинвестицияланган кирешелер боюнча төлөөлөрдүн 31,8 пайызга азаюусу терс сальдонун кыскаруусуна алып келген. Ошол эле учурда, башка инвестициялар боюнча кирешелер 25,2 пайызга көбөйгөн.

Күндөлүк трансферттердин оң теңдеми 2005-жылы 2004-жылдагы көрсөткүчтөн 73,7 пайызга артуу менен көбөйүүгө карата ык коюу тенденциясын сактап калган. Өсүш негизинен, эң оболу эмгек мигранттарынан акча каражаттарынын агылып киришинин артышына байланыштуу жеке трансферттердин (81,1 пайыз же 149,9 млн. АКШ доллары) эсебинен жүргөн. Мамлекеттик башкаруу сектору тарабынан алынган трансферттеринин көлөмү 16,2 пайызга көбөйгөн.

Капитал менен операциялардын жана финансы операциялардын эсеби (аналитикалык түрдө берүүдө) 118,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн (бул 2004-жылдагыга салыштырганда 1,2 пайызга аз). Ошону менен бирге эле, капитал менен операциялар эсебинин тартыштыгынын жана финансы эсебинин оң сальдосунун бир азга азаюусу катталган.

Капитал менен операциялардын эсебинин тартыштыгы 6,1 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2004-жылдагы терс сальдодон 69,3 пайызга аз. Анын төмөндөшү негизинен четөлкө инвесторунун алдындагы карыздык милдеттенмелерди жокко чыгаруу жана капиталдык товардык гранттардын агылып кирүүсүн арттыруу боюнча операцияларды жүзөгө ашыруу менен байланыштуу болгон.

2005-жылы финансы эсебинин оң сальдосунун 10,9 пайызга төмөндөшүн башка инвестициялар боюнча кара-

***1.3.7-график***
Товарлардын импортунун түзүмү




***1.3.8-график***
Эларалык кызмат көрсөтүүлөр теңдеми




***1.3.9-график***
Кирешелер теңдеми



***1.3.10-график***
Күндөлүк трансферттер




***1.3.11-график***
Капитал менен операциялар жана финансы операцияларынын эсеби




жаттардын түшүүсүнүн өсүшү шартында тике четөлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн 2,5 эсеге азаюусу менен түшүндүрүүгө болот. Бул республиканын коммерциялык банктарынын кредиттер боюнча кыска мөөнөттүү милдеттенмелеринин көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу.

Республикага тике инвестициялардын таза агылып киришинин 2004-жылга салыштырганда 54,3 пайызга кыскаруусун[1] 2004-жылы четөлкө компаниясындагы акциянын кыргыздарга тиешелүү үлүшүн сатуудан акча каражаттарынын агылып киришинин орун алышы менен түшүндүрүүгө болот. Портфелдик инвестициялар боюнча терс сальдонун 5,8 эсе көбөйүшү коммерциялык банктардын карыздык баалуу кагаздар түрүндөгү активдеринин өсүшү жана четөлкө инвесторлорунун ишканалардын капиталына салымдарынын төмөндөшү менен шартталган.

Ошентип, 2005-жылдын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин оң сальдосу 2,4 эсе кыскаруу менен 48,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Дүңүнөн алгандагы эларалык камдардын көлөмү[2] 2005-жылдын акырына карата 8,3 пайызга көбөйүү менен 612,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын камдык активдеринин деңгээли[3] товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 4,6 айына туура келген.

[1] 2005-жылдын алдынала жыйынтыгы боюнча тике четөлкө инвестицияларынын таза агымы 60,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргыз Республикасынын экономикасына 2005-жылдын 9 ай ичинде тике инвестициялардын дүңүнөн агылып келүүсү 136,4 млн. АКШ долларына жеткен.

[2] ЭВФтеги камдык (резервдик) позицияны эске алуу менен.

[3] 2005-жылы ушул көрсөткүчтү эсептөөнүн эларалык тажрыйбасына ылайык келтирүү максатында жаңы эсептөө ыкмасы колдонууга киргизилген. Мурда колдонулуп келинген ыкмага ылайык, 2004-жылдагы товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импорту айларындагы эларалык камдардын деңгээли 5,7 айга туура келген, ал эми жаңыдан колдонууга киргизилген ыкма боюнча ал 4,6 айга туура келет. Ушул ыкмалардагы негизги айырмачылык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун ар кандай айларын салыштыруудан көрүнөт: баштапкы ыкмада отчеттук жылдагы товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун көрсөткүчү эсептөөдө эске алынган болсо, жаңы ыкмада – кийинки жылдыкы эске алынат.

# 1.4. Экономиканын финансы сектору

## 1.4.1. Валюта рыногу

Республикага четөлкө валютасынын агылып келүүсүнүн олуттуу көбөйүүсү 2005-жылы валюта рыногунун мүнөздүү өзгөчөлүгү (товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту, банктарды капитализациялоо, чет өлкөлөрдөн акчалай которуулар ж.б.у.с.) болуп калды. Анын натыйжасында, чын куран айынан тартып рынокто четөлкө валютасын үстөк сунуштоо байкалды. Мындан тышкары, рынок конъюнктурасына жалган куран айынын аягында республикада саясый кырдаалдын курчушу да сезилерлик таасирин тийгизген. Ушул факторлор алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн жөнгө салуу боюнча Улуттук банктын валюталык интервенцияларынын мүнөзүн жана өлчөмүн аныктаган.

2005-жылдын башында республиканын валюта рыногунда алмашуу курсунун сезондук өзгөрүлмөлүүлүгү байкалган, бул айрым убактарда дүйнөлүк рыноктордогу АКШ долларынын курсунун динамикасынын туруксуздугу менен да күчөгөн. Улуттук банк алмашуу курсунун өзгөрүлмөлүүлүгүнүн өлчөмүнүн анчалык эмес экендигин эске алып, валюта рыногундагы жагдайга иш жүзүндө кийлигишкен эмес. Үчтүн айынын аягында гана четөлкө валютасын ашыкча сунуштоону жеңилдетүү максатында, Улуттук банк коммерциялык банктар менен накталай эмес АКШ долларын сатып алуу боюнча андай деле олуттуу болбогон бир нече бүтүмдөрдү түзгөн.

Жалган куран айынын аягында АКШ долларына суроо-талап байкаларлык өскөн, бул өз кезегинде алмашуу

***1.4.1.1- график***

Банктар аралык валюта тооруктары



курсуна басым жасаган. Четөлкө валютасына карата олуттуу суроо-талапты канааттандыруу жана алмашуу курсунун олку-солкулугун текшилөө максатында, Улуттук банк жалган куран жана чын куран айларында банктар аралык валюта тооруктарында накталай эмес АКШ долларын сатуу боюнча ири операцияларды жүргүзгөн. Улуттук банктын интервенциялары жана банк тутумуна четөлкө валюталарынын келип түшүүсүнүн өсүшү чын куран айынын аягында валюта рыногундагы кырдаалдын туруктапшуусуна өбөлгө түзгөн.

Кийинки айларда ички валюта рыногунун конъюнктурасы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун, ошондой эле акчалай которуулардын көбөйүшүнүн натыйжасында четөлкө валюталарынын түшүүсүнүн артышынын таасири астында калыптанган. Дүйнөлүк рыноктордогу доллардын курсунун өзгөрүп турушунун ушул мезгил аралыгындагы доллардын алмашуу курсунун сомго карата динамикасына тийгизген таасири анчалык деле орчундуу болгон эмес. Улуттук банк бугу - бештин айларында накталай эмес АКШ долларын сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Бул мезгилде валюта рыногунда доллардын алмашуу курсунун төмөндөө тенденциясы үстөмдүк кылып турган. Жылдын аягында гана коммерциялык банктардагы накталай жана накталай эмес четөлкө валюталарынын көлөмүнүн өзгөрүүсүнүн таасири астында доллардын курсунун бир аз жогорулашы байкалган.

Жыл ичинде банктар аралык валюта тооруктарында доллардын орточо салмакталып алынган курсу 0,95 пайызга жогорулоо менен 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата бир АКШ доллары 41,3008 сомду түздү. 2005-жылы доллардын эсептик курсу 0,78 пайызга төмөндөп, 41,3011 сом/АКШ долларына чейин жеткен.

СВОП операцияларын кошо алганда, банктар аралык валюта рыногунун жалпы жүгүртүүсү 2004-жылга салыштырганда 1,5 эсеге көбөйгөн жана бул негизинен Улуттук банктын валюта интервенциялары менен камсыз кылынган,

***1.4.1.2-график***

Банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү



алардын операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 32,2 пайыздан 45,8 пайызга чейин өскөн. Четөлкө валюталарын сатуу/сатып алуу боюнча банктар аралык бүтүмдөрдүн көлөмү да отчеттук жылда көбөйгөн, бирок алардын салыштырмалуу салмагы 53,1 пайызга чейин төмөндөгөн. СВОП операцияларынын үлүшү орчундуу деле болбой, болгону 1,1 пайызды гана түзгөн, мында бул операциялардын негизги көлөмүн коммерциялык банктар улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү толуктоо максатында Улуттук банк менен жүзөгө ашырган.

Алмашуу бюролорунда четөлкө валюталарын сатуу жана сатып алуу боюнча бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 2004-жылдагыга салыштырганда 21,7 млрд. сомду түзүү менен 16,5 пайызга көбөйгөн, мында негизги валюталардын бардык түрлөрү боюнча операциялардын өскөндүгү катталган. Операциялардын басымдуу көлөмү (66,7 пайызы) АКШ доллары менен ишке ашырылган. Алмашуу бюролорундагы валюталык операциялардын түзүмүндө орус рубли, казак теңгеси жана евро менен жүргүзүлгөн бүтүмдөрдүн салыштырмалуу салмагы тиешелүүлүгүнө жараша, 15,2., 9,1., 7,7 пайызды түзгөн. Алмашуу бюролорунун башка валюталар (кытай юаны, англия фунт стерлинги жана өзбек суму) менен жүргүзгөн операцияларынын үлүшү 1,3 пайыз деңгээлинде болгон.

2005-жылы алмашуу бюролорундагы доллардын курсунун динамикасы банктар аралык валюта тооруктарындагы доллардын курсунун динамикасындай эле калыптанган. Мында алмашуу бюролорунда АКШ долларын сатуунун орточо курсу банктар аралык валюта тооруктарындагы орточо салмактанып алынган курстан 0,07 сомго төмөн болду. Жыл ичинде алмашуу бюролорунда долларды сатуу курсу 0,65 пайызга жогорулап, 2005-жылдын акырына карата бир АКШ доллары үчүн 41,22 сомду түздү. Евронун сатуу курсу сомго караганда жыл бою евронун дүйнөлүк рыноктордогу курсунун динамикасына жараша өзгөрүп туруу менен жана жыл ичинде 12,2 пайызга төмөндөө менен, бир евро 48,63 сом/еврого чейин жеткен. Россия рубли менен казак теңгесинин курстары да тиешелүүлүгүнө жараша, 1,8 жана 2,0 пайызга төмөндөп, жылдын акырына карата бир рубль - 1,42 сом/рубль жана 0,3053 сом/теңге түздү.

**<u>*1.4.1.1-таблица*</u>**
Банктар аралык валюта рыногундагы операциялар
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2004 | 2005 |
|---|---|---|
| **Жалпы көлөмү** | **138,8** | **207,6** |
| анын ичинде: | | |
| *Валюта тооруктарындагы операциялар* | 133,3 | 205,3 |
| Улуттук банк менен бүтүмдөр | 44,6 | 95,2 |
| Банктар аралык бүтүмдөр | 88,6 | 110,1 |
| *СВОП операциялары* | 5,5 | 2,3 |
| Улуттук банк менен бүтүмдөр | 5,0 | 1,6 |
| Банктар аралык бүтүмдөр | 0,5 | 0,7 |

### 1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу

Коммерциялык банктар үчүн ликвиддүүлүктү (өтүмдүүлүктү) толуктоонун негизги булагына айланган банктар аралык кредит рыногунда 2005-жылы анын чөйрөсүн кеңейүү жана тереңдетүү тенденциясы сакталып турган. Мында рыноктун сапаттык мүнөздөмөлөрү жакшырган: концентрациялануу кыскарган, чендердин өзгөрүлмөлүүлүгү жана деңгээли төмөндөгөн,

бүтүмдөрдүн мөөнөттүүлүгүнүн диапазону кеңейген. Банктар аралык рыноктун оң багытта (позитивдүү) өнүгүшүнө банк тутумунун өзүндөгү өтүмдүүлүктүн жетиштүү деңгээли, ошондой эле Улуттук банк тарабынан берилүүчү «овернайт» кредитин[1] алуу шарттарынын өзгөрүшү орчундуу деңгээлде түрткү берген.

***1.4.2.1-график***
Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмү




Банктар аралык кредит рыногунун сомдук сегментиндеги операциялардын көлөмү[2] 2005-жылы 2004-жылдагыга салыштырганда 61,5 пайызга көбөйүп, 6,2 млрд. сомду түзгөн. Мурдагы жылдардагыдай эл, операциялардын негизги көлөмүн РЕПО бүтүмдөрү түзүп, алардын үлүшүнө 80,7 пайыз туура келген. РЕПО операциялары боюнча жылдык орточо чен 2004-жылдагы 5,0 пайыздан 4,0 пайызга, ал эми улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча чен – 4,8 ден 3,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн жогорулоосуна байланыштуу жылдын экинчи жарымында пайыздык чендердин деңгээлинин төмөндөө тенденциясы үстөмдүк кылган. РЕПО шарттарында берилүүчү ресурстардын наркындагы жана банктар аралык кредиттер формасындагы олуттуу айырмачылык ушул сегменттердин структуралык өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт, алсак, банктар аралык кредит рыногунда ири бүтүмдөр басымдуулук кылган, айрыкча бул туруктуу контрагенттер ортосунда ишке ашырылгандыгын белгилеп кетүү зарыл. РЕПО операцияларынын орточо алынган мөөнөттүүлүгү 2004-жылга салыштырганда отчеттук жылы 7,0 күндөн 6,7 күнгө чейин

[1] Чын куран айынан тартып, «овернайт» кредиттери боюнча чен эсептик чендин 1,5 коэффицентинде белгиленген (мурда, бул коэффицент 1,2 барабар болгон), ал эми теке айынан тартып, ушул кредитти алуу үчүн мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөө коюу талап кылынат.
[2] Улуттук банктын операцияларын эске албаганда.

кыскарган, ал эми улуттук валютадагы кредиттер боюнча – 5,9 күндөн 8,0 күнгө чейин өскөн.

Банк-резидент эместердин ортосунда 2005-жылы четөлкө валютасында жүзөгө ашырылган операциялардын көлөмү[1] 1,8 эсеге көбөйүп, 592,9 млн. сомду түзгөн. Ошол эле учурда, мындай операциялардын банктар аралык карыз алуулардын жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы мурдагыдай эле бир аз эле өлчөмдө калып, 8,7 пайызды түзгөн. 2005-жылы четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттер боюнча чендердин деңгээлин жана динамикасын аныктаган негизги факторлор катары банктардагы четөлкө валюталарынын көлөмүнүн өсүшүн, бүтүмдөрдүн мөөнөттөрүнүн кыскаруусу жана АКШнын Федералдык резерв системасынын (ФРС) пайыздык ченинин ырааттуу жогорулашын атоого болот. Баштапкы эки фактордун таасири айрыкча көрүнгөндүгүнөн улам, ички банктар аралык рынокто четөлкө валютасында берилген кредиттер боюнча чендин жылдык орточо деңгээли 2004-жылдагыга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 4,3 пайызды түзгөн. Мында пайыздык чендердин өзгөрүлмөлүү чеги 11,0 пайыздык пунктка чейин көбөйгөндүгү байкалган (2004-жылы 8,1 пайыздык пункт болгон), бул чендердин минималдуу деңгээли нөлдүк белгиге чейин түшүп кеткендиги менен шартталган. Четөлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн орточо алынган мөөнөттүүлүгү (2004-жыл – 94 күн) 69 күнгө чейин кыскарган.

Резидент эместер менен операция жүргүзүүдө 2005-жылы атамекендик банктар мурдагыдай эле нетто-кре-

***1.4.2.2- график***

Банктар аралык кредит рыногундагы пайыздык чендердин динамикасы (банк-резиденттердин ортосунда жүргүзүлгөн операциялар боюнча)




*Эскертүү: теке айында, тогуздун айында жана жетинин айында четөлкө валютасында кредиттик операциялар жүргүзүлгөн эмес.*

[1] Улуттук банктын операцияларын эске алуусуз.

диторлор катары иш алып барышкан. Операциялардын негизги көлөмүн эки банк жүргүзгөн, мында бүтүмдөр, эрежедегидей эле, АКШ доллары менен келишилген. Ошол эле учурда, банк-резидент эместерден четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин көлөмү кыскаруу менен 4,0 млрд. сомду түзгөн. Жыл бою резидент эместер менен келишилген бүтүмдөр боюнча пайыздык чендердин өсүш тенденциясы байкалды, бул болсо ФРС тарабынан чендердин бир нече ирет жогорулатылышы менен шартталган. Натыйжада, 2005-жыл ичинде резидент эместер менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча пайыздык чендердин жылдык орточо деңгээли 2004-жылдагыга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка жогорулап, 2,5 пайызды түзгөн.

### 1.4.3. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

2005-жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда баалуу кагаздардын төмөндөгү түрлөрү жүгүртүүдө турган:

- мамлекеттик казына векселдери (МКВ);
- которулмалуу векселдер;
- мамлекеттик казына милдеттенмелери (МКМ);
- мамлекеттик жөнгө салуу баалуу кагаздары – казына векселдери (МКВ (ж)) жана казына милдеттенмелери (МКМ(ж));
- Улуттук банктын ноталары.

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү 2005-жылы бир азга кыскаруу менен жылдын акырында 5798,8 млн. сомду түзгөн. Алардын ичинен эң өтүмдүүлөрү болуп Экономика жана каржы министирлиги тарабынан бюджет тартыштыгын каржылоо максатында чыгарылган мамлекеттик казына векселдери (МКВ) саналат. Отчеттук жылда жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү көбөйгөн, ал эми алардын мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунун түзүмүндөгү үлүшү өскөн. Ушул рынокто Улуттук банктын ноталарынын үлүшү бир пайызга жеткен жок, бирок бул баалуу кагаздар финансы ресурстарынын наркын аныктоодо баа белгилөөдө багыт берүүчүнүн ролун ойнойт. Мамлекеттик баалуу кагаздардын негизги көлөмүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коммерциялык банктардын, банктык эмес мекемелердин жана Улуттук банктын алдындагы карызын кайра тариздөө аркылуу Экономика жана каржы министирлиги тарабынан ар кайсы убакта чыгарылган казына милдеттенмелери (МКМ жана МКМ (ж)) түзөт. 2005-жылы МКМнын жана МКМ (ж)нын көлөмү аларды бөлүп-бөлүп төлөөгө байланыштуу кыскарган. Өкмөттүн Улуттук банктын алдындагы карызын жөнгө салуу процессинде эмитирленген МКМ (ж)нын көлөмү да, отчеттук жыл ичинде өзгөргөн эмес. Ошол эле учурда, банктардын жана башка финансы мекемелеринин аманатчылар алдында карыздарын кайра тариздөө про-

цессинде Экономика жана каржы министрлиги тарабынан чыгарылган которулмалуу векселдердин көлөмү, алардын мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө салыштырмалуу салмагы бир аз эле болсо да (бир пайызга жетпеген) көбөйгөн.

***1.4.3.1- график***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмү




### 1.4.3.1. Мамлекеттик казына векселдери

Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоо максатында, Экономика жана каржы министрлиги мамлекеттик казына векселдерин жүгүртүүгө чыгарат. Алардын алгачкы жайгаштырылышы Улуттук банктагы ар апталык аукциондордо жүзөгө ашырылат. Экономика жана каржы министрлиги баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү

***1.4.3.1.1-график***

2005-жылдагы МКВга карата суроо-талап жана аларды жайгаштыруу



жана тереңдетүү максатында, 2005-жылы МКВнын жаңы түрлөрүн эмитирлеген. Теке айынан тартып жүгүртүү мөөнөтү 3, 6, 12 ай болгон векселдерден тышкары жүгүртүү мөөнөтү 18 ай болгон векселдерди, ал эми жетинин айынан тартып жүгүртүү мөөнөтү – 24 ай болгон векселдер дайыма чыгарылып турду. Экономика жана каржы министрлиги МКВ рыногунун ачык-айкындуулугун жогорулатуу үчүн кийинки айга карата эмиссиянын көлөмү тууралуу маалыматты жарыялап турган.

2005-жылдын башында коммерциялык банктардагы үстөк ликвиддүүлүктүн жогору деңгээде болушу МКВнын биринчилик рыногунда суроо-талаптын өсүшүнө жана атаандаштыктын күчөшүнө түрткү берди. Бул мезгилде векселдердин бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшү байкалган, айрыкча жалган куран айында МКВ жайгаштырыла баштаган мезгил ичиндеги эң төмөнкү деңгээлге жетишилген: жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ боюнча – 3,4 пайыз, жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВ боюнча – 3,8 пайыз, жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ боюнча – 4,5 пайыз. Жалган куран айынын акырында векселдерге болгон суроо-талаптын кыскарышы жана алардын кирешелүүлүгүнүн жогорулашы байкалган. Андан ары рынокто МКВнын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгүнүн өсүү тенденциясы үстөмдүк кылган, бул жаз-жай мезгилинде банк тутумунда ликвиддүүлүктүн төмөндөшү, андан кийин бир кыйла жогорку кирешелүүлүккө ээ болгон узак мөөнөттүү векселдердин жүгүртүүгө чыгарылышы менен шартталган. Жылдын акырында банк тутумунда ликвиддүүлүктүн олуттуу өсүшүнө байланыштуу МКВга болгон суроо-талап байкаларлык арткан, бул МКВнын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн айрым бир төмөндөшүнө алып келди.

Бүтүндөй алганда жыл ичинде МКВнын жылдык орточо кирешелүүлүгү 2004-жылга салыштырганда 2,4 пайыздык пунктка төмөндөп, 6,3 пайызды түзгөн. Мында чендердин өзгөрүлмөлүүлүгүнүн төмөндөшү, ошондой эле

***1.4.3.1.1-таблица***

МКВнын сатуу көлөмү жана жылдык орточо кирешелүүлүгү

| | 2004 | | 2005 | |
|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү | Кирешелүүлүгү | Сатуу көлөмү | Кирешелүүлүгү |
| | *млн. сом* | *пайыз* | *млн. сом* | *пайыз* |
| **Бардыгы** | **1 217,6** | **8,7** | **1 395,1** | **6,3** |
| анын ичинде: | | | | |
| Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ | 98,2 | 5,0 | 78,8 | 4,4 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 6 ай ай болгон МКВ | 337,2 | 6,5 | 324,9 | 5,2 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ | 782,3 | 10,3 | 849,4 | 6,3 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 18 ай болгон МКВ | | | 99,0 | 9,7 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 24 ай болгон МКВ | | | 43,0 | 15,6 |

векселдердин ар кандай түрлөрүнүн кирешелүүлүк деңгээлдеринин ортосунда спрэддин кыскарышы катталган. Чендердин жалпы деңгээлинин төмөндөшү Экономика жана каржы министирлигине МКВнын эмиссиясынын жылдык көлөмүн 1395,1 млн. сомго чейин же 2004-жылдагыга салыштырганда 14,6 пайызга көбөйтүүгө мүмкүндүк берген. Мында сатуунун түзүмүндө орто мөөнөттүү (12, 18, 24 айлык) МКВнын үлүшү басымдуу болуу менен 2004-жылдагыга салыштырганда 6,9 пайыздык пунктка өсүү менен 71,1 пайызга чейинкини түздү.

***1.4.3.1.2- график***

2005-жылда МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк




Коммерциялык банктар мурдагыдай эле МКВнын негизги кармап туруучуларынан болушкан. Жыл ичинде алардын МКВ портфели 30,1 пайызга өсүп, отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча 1128,8 млн. сомду же жүгүртүүдөгү МКВлардын жалпы көлөмүнүн 97,5 пайызын түзгөн. МКВга ээлик кылган банктардын саны өзгөрбөстөн, мурдагыдай эле, 16 бойдон калды. Банктардын көпчүлүгүндө МКВ портфели көбөйдү, бирок жалпы банктык портфелдин концентрациялануусу жогору бойдон калууда (жылдын акырына карата концентрациялануу индекси 0,28ге барабар болгон, бул рыноктогу бирдей үлүшкө ээ 4 катышуучуга туура келет). Жеке адамдардын жана юридикалык жактардын – резиденттердин менчигинде болгон МКВнын көлөмү отчеттук жылда азайды, ал эми кармап туруучулардын түзүмүндөгү алардын үлүшү төмөндөп, 1,2 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда резидент эместердин портфелиндеги МКВнын көлөмү отчеттук жылда көбөйдү, бирок алардын салыштырмалуу сал-

магы бир аз бойдон калуу менен жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү МКВлардын жалпы көлөмүндө 0,1 пайызды түзгөн.

Экинчилик рынокто мамлекеттик казына векселдери негизинен РЕПО шарттарында бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруу учурунда пайдаланылган. Банктар аралык РЕПО операцияларынын көлөмү 2004-жылдагыга салыштырганда 1,6 эсеге көбөйүү менен 5035,6 млн. сомду түзгөн. Ошол эле учурда, коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн толуктоо максатында, Улуттук банк менен жүзөгө ашырылган тике РЕПО операцияларынын көлөмү 17,0 млн. сомго чейин кыскарган (2004-жылы 432,7 млн. сом). Төлөөгө чейинки МКВны сатуу/сатып алуу боюнча операциялар өтө эле сейрек ишке ашырылган: бүтүндөй жыл ичинде банктар менен алардын кардарларынын ортосунда болгону үч бүтүмгө келишилген, мындай бүтүмдөрдүн көлөмү 2004-жылдагыга салыштырганда 3,4 эсеге кыскаруу менен 10,5 млн. сомду түзгөн.

### 1.4.3.2. Улуттук банктын ноталары

2005-жылы Улуттук банк эсептик чендерди аныктоо максатында, өзүнүн 28 күндүк ноталарын жүгүртүүгө чыгарган, бул чендин мааниси ушул баалуу кагаздардын кирешелүүлүгүнө байланыштырылган. Ноталардын эмиссиясы Улуттук банк тарабынан ар апта сайын өткөрүлүүчү аукциондордо жүзөгө ашырылган.

Отчеттук жылда ноталар рыногу суроо-талаптын өсүшү, концентрациялануунун төмөндөшү, ошондой эле пайыздык чендердин өзгөрүлмөлүүлүгүнүн жана деңгээлинин кыскарышы менен мүнөздөлгөн. Алсак, 2005-жылы аукциондордун катышуучулары тарабынан берилген билдирмелердин жалпы көлөмү жарыя кылынган эмиссиянын

***1.4.3.2.1-график***

2005-жылда Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу



көлөмүнөн 2,2 эсеге арткан (2004-жылы бул көрсөткүч үчтөн бирге төмөн болгон). Өткөрүлгөн аукциондордун саны 26дан 36га чейин өскөн, ошондой эле аукциондордун катышуучуларынын саны да көбөйгөн. Ноталардын биринчилик рыногунун чөйрөсүн кеңейтүүгө жана өнүктүрүүгө банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн жогору деңгээлде болушу, ошондой эле Улуттук банк тарабынан көрүлгөн тиешелүү чаралар түрткү берген.

Кароого алынып жаткан жылы ноталардын биринчилик рыногундагы кырдаал МКВ рыногундагыдай эле өнүгүүгө ээ болду. 2005-жылдын баш жагында суроо-талаптын олуттуу артышы байкалган, ушундан улам банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде болушу ошол эле акча рыногунун башка сегменттеринде пайыздык чендердин төмөндөшү менен шартталган жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгүнүн төмөндөшү жүргөн. Натыйжада бирдин айынын акырына карата ноталардын кирешелүүлүгү эң төмөнкү деңгээлге – 3,2 пайызга жеткен. Бирок, жаз-жай айларында ноталар рыногунда банктардын жигердүүлүгү банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн төмөндөшүнө байланыштуу басаңдаган. Бул мезгилде рынокто ноталардын кирешелүүлүгүнүн өсүү тенденциясы үстөмдүк кылып, анын деңгээли теке айында 4,9 пайызга жеткен. Ошону менен бирдикте, бугу айынан тартып баш оона айына чейинки мезгилде жарыяланган аукциондордун олуттуу бөлүгү катышуучулардын санынын жетишсиздигинен улам, өткөрүлбөй калган.

Күз айларында коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгү жогорулаган, ошондой болсо да, ноталар рыногунда атаандаштык төмөнкү деңгээлде калган, анткени банктар өз каражаттарын жүгүртүү мөөнөтү кыйла узак убакытка каралган инструменттерге инвестициялоого ык коюшкан. Ушуга байланыштуу, ноталардын кирешелүүлүгү аяк оона айында жана тогуздун айында 4,8 – 4,9 пайыз деңгээлинде сакталып калган, ал эми жетинин айында анын деңгээли 5,3 пайызга чейин жогорулаган. Жылдын акырында банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн олуттуу өсүшү чегинде ноталардын биринчилик рыногунда банктардын жигердүүлүгүнүн олуттуу жогорулоосу байкалуу менен ал ноталардын кирешелүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келип, анын деңгээли жылдын акырына карата 4,1 пайызды түзгөн.

Ноталардын жылдык орточо кирешелүүлүгү 2005-жылы 4,4 пайызды түзүп, 2004-жылга салыштырмалуу 0,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Мында, аукциондордогу сатуунун жалпы көлөмү 10,4 пайызга кыскаруу менен 146,5 млн. сомду түзгөн.

2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын

көлөмү 16 млн. сомду түзгөн. Ноталардын бүтүндөй көлөмү коммерциялык банктардын портфелинде турган.

### 1.4.3.3. Мамлекеттик башка баалуу кагаздар

2005-жылы жүгүртүүдө турган мамлекеттик башка баалуу кагаздардын эмитенти болуп Экономика жана каржы министрлиги саналат. Мамлекеттик казына милдеттенмелери (МКМ) 1995-жылдан тартып, коммерциялык банктардын, банктык эмес мекемелердин жана Улуттук банктын алдындагы карыздарды кайра тариздетүү үчүн сериялар менен чыгарылып келген. Учурда, Улуттук банк бул кагаздарга негизги ээлик кылуучу болуп саналат. МКМнын 90 пайызынан көбүрөөгү анын портфелинде турат. 2005-жылы банктык эмес мекемелердин алдындагы карызды кайра тариздөөнүн алкагында, Экономика жана каржы министрлиги 54,0 млн. сом суммасында МКМны кошумча эмитирлеген, жыл ичинде алардын орду толугу менен жабылган. Мындан тышкары, Экономика жана каржы министрлиги 1997-жана 2004-жылдары чыгарылган казына милдеттенмелери боюнча 36,5 млн. сом суммасындагы карызды төлөп, ушул баалуу кагаздар боюнча өз милдеттенмелерин толук аткарууга жетишти. Экономика жана каржы министрлиги жүргүзгөн операциялардын натыйжасында жүгүртүүдөгү МКМнын көлөмү 2005-жыл ичинде 2,5 пайызга кыскаруу менен 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата 1448,8 млн. сомду түзгөн.

Мамлекеттик баалуу кагаздар (жөнгө салуу) (МБК(ж)) 2002-жылдын бештин айында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банктын алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында чыгарылган. Ушул баалуу кагаздардын топтомуна жүгүртүү мөөнөтү бир жылга чейинки мамлекеттик казына векселдери (жөнгө салуунун) (МКВ(ж)) жана жүгүртүү мөөнөтү узагыраак – 3 жылдан ашык болгон мамлекеттик казына милдеттенмелери (жөнгө салуунун) (МКМ(ж)) кирет. МБК(ж)нын толук топтому Улуттук банктын портфелинде турат жана ал тарабынан кайтарым РЕПО операцияларын жүргүзүүдө пайдаланылат. Жыл ичинде МКВ(ж)нын көлөмү өзгөрбөстөн калып, 550,0 млн. сомду түзгөн. Ошол эле учурда, МКМ(ж)нын бир бөлүгү төлөндү, мунун натыйжасында алардын көлөмү 7,2 пайызга төмөндөп, 2596,6 млн. сомго чейин жеткен. Ошентип, бүтүндөй алганда 2005-жылы Экономика жана каржы министрлигинин берече карыздарынын жалпы калдыгы 6,0 пайызга азайып, 3146,6 млн. сомду түзгөн.

Которулмалуу векселдер жүгүртүү мөөнөтү 7 жыл болгон узак мөөнөттүү баалуу кагаздар болуп саналат. Экономика жана каржы министрлиги баалуу кагаздардын бул түрүн банкрот болгон финансы мекемелеринин аманатчыларынын алдында карызды кайра тариздөөгө бай-

ланыштуу 2004-жылы чыгара баштаган. Отчеттук жылдын баш жагында алардын жүгүртүүдөгү көлөмү 10,8 млн. сомду түзгөн. Отчеттук жылда Экономика жана каржы министрлиги 183, 4 млн. сом суммасына векселдердин жаңы топтомун чыгарган. Бирок, 2005-жылы бардык ошол векселдердин ордун толук жабууга жетишилген. Натыйжада, 2005-жылдын акырына карата Экономика жана каржы министрлигинин которулмалуу векселдер боюнча карызынын калдыгы 29,5 млн. сомду түзгөн.

### 1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

2005-жылы депозиттер жана кредиттер рыногунун өсүү тенденциясы сакталып калган[1]. Жыл ичинде банк тутумунун депозиттеринин[2] көлөмү жыл башындагы деңгээлден 56,6 пайызга артуу менен 13,3 млрд. сомго чейин, ал эми кредиттик портфель[3] – 8,4 млрд. сомго чейин же 29,0 пайызга көбөйгөн. Мында лицензиялары кайтарылып алынган банктардагы депозиттердин жана кредиттердин калдыктары алардын эсептен алынып салынышына жана төлөнүшүнө, ошондой эле банкрот болгон[4] банктардын аманатчылардын алдындагы карыздарын мамлекеттик баалуу кагаздарга – которулмалуу векселдерге кайра тариздөөгө байланыштуу отчеттук жылда бир азга кыскарган. Натыйжада, бул банктардагы депозиттердин банк тутумундагы депозиттик базанын жалпы көлөмүндөгү үлүшү жыл ичинде 3,2 пайыздан 1,7 пайызга, ал эми кредиттик портфелде – 11,3 пайыздан 8,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын жана кредит портфелинин кеңейүүсү төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн: депозиттик базанын ИДПга карата катышы отчеттук мезгил ичинде 4,3 пайыздык пунктка өсүү менен, 13,3 пайызды түзгөн, ал эми кредиттик карыздардын ИДПга карата катышы 1,5 пайыздык пунктка жогорулоо менен 8,4 пайызга жеткен. Ошол эле учурда, кредиттик портфелдин депозиттик базага карата катышы 77,2 пайыздан 63,6 пайызга чейин төмөндөгөн.

Иштеп жаткан коммерциялык банктарда депозиттик базанын өсүш арымы 59,1 пайызды түзүү менен жылдын акырына карата анын көлөмү 13,1 млрд. сомго жеткен. Республикадагы ички саясый жагдайдын курчушуна карабастан, банк тутумуна карата ишеним сакталып калган, муну нак акчанын көлөмүнө карата улуттук валютадагы

---

[1] Коммерциялык банктардын жана Эсептешүү-Сактык компаниясынын регулятивдик отчетторунун маалыматтары боюнча.
[2] Өкмөттүн жана финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.
[3] Дисконтту – кредиттин баланстык наркын корректировкалоо. Ал берилген кредиттин номиналдык суммасы менен анын адилет наркынын ортосундагы айырманы түшүндүрөт.
[4] «Меркюри», «Курулуш» жана «Инсан» банктары.

***1.4.4.1-график.***
Иштеп жаткан коммерциялык банктардагы депозиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




***1.4.4.2-график***
Жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




депозиттердин катышынын 22,1ден 27,1 пайызга чейин өсүшү тастыктап турат. Ошол эле учурда четөлкө валютасындагы депозиттердин өсүш арымы 2004-жылдагыга салыштырганда бир катар кыскарууга дуушар болсо да, сом түрүндөгү депозиттердин өсүшүнөн озуп турган. Натыйжада, жыл ичинде депозиттик базаны «долларлаштыруунун» деңгээли 70,0 пайыздан 72,9 пайызга чейин көбөйгөн.

Иштеп жаткан банктардын депозиттик базасынын өзөгүн, мурдагыдай эле, юридикалык жактардын депозиттери түзөт, алардын жыл ичиндеги көлөмү дээрлик 70,0 пайызга көбөйүү менен 10,4 млрд. сомго жеткен. Калктын салымдары да отчеттук мезгилде көбөйгөн, бирок, алардын өсүш арымы 2004-жылдагыга салыштырганда 45,6 пайыздан 28,0 пайызга чейин кыскарган, бул март айындагы жагдайлардан улам депозиттердин агылып чыгуусу менен байланыштуу болгон. Жыл ичинде калайык калктын аманаттарынын кармап туруучулар түзүмүндөгү үлүшү 20,4 пайызга чейин же 5,0 пайыздык пунктка кыскаруу менен 2,7 млрд. сомду түзгөн.

Депозиттик базанын мезгил аралыгы боюнча түзүмүндө, төлөө мөөнөтү бир ай жана 3 жылдан ашкан депозиттерди эске албаганда, мөөнөттүүлүктүн бардык категориялары боюнча калдыктын көбөйүшү катталган. Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча эң эле олуттуу өсүш байкалган, мунун натыйжасында мезгил аралыгы боюнча түзүмдөгү алардын үлүшү 75,9 пайызга чейин жогорулаган (жыл башында 71,5 пайыз), бул депозиттик базанын дюрациясын 3 айга чейин төмөндөөсүнө алып келип, 0,8 айга чейин төмөндөөсүнө кыскарткан.

Депозиттердин өсүшү көпчүлүк коммерциялык банктарда байкалган, бирок, жыл ичинде депозиттик базанын концентрациялануусу алгылыктуу болуп жатса да, бир азга жогорулаган. Алсак, депозиттердин концентарциялануусунун индекси 0,11ден 0,13кө чейин өскөн, бул рыноктун катышуучуларынын санын 9дан 8ге чейин бирдей үлүш менен кыскаруусуна барабар. Мында, депозиттердин ар кандай категориясы концентарциялануунун ар кандай деңгээлдери менен мүнөздөлө тургандыгын белгилеп кетүү зарыл. Мисалы, калктын аманаттары банктар арасында кыйла бирдей бөлүштүрүлгөн, ошол эле учурда юридикалык жактардын четөлкө валютасындагы депозиттери үчүн жогорку концентрациялануу мүнөздүү.

Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин жалпы көлөмү[1], 2004-жылдагыга салыштырганда, 23,2 пайызга көбөйгөн. Депозиттердин негизги бөлүгү (73 пайызга жакыны) жеке адамдардын – резидент эместердин валюта

[1] Жаңыдан тартылган депозиттердин көлөмүндө юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү эсебине келип түшкөн каражаттар эске алынбайт.

түрүндөгү утурумдук эсептерин тейлөөгө алган бир банкка түшкөн. Бул банкты эске албаганда, тартылган каражаттардын көлөмү 33,7 млрд. сомду түзгөн, бул 2004-жылдагыга салыштырганда 22,7 пайызга көп. Анын ичинде четөлкө валютасындагы депозиттердин агымы 19,6 пайызга көбөйүү менен 25,8 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо жылдык чен өзгөргөн эмес жана 2,0 пайызды түзгөн, ал эми четөлкө валютасындагы депозиттер боюнча ал 0,3 пайыздан 0,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Анын ичинде улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча чен, эң башкысы, депозиттердин мөөнөт боюнча агымынын түзүмүнүн өзгөрүүсүнө байланыштуу 8,5 пайыздан 8,2 пайызга, ал эми четөлкө валютасында 5,6 пайыздан 5,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

Отчеттук жылы коммерциялык банктар экономиканын ар кандай секторун жигердүү кредиттөөнү улантышкан, ошону менен катар эле мында кредиттик карыздын өсүшү 2004-жылдагыга салыштырганда байкаларлык төмөндөгөн. Жыл ичинде иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфели 32,8 пайызга көбөйүү менен бештин айынын акырына карата 7,7 млрд. сомду түзгөн. Мында, улуттук валютадагы кредиттер 28,0 пайызга өсүү менен, 2,2 млрд. сомго чейин жеткен, ал эми четөлкө валютасындагы кредиттер - 5,5 млрд. сомду же жалпы көлөмдө 71,4 пайызды түзүү менен – 34,9 пайызга өскөн.

Кредит портфелинин өсүшү көпчүлүк банктар боюнча катталган, мында кредиттердин концентрациялануусунун бир азга төмөндөөсү байкалган. Бештин айынын акырына карата банктардагы кредиттердин концентрациялануу индекси 0,10ду түзүү менен, бул рыноктун 10 катышуучусунун ортосундагы бөлүштүрүлүшүнө туура келет жана концентрациялануунун алгылыктуу экендигин айгинелейт. Мында, айрым тармактарда концентрациялануу индекси жалпы деңгээлден кыйла жогору, ал эми көпчүлүк банктардын кредиттик карызы, мурдагыдай эле, эки тармактын ортосунда бөлүштүрүлгөн, бул рыноктун тармактык белги боюнча сегменттелиши жөнүндө айгинелеп турат. Соодага кредиттер рыногу эң аз концентрацияланган, мында концентрациялануу индекси 0,11ди түзөт, бул рынокту 9 кредитордун ортосунда бирдей үлүштө бөлүүгө барабар.

2005-жылы кредиттөө чөйрөсүндөгү алгылыктуу өзгөрүүлөр катары бир жылдан ашкан мөөнөткө, анын үстүнө дээрлик бардык тармактарда кредиттердин өсүшүн чегерүүгө болот. Жыл ичинде мындай кредиттердин үлүшү 34,9 пайызга чейин же 7,5 пайыздык пунктка көбөйгөн. Мында, кредит портфелинин дюрациясы[1] жылдын башталышындагы 14,8 айдан 16,3 айга чейин өскөн.

[1] Төлөөгө чейинки орточо салмактанып алынган мөөнөт

***1.4.4.3-график.***
Жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




***1.4.4.4-график***
Иштеп жаткан коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттердин көлөмү



***1.4.4.5-график***

Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли




2005-жылы жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 10,6 млрд. сомду түзгөн, бул 2004-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн төрттөн бирге артат. Анын ичинде улуттук валютадагы кредиттердин агымы 3,0 млрд. сомго жетүү менен 18,2 пайызга, ал эми четөлкө валютасындагы жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 7,6 млрд. сомду түзүү менен – 29,3 пайызга көбөйгөн. Коммерциялык банктар каражаттарынын кыйла көлөмүн сооданы өнүктүрүүгө жумшашкан, бирок бул кредиттердин үлүшү 2004-жылдагыга салыштырганда 5,5 пайыздык пунктка кыскаруу менен кредиттердин жалпы агымынын 43,7 пайызын түзгөн. Ошол эле учурда курулушка жана туракжайларды сатып алууга кредиттердин салыштырмалуу салмагы тиешелүүлүгүнө жараша, 8,2 жана 4,6 пайызга чейин олуттуу өскөн. Мындан тышкары, 2005-жылы үйчарбасын кредиттөөнүн көлөмүнүн көбөйүүсү катталган, алардын үлүшүнө бардык берилген кредиттердин 8,4 пайызы, айылчарбасына (1,5 пайыз) жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө (0,4 пайыз) туура келген. Өнөржайын, транспортту, байланышты, даярдоону жана кайра иштетүүнү өнүктүрүүгө жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 2005-жылы кыскарган. Ошону менен бирге эле, башка тармактарды кредиттөө көбөйгөн, алардын кредиттердин жалпы көлөмүндөгү үлүшү 18,3 пайызды түзгөн.

Улуттук валютадагы кредиттер боюнча пайыздык чендердин жылдык орточо деңгээли отчеттук мезгил ичинде 0,9 пайыздык пунктка жогорулоо менен 25,4 пайызды түзгөн. Чендердин өсүшү соодага кредиттердин наркынын жогорулашына байланыштуу жүргөн. Ошол эле учурда, бардык калган тармактар боюнча пайыздык чендердин деңгээли төмөндөгөн. Четөлкө валютасындагы кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли 2,1 пайыздык пунктка азаюу менен 16,8 пайызга чейинкини түзгөн. Курулушка жана башка тармактарга кредиттер боюнча эң эле олуттуу төмөндөө байкалган (тиешелүүлүгүнө жараша 5,4 жана 5,6 пайыздык пункт). Четөлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин деңгээлинин төмөндөөсү дээрлик бардык тармактар жана мөөнөттүүлүк категориялары боюнча катталган.

Улуттук валютадагы кредит портфелинин наркы жыл ичинде 0,8 пайыздык пунктка көбөйүү менен 24,9 пайызга чейинкини түзгөн, ал эми четөлкө валютасында - 18,0 пайыздан 18,7 пайызга чейин көбөйгөн. Бул жерде, жаңы валюталык кредиттер боюнча чендердин деңгээлинин төмөндөөсүнүн алкагында четөлкө валютасындагы кредит портфелинин наркынын жогорулашы, банктар алар боюнча пайыздык чендерди жогорулаткан мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин үлүшүнүн өсүшү менен түшүндүрүлө тургандыгын белгилеп кетүү зарыл. Кредит

портфелинин наркынын жогорулоосу депозиттик-кредиттик операциялар боюнча маржанын көбөйүүсүнө алып келген: улуттук валютада анын мааниси 20,5тен 20,8 пайыздык пунктка, ал эми четөлкө валютасында 15,9дан 17,0 пайыздык пунктка чейин көбөйгөн.

Экономиканы кредиттөөнүн көлөмүнүн өсүшү 2005-жылы банктар тарабынан гана эмес, Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер боюнча да байкалган. Ушул уюмдардын чогуу алгандагы кредит портфели жыл ичинде 41,5 пайызга көбөйүү менен 2006-жылдын үчтүн айынын бирине карата 3922,2 млн. сомду түзгөн. Мында, банктык эмес ири финансы-кредиттик мекемелер (Кыргыз айылчарба финансы корпорациясы, Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы) тарабынан берилген жаңы кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли 2004-жылдагыга салыштырганда 0,7 пайыздык пунктка төмөндөө менен 16,2 пайызга чейинкини түзгөн, ал эми жыл ичинде алардын кредит портфелинин наркы 17,0 пайыздан 15,9 пайызга чейин кыскарган.

# II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2005-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# 2-ГЛАВА

# АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ

## 2.1. Акчакредит саясатынын максаттары жана натыйжалары

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык тиешелүү акчакредит саясатын жүргүзүү аркылуу баанын туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын ишинин максаты болуп саналат. Инфляциянын максаттуу көрсөткүчү катары керектөө бааларынын индекси (КБИ) пайдаланылат, анын өсүш арымы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жылга акчакредит саясаты жөнүндө Билдирүүсүндө реалдуу ИДПны 5,0 пайызга көбөйтүү шартында 4,0 пайыздан ашпаган деңгээлде аныкталган (2005-жылдын бештин айы 2004-жылдын бештин айына карата).

2005-жылдын үчтүн - аяк оона айларында экономикада өсүш арымы нөлгө барабар болгондуктан, 2005-жылга инфляциянын максаттуу деңгээли 4,7 пайыз маанисине чейин кайрадан каралган. Иш жүзүндө жылдын жыйынтыгы боюнча ИДПнын төмөндөөсү жүргөн, демек инфляция деңгээли жылдык белгиленген максаттуу көрсөткүчтөн бир аз ашуу менен 4,9 пайызды түзгөн.

Баанын динамикасы 2005-жылы олуттуу деңгээлде жашылча-жемиштен аз түшүм алынышынан улам, азыктүлүк товарларына баанын жогорулooосу менен

***2.1.1-график***

Банктардан тышкаркы акчалардын, алмашуу курсунун жана КБИнин өсүш арымдары (бир мезгилдин акырына карата)
(жылдык мааниде алганда)



аныкталган. Мөмө-жемиш тобун эске албаганда, КБИнин өсүш арымы 3,6 пайызды түзгөн (2004-жылы 3,5 пайыз). Инфляция деңгээлинин жогорулоосу ошондой эле, 2005-жылдын 4-чейрегинде күйүүчү-майлоочу материалдарга баанын кескин өсүшү менен да шартталган.

Экономиканын андан ары ремонетизацияланышы менен шартталган номиналдык түрдөгү акча топтомунун жетишээрлик жогорку өсүш арымда болгондугуна карабастан, инфляция отчеттук жылда монетардык эмес мүнөзүн артыкчылыктуу сактап турган. Натыйжада, 2005-жылы акча жүгүртүлүшүнүн тездиги кыскаруусун улантып, мында нак акчага салыштырганда акча массасынын депозиттик түзүүчүлөрүнүн озгон арымда өсүшү тенденциясы орун алган. Ошондой болсо да, ишкердик жигердүүлүктүн басаңдоосун эске алуу менен акчакредит саясаты бир аз солгундаган мүнөздө болуу менен акча топтомдорунун өсүш арымы реалдуу алганда 2004-жылдагыга караганда төмөн болгон.

Акча топтомдорунун ичинен M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы эң чоң арымда көбөйгөн. 2005-жылы анын өсүш арымы 25.5 пайызды[1] түзгөн, ал эми M2 акча массасы 17,6 пайызга өскөн. Бир аз көбөйүү M0 акча топтому – банктардан тышкаркы нак акчалар боюнча байкалган, анын өсүш арымы 17,5 пайызды түзүү

***2.1.1-таблица***

Акча базасын түптөө булактары (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом, бир АКШ доллары үчүн 42 сом туруктуу алмашуу курсу боюнча)*

| | 2004-жыл | 2005-жыл | Өсүш арымы, *пайыздарда* | M2Xке таасир, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|---|
| Накта четөлкө активдери | 14 626,7 | 17 588,9 | 20,3 | 23,9 |
| Накта эларалык камдар | 13 798,6 | 17 476,8 | 26,7 | 29,7 |
| Башка тышкы активдер | 879,6 | 163,6 | -81,4 | -5,8 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсеп-лөр | -51,4 | -51,4 | 0,0 | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 356,8 | -2 352,9 | -0,2 | 0,0 |
| Накта ички активдер | 110,2 | 230,2 | 108,9 | 1,0 |
| Накта ички кредит | 834,3 | 1 489,5 | 78,5 | 5,3 |
| КР Өкмөтүнө карата талаптар | 420,5 | 1 188,5 | 182,6 | 6,2 |
| РЕПО операциялары | 40,0 | -50,0 | -225,0 | -0,7 |
| Банктарга талаптар | 373,8 | 351,0 | -6,1 | -0,2 |
| Башка статьялар | -724,1 | -1 259,3 | 73,9 | -4,3 |
| **Акча базасы** | **12 380,1** | **15 466,2** | **24,9** | **24,9** |
| Жүгүртүүдөгү акча | 11 425,1 | 13 413,8 | 17,4 | 16,1 |
| Комбанктардын камдары | 955,1 | 2 052,4 | 114,9 | 8,9 |

[1] Акча массасынын түзүмүндөгү резидент эместердин депозиттерин эске албаганда 42 сом/АКШ CIF доллары туруктуу алмашуу курсу боюнча.

менен 2004-жылдагыга караганда 2,0 пайыздык пунктка төмөн болгон. Бул акча активдерине карата транзакциялык суроо-талаптын басаңдоосун далилдейт. Ошентип, 2005-жылы Улуттук банк акчага карата суроо-талапка жана негизинен монетардык эмес факторлор менен шартталган инфляция деңгээлине ылайык акча сунушун жөнгө салууну жүзөгө ашырган.

Акча базасы жыл ичинде 24,9 пайызга көбөйүү менен 2005-жылдын акырына карата абал боюнча 15466,2 млн. сомду түзгөн. Улуттук банктын операциялары аны 2650,3 млн. сомго чейин көбөйткөн, бул эң башкысы четөлкө валюталарынын агылып кирүүсүнүн өсүшүнүн натыйжасында банктар аралык валюта рыногундагы операцияларга байланыштуу болгон. Ошондуктан, Улуттук банк валюта рыногундагы кескин өзгөрүүлөрдү жөнгө салуу максатында четөлкө валюталарын сатып алуу боюнча операцияларды жүзөгө ашырууга айрыкча басым жасаган. Отчеттук жыл ичинде накта сатып алуунун көлөмү 71,3 млн. АКШ долларын түзгөн, Өкмөттүн бюджеттик операцияларынын эсебинен акча базасы 435,6 млн. сомго өскөн. Акча базасынын көбөйүүсүнө накта четөлкө активдеринин салымы 23,9 пайыздык пункту түзгөн, ал эми накта ички активдердин үлүшү – 1,0 пайыздык пункт.

Акча базасынын 2005-жылдын акырына карата түзүмүндө жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшүнүн төмөндөшү белгиленген (2004-жылдын акырына карата алынган 92,3 пайыздын ордуна 86,7 пайыз), демек коммерциялык банктардын камдарынын үлүшү көбөйгөн (7,7 пайыздын ордуна 13,3 пайыз).

Отчеттук мезгилдин акырына карата М2 акча массасы 15959,3 млн. сомду түзгөн, 2005-жыл ичинде көбөйүү 17,6 пайызды көрсөткөн (2004-жылы – 22,4 пайыз). М2 акча массасынын түзүмүндө улуттук валютадагы депозиттер озгон арымда көбөйгөн, мында которулмалуу жана башка депозиттердин өсүшү 2004-жылдагыга салыштырганда түп-тамырынан өзгөрүү менен тиешелүүлүгүнө жараша, 10,2 жана 39,6 пайызды түзгөн (2004-жылы тиешелүүлүгүнө жараша, 47,2 жана 18,6 пайыз).

М2Х акча массасынын көлөмү 2005-жылы 25,5 пайызга көбөйүү менен 21401,9 млн. сомду түзгөн. Акча базасынын өзгөрүүсү учурундагыдай эле, 2005-жылы кеңири мааниде колдонулуучу акчанын өсүшү негизги таасирди Улуттук банктын накта эларалык камдарынын көбөйүүсү менен шартталган. Четөлкө валюталарын сатып алуу Улуттук банктын эларалык камдарын толуктоонун маанилүү булагы болуп калган, бул накта эларалык камдарды толуктоо булактарынын жалпы көлөмүндө ички рыноктун ролунун өсүп бара жаткандыгын далилдейт. Бир эле учурда, эң башкысы Кредиторлордун Париж клубу менен түзүлгөн келишимдердин алкагында тышкы карыз-

ды реструктуризациялоого байланыштуу тышкы факторлордун таасири кыскарган. Бул жерде ошондой эле, банк тутумунун накта ички активдеринин курамында көлөмү жыл ичинде 32,0 пайызга өскөн экономикага кредиттердин көбөйүүсүн да белгилеп кетүү зарыл.

**2.1.2-таблица**
М2Х акча массасын түптөө булактары (бир мезгилдин акырына карата)[1]
*(млн. сом, бир АКШ доллары үчүн 42 сом туруктуу алмашуу курсу боюнча)*

| | 2004-жыл | 2005-жыл | Өсүш арымы, *пайыздарда* | М2Хке таасир, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|---|
| Нак четөлкө активдери | 16 709,6 | 19 585,1 | 17,2 | 16,9 |
| Узакмөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 356,8 | -2 352,9 | -0,2 | 0,0 |
| Нак ички активдер | 2 698,8 | 4 169,7 | 54,5 | 8,6 |
| Өкмөткө накта талаптар | 1 131,4 | 1 405,5 | 24,2 | 1,6 |
| Экономикага кредит | 6 067,6 | 8 010,1 | 32,0 | 11,4 |
| Улуттук валютада кредит | 1 836,3 | 2 197,2 | 19,7 | 2,1 |
| Четөлкө валютада кредит | 4 231,3 | 5 812,9 | 37,4 | 9,3 |
| Башка статьялар | -4 500,1 | -5 246,0 | 16,6 | -4,4 |
| **Акча массасы (М2Х)** | **17 051,7** | **21 401,9** | **25,5** | **25,5** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 11 124,0 | 13 065,4 | 17,5 | 11,4 |
| Депозиттер | 5 927,7 | 8 336,5 | 40,6 | 14,1 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 2 444,5 | 2 893,9 | 18,4 | 2,6 |
| Четөлкө валютасындагы депозиттер | 3 483,2 | 5 442,5 | 56,3 | 11,5 |

2005-жылдын акырына карата М2Х түзүмү төмөнкүдөй өзгөрүүлөргө дуушар болгон:

- банктардан тышкаркы акчанын үлүшү 61,0 пайызды түзгөн (2004-жылдын акырына карата 65,2 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 13,5 пайызды түзгөн (2004-жылдын акырына карата 14,3 пайыз);
- четөлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 25,4 пайызды түзгөн (2004-жылдын акырына карата 20,4 пайыз).

Экономиканы монетизациялоо (жылдын акырына карата М2Х ИДПга карата катышы) 2004-жылдагыга салыштырганда 3,4 пайыздык пунктка өсүү менен ИДПга карата 21,4 пайызды түзгөн.

[1] 2005-жылдын тогуздун айынын биринен тартып акчакредит жана финансылык статистика боюнча колдонмого ылайык коммерциялык банктардын жана банк тутумунун аналитикалык балансында резидент эместердин депозиттери жана кредиттери резидент эместерге карата милдеттенмелер жана талаптар караты чагылдырылган жана кеңири мааниде колдонулуучу акчанын курамында камтылбайт.

## 2.2. Акчакредит саясатынын каражаттары

Банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээли жана республикага четөлкө валюталарынын олуттуу агылып кирүүсү Улуттук банктын отчеттук жылдагы операцияларынын көлөмүнө жана түзүмүнө таасирин тийгизген негизги факторлордон болгон. Ушуга байланыштуу, Улуттук банк коммерциялык банктарга ликвиддүүлүктү сунуштоо боюнча операцияларынын көлөмүн кыскартып, валюталык интервенцияларынын көлөмүн көбөйткөн. Улуттук банктын 2005-жылдагы операцияларынын жалпы көлөмү 7,0 млрд. сомго жакынды түзүү менен 2004-жылдагыга салыштырганда 41,3 пайызга кыскарган. Алып көрсөк, кайра каржылоо боюнча операциялардын үлүшү ("овернайт" кредиттерин берүү аркылуу) 2004-жылдагыга салыштырганда Улуттук банктын операцияларынын жалпы көлөмүндө 75,1ден 37,7 пайызга чейин кыскарган. Тике РЕПО операцияларынын ошондой эле Улуттук банк тарабынан банк тутумуна кошумча ликвиддүүлүктү кыска мөөнөттүү багыттоо үчүн пайдаланылган валюталык СВОП операциялары байкаларлык төмөндөгөн. Ушул операциялардын салыштырмалуу салмагы 0,2 жана 0,9 пайызды түзүү менен тиешелүүлүгүнө жараша, 3,4 жана 0,9 пайыздык пунктка азайган. Ошол эле учурда, валюталык интервенциялардын үлүшү 15,8ден 56,0 пайызга чейин өскөн. Мында негизги көлөмүн (87,4 пайызын) АКШ долларын сатып алуу боюнча оперциялар түзгөн.

### 2.2.1. Ачык рыноктогу операциялар

Ачык рынокто операцияларды жүргүзүү банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу үчүн каралган жана акчакредит саясатынын максаттарына ылайык, ошондой эле финансы рыногунда жагдайдын калыптанышына жараша жүзөгө ашырылат. 2005-жылы Улуттук банк ачык рынокто операция жүргүзүүнүн эки түрүн: тике жана кайтарым РЕПО операцияларын пайдаланган. Тике РЕПО операциялары (коммерциялык банктардан аларды кайтара сатуу шартында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу) кыска мөөнөткө ликвиддүүлүктү сунуштоо максатында колдонулган. Мына ушул бүтүмдөрдө Улуттук банк мамлекеттик казына векселдерин (МКВ) пайдаланган. Кайтарым РЕПО операциялары (коммерциялык банктарга белгилүү мөөнөткө мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу) ликвиддүүлүктү орто мөөнөттүк арылтуу максаттарында жүргүзүлгөн. Мына ушул бүтүмдөрдө Улут-

тук банк мамлекеттик (жөнгө салуучу) казына векселдерин - МКВ (ж) пайдаланган.

Коммерциялык банктарда 2005-жыл үчүн мүнөздүү болгон жана ликвидүүлүктүн туруктуу жана жетиштүү деңгээлде сакталып турушуна байланыштуу, Улуттук банк болгону бир гана тике РЕПО операциясын жүзөгө ашырган. Бул бүтүм банк тутумунан депозиттердин агылып чыгуусуна байланыштуу жалган куран айынын акырында жүргүзүлгөн. Ушул учурда Улуттук банк коммерциялык банктарды кайра каржылоо боюнча операцияларынын жигерин арттырган.

Банк тутумунан ликвиддүүлүктү алып салуу боюнча кайтарым РЕПО операцияларын Улуттук банк коммерциялык банктарда ликвиддүүлүктүн деңгээлинин олуттуу жогорулашы байкалган жылдын баш жагында жана акырында жүргүзгөн. Бул жерде, келишилген бүтүмдөрдүн ачык-айкындуулугун арттыруу жана рыноктук негизде акча ресурстарынын наркын рыноктук негизде аныктоо максатында, 2005-жылы кайтарым РЕПО операцияларын өткөрүүнүн тендердик механизми колдонууга киргизилгендигин белгилеп кетүү зарыл. РЕПО шарттарында МКВ(ж) жайгаштыруу боюнча беш тендер өткөрүлгөн. Кайтарым РЕПО операцияларынын көлөмү 2004-жылдагыга салыштырганда 22,4 пайызга кыскарган. Кайтарым РЕПО операцияларынын орточо алынган мөөнөттүүлүгү 71 күндөн 49 күнгө чейин азайган жана бул бүтүмдөрдүн орточо салмактанып алынган чени 3,5 пайызды түзгөн.

***2.2.1.1-таблица***

Улуттук банктын мамлекеттик баалуу кагаздар менен операциялары
*(миң сом)*

| | 1-ч. | 2-ч. | 3-ч. | 4-ч. | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2004-ж.** | **216 299,1** | **293 683,0** | **132 000,2** | **62 000,1** | **703 982,4** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике РЕПО операциялары | - | 238 682,8 | 132 000,2 | 62 000,1 | 432 683,0 |
| кайтарым РЕПО операциялары | 216 299,1 | 55 000,3 | - | - | 271 299,3 |
| **2005-ж.** | **117 000,4** | - | - | **110 500,9** | **227 501,3** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике РЕПО операциялары | 17 000,1 | - | - | - | 17 000,1 |
| кайтарым РЕПО операциялары | 100 000,4 | - | - | 110 500,9 | 210 501,2 |

### 2.2.2. Валюта рыногундагы операциялар

2005-жылы Улуттук банк ички банктар аралык рынокто четөлкө валюталарын сатып алуу/сатуу боюнча, алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүн теске салуу максатында жүзөгө ашырылган операциялардын көлөмүн олуттуу көбөйткөн. Мында, Улуттук банк жалган куран жана чын

куран айларында АКШ долларын сатуу боюнча операцияларды жүзөгө ашырууга айрыкча басым жасаган, анткени ушул мезгилде рынокто АКШ долларына карата суроо-талаптын артышына байланыштуу четөлкө валютасынын тартыштыгы келип чыккан. Улуттук банктын интервенциялары алмашуу курсунун турукташуусун камсыз кыла алган. Чын куран айынын акыркы күндөрү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунан четөлкө валюталарынын түшүүлөрүнүн өсүшүнө жана АКШ долларына карата суроо-талаптын кыскаруусуна байланыштуу алмашуу курсу төмөндөй баштаган. Ушул мезгилде Улуттук банк накталай эмес АКШ долларын сатып алууну жүзөгө ашырган.

***2.2.2.1-график***

Улуттук банктын 2005-жылда четөлкө валюталары менен жүргүзгөн операциялары




Бугу айынан баштап валюта тооруктарында АКШ доллларын сунуштоо валюталык депозиттердин, акчалай которуулар жана банктарды капитализациялоого каражаттардын агылып кирүүсүнө, ошондой эле экспорттон түшүүлөрдүн өсүшүнө байланыштуу жана башка операциялардан улам байкаларлык өсүшкө ээ болгон. Рынокто четөлкө валюталарын артыкча сунуштоо жылдын акырына чейин сакталып калган, ушуга байланыштуу Улуттук банк аларды сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзүүнү уланткан. Натыйжада, валюта тооруктарында алмашуу курсу бир аз гана өзгөрүүгө дуушар болгон жана ал эң башкысы коммерциялык банктардагы четөлкө валютасынын көлөмүнө жараша жүргөн. Мында, ички рыноктогу АКШ долларынын курсунун ыргагына дүйнөлүк рыноктордогу жагдайлар таасирин тийгизген эмес. 2004-жылга салыштырганда валюта тооруктарындагы алма-

шуу курсунун өзгөрүү чеги 2005-жылы олуттуу кыскаруу менен орточо жылдык өлчөмгө салыштырганда 2,9 пайызды түзгөн (2004-жылы бул көрсөткүч 8,6 пайызга барабар болгон).

Отчеттук жылы Улуттук банк 82,3 млн. АКШ долларын сатып алып, 12,0 млн. АКШ долларын саткан. Ошентип, накта сатып алуунун көлөмү 71,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, АКШ долларынын сомго карата эсептик курсу жыл ичинде 0,78 пайызга төмөндөө менен отчеттук жылдын акырында 41,3011 сом/АКШ долларын түзгөн.

Улуттук банк 2005-жылы валюталык интервенциялар менен катар эле улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү толуктоо максатында коммерциялык банктардан четөлкө валюталарын сатып алуу боюнча валюталык СВОП операцияларын жүргүзгөн. Отчеттук жылдан мурдагы жылга салыштырганда ушул операциялардын көлөмү 5,0 млн. АКШ долларынан 1,6 млн. АКШ долларына чейин кыскарган, бул банк тутумунда ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде болушу менен шартталган.

***2.2.2.1-таблица***

Улуттук банктын четөлкө валюталары менен жүргүзгөн операциялары
*(миң. АКШ доллары)*

| | 1-ч. | 2-ч. | 3-ч. | 4-ч. | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2004-ж.** | **3 000,0** | **7 980,0** | **11 393,0** | **27 260,0** | **49 633,0** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| Четөлкө валютасын сатып алуу | 1 400,0 | 5 090,0 | 8 240,0 | 27 190,0 | 41 920,0 |
| Четөлкө валютасын сатуу | 600,0 | 600,0 | 1 525,0 | 0,0 | 2 725,0 |
| Валюталык СВОП операциялары (сатып алуу) | 1 000,0 | 2 290,0 | 1 628,0 | 70,0 | 4 988,0 |
| **2005-ж.** | **8 680,0** | **17 590,0** | **26 175,0** | **44 340,0** | **96 785,0** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| Четөлкө валютасын сатып алуу | 1 260,0 | 11 460,0 | 26 175,0 | 44 340,0 | 83 235,0 |
| Четөлкө валютасын сатуу | 6 810,0 | 5 145,0 | - | - | 11 955,0 |
| Валюталык СВОП операциялары (сатып алуу) | 610,0 | 985,0 | - | - | 1 595,0 |

## 2.2.3. Банктарды кайра каржылоо

Камдык талаптарды аткаруу үчүн банктар тарабынан "овернайт" кредиттери пайдаланылат. Бирок, отчеттук жыл ичинде банк тутумунда ликвиддүүлүктүн деңгээли бир кыйла жогору жана туруктуу сакталып турушуна байланыштуу коммерциялык банктардын Улуттук банктын кредиттик ресурстарына суроо-талабы байкаларлык кыскарган: 2004-жылдагыга салыштырганда берилген "овернайт" кредиттеринин жалпы көлөмү 3,4 эсеге азайган (8,9 млрд. сомдон 2,6 млрд. сомго чейин). Кредиттин ушул түрүнө суроо-талаптын жогорулоосу банк тутумунда депозиттердин агылып чыгуусу байкалган жалган ку-

ран айынын акырында гана катталган. Бүтүндөй алганда 2005-жылы "овернайт" кредитинен 10 банк пайдаланган, бирок кредиттин негизги көлөмү (70 пайыздан көбүрөөгү) эки банкка сунушталган. Ушул кредит боюнча орточо жылдык чен 2005-жылы 6,2 пайызды түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк коммерциялык банктарды кайра каржылоо механизмин өркүндөтүү боюнча чараларды көргөн. Алып көрсөк, банк тутумунан депозиттердин агылып чыгуусунун олуттуу тобокелдиги келип чыккан жалган куран айында коммерциялык банктарга ликвиддүүлүктү колдоого атайын кредиттерди алуу мүмкүнчүлүгү берилген. Жылдын чын куран айынын сегизинен тартып "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын "овернайт" кредити жөнүндөгү" Жобого сунуш кылынган, банктар аралык рыногунун чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган өзгөртүүлөр күчүнө кирген. Ага ылайык "овернайт" кредити боюнча ченди Улуттук банктын эсептик ченине байланыштыруу коэффициенти 1,2ден 1,5ке чейин көбөйтүлгөн. Теке айынын биринен тартып, ага ылайык "овернайт" кредитин алуу үчүн коммерциялык банк төлөө мөөнөтү өтүп жаткан чейректин чегинде белгиленген мамлекеттик баалуу кагаздар (векселдер жана ноталар) түрүндөгү күрөөнү коюуга тийиш болгон, мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунун андан ары өнүктүрүү максатында кабыл алынган ушул Жобого карата дагы бир өзгөртүү күчүнө кирген. Мындан тышкары, теке айында кредиттик ресурстарды пайдалануу чөйрөсүн кеңейтүү жана тобокелдиктерди басаңдатуу максатында, Улуттук банк тарабынан 2006-жылдын үчтүн айынын биринен тартып, коммерциялык банктарга мамлекеттик баалуу кагаздарды күрөөгө алуу менен пайызсыз бир күндүк кредиттерди берүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

***2.2.3.1-таблица***

Улуттук банк тарабынан берилген "овернайт" кредиттери
*(миң. сом.)*

| | 1-ч. | 2-ч. | 3-ч. | 4-ч. | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 2004-ж. | 834 800,0 | 3 416 400,0 | 3 698 400,0 | 977 700,0 | 8 927 300,0 |
| 2005-ж. | 1 065 300,0 | 1 563 200,0 | - | - | 2 628 500,0 |

### 2.2.4. Эсептик чен

Улуттук банктын эсептик чени акча ресурстарынын наркын аныктоодо багыт берүүчү болуп саналат жана "овернайт" кредиттери жана валюталык СВОП операциялары боюнча пайыздык чендерди ага байланыштыруу аркылуу акча рыногундагы чендердин деңгээлине таасирин

тийгизет. Мындан тышкары, эсептик чен чарба жүргүзүүчү субъектер тарабынан юридикалык жактардан салык алынуучу пайдасын эсептөөдө жана ар кандай төлөмдөрдүн убагында төлөнбөй калышы үчүн туумдарды (пения) жана айыптык төлөмдөрдү эсептөөдө колдонулат.

Отчеттук жылы Улуттук банк эсептик ченди аныктоо ыкмасын өзгөрткөн эмес: анын өлчөмү мурдагыдай эле, аларды баштапкы жайгаштырууну Улуттук банк ар жумалык аукциондордо жүзөгө ашырган өзүнүн жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнө теңдештирилген. Ошону менен бирге эле, Улуттук банктын ноталарынын рыногун өнүктүрүү жана анын ачык-айкындуулугун арттыруу максатында өлкөнүн башкы банкы 2005-жылы кийинки айга эмиссиянын көлөмүн алдынала жарыялоону баштаган. Мындан тышкары, "Улуттук банктын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу жана төлөө жөнүндөгү" Жобого өзгөртүүлөр киргизилип, ага ылайык Улуттук банк аукциондун жүрүшүндө эмиссия көлөмүн өзгөртө албайт. Бул чаралар акча ресурстарынын наркынын индикатору катары эсептик чендин ролунун артышына өбөлгө түзөт.

***2.2.4.1-график***

Улуттук банктын эсептик ченинин 2005-жылдагы динамикасы




Улуттук банктын эсептик ченинин динамикасы жыл ичинде банк тутумундагы ликвидүүлүктүн өзгөрүп турушуна, акча рыногунун башка сегменттериндеги чендердин деңгээлине, ошондой эле баалуу кагаздарга инвестициялардын мөөнөттөрүнө тиешелүү коммерциялык банктардын артыкчылык берүүлөрүнө жараша калыптанган. Алып көрсөк, жыл башындагы коммерциялык банктардын үстөк камдарынын деңгээлинин жогору болушу Улуттук банктын но-

таларынын аукциондорунда атаандаштыктын күчөшүнө түрткү берген, бул акча рыногунун башка сегменттеринде пайыздык чендердин төмөндөшү шартында Улуттук банктын эсептик чененин бирдин айында 3,2 пайызга чейин төмөндөшүнө алып келген. Ошондой болсо да, жалган куран айынан тартып бүтүндөй жыл ичинде деңгээли тогуздун айынын акырында 5,3 пайызга жеткен эсептик чендин өсүш тенденциясы басымдуулук кылып турган. Жылдын акырында Улуттук банктын ноталарынын рыногундагы жагдай банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн олуттуу артышынын таасири астында өзгөргөн жана бештин айы ичинде эсептик чендин бара-бара төмөндөөгө ык койгондугу байкалган. Натыйжада, жылдын акырында ал 4,1 пайыз деңгээлине чейин түшкөн жана жылдын баш жагындагы чендин деңгээлинен 0,1 пайыздык пунктка ашкан.

Жума сайын сатууга коюлган ноталарынын эмиссиясынын көлөмү, эрежедегидей эле, 4,0 млн. сомду түзгөн. 2005-жылдагы эсептик чендин орточо деңгээли 4,4 пайызды түзгөн, бул 2004-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 0,3 пайыздык пунктка төмөн.

### 2.2.5. Милдеттүү камдар (резервдер)

Милдеттүү камдар акча массасын тескөөнүн, ошондой эле акчакредит саясатынын башка максаттарына жетишүүнүн маанилүү каражаты болуп саналат. Жыл башында милдеттүү камдар жөнүндө өзгөртүлгөн Жобо күчүнө кирген, ага ылайык камдык талаптарды сактагандык үчүн компенсацияларды эсептөөдө бирдиктүү чен – коммерциялык банктардын айдын баш жагындагы улуттук жана четөлкө валюталарындагы депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен колдонула баштаган. Камдык талаптарды эсептөөгө киргизилген мына ушул өзгөртүүлөр депозиттер рыногунда атаандаштыкты күчөтүү жана пайыздык чендердин деңгээлин төмөндөтүү максатында кабыл алынган. Мында, 2005-жылы милдеттүү камдардын ченеми (нормасы) 10 пайыз деңгээлинде калган.

Отчеттук жыл ичинде милдеттүү камдардын өсүшүнүн натыйжасы катары депозиттердин өсүү тенденциясы сакталып калган, ал депозиттердин кыска мөөнөттүү агылып чыгуусуна байланыштуу жалган куран - чын куран айларында гана токтогон. Бүтүндөй алганда отчеттук мезгил ичинде милдеттүү камдардын көлөмү 67,2 пайызга көбөйгөн. Мында, бир банк тарабынан милдеттүү камдарды сактабагандыктын үч фактысы катталып, ал үчүн андан 32,5 миң сом өлчөмүндө төлөм өндүрүлүп алынган. Ошол эле учурда, коммерциялык банктарга милдеттүү камдык талаптар-

ды сактагандыгы үчүн төлөнгөн компенсациялардын суммасы отчеттук мезгил ичинде 12,9 млн. сомду түзгөн же 2004-жылдагыга салыштырганда 1,5 эсеге көп болгон.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын камдарынын орточо күндүк деңгээли
*(миң сом)*

| | 1-ч. | 2-ч. | 3-ч. | 4-ч. |
|---|---|---|---|---|
| **2004-ж.** | **752 418,6** | **649 450,9** | **774 662,7** | **1 107 166,2** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 455 375,8 | 487 862,6 | 554 061,0 | 636 656,4 |
| үстөк камдар | 297 042,8 | 161 588,4 | 220 601,7 | 470 509,7 |
| **2005-ж.** | **1 291 521,4** | **1 191 003,0** | **1 348 317,6** | **1 667 012,9** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 721 715,6 | 761 923,3 | 922 918,5 | 1 070 262,3 |
| үстөк камдар | 569 805,8 | 429 079,7 | 425 399,1 | 596 750,6 |

## 2.3. Валюта саясаты жана эларалык камдарды тескөө

Өткөөл учурдун татаал процесстери жүрүп жаткан жана чакан, ошол эле учурда ачык экономикасы шартында, анда четөлкө валюталарынын курсу ички валюта рыногунда түптөлгөн суроо-талап жана сунуштун негизинде калыптанган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу ыргагы кандайдыр бир чекте тышкы таасирлерди басаңдатууну жана дүйнөлүк экономикада жүрүп жаткан өзгөрүүлөргө өз учурунда ыңгайлашууну камсыз кылат.

Кыргыз Республикасы 1995-жылдын жалган куран айынын жыйырма тогузунда Эларалык Валюта Фондусунун Келишимдер статьясынын «Мүчө болгон мамлекеттердин жалпы милдеттенмелери тууралуу» 8-статьясына кол коюу менен төлөмдөрдүн өткөрүлүшүн жана эч кандай чектөөлөрсүз утурумдук эларалык операциялар боюнча которууларды камсыз кылуу, ошондой эле курстардын көп түрдүүлүгүнүн тажрыйбада пайдаланылышына жана басмырлоочу валюталык келишимдерге катышууга жол бербөө боюнча милдеттенмени өзүнө алган.

Улуттук банктын иши валюта рыногунда туруктаашууну камсыз кылууга багытталган. Четөлкө валютасына карата ашкере суроо-талап сакталып турган мезгил ичинде (2005-жылдын жалган куран жана чын куран айларында) Улуттук банк тарабынан ички валюта рыногунда өз учурунда кабыл алынган чаралар алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөөгө өбөлгө түзгөн. Кийинчерээк, бугу айынан тартып отчеттук жылдын акырына карата аны сунуштоо басымдуулук кылып турган шартта, аларды сатып алуу боюнча жүргүзүлгөн операциялар эларалык камдардын топтолушун шарттаган. Сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсу 2005-жылы 0,78 пайызга чыңдалган (2004-жылы бул 5,81 пайызды түзгөн). Дүңүнөн алгандагы эларалык камдардын көлөмү 2005-жылдын акырында 612,3 млн. АКШ долларын түзгөн (2004-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 565,2 млн. АКШ доллары).

Борбордук банктардын аткарган негизги милдеттеринин бири болуп саналган эларалык камдарды тескөө «Эларалык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясаты», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жылга эларалык камдарынын эталондук портфели тууралуу», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эларалык камдарынын түзүмү жөнүндөгү» жана «Эларалык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер тууралуу» Жоболор менен жөнгө салынган.

Борбордук банктын эларалык камдарды тескөө процессиндеги аткарган милдеттеринен улам камдык лик-

виддүүлүктү колдоо жана эларалык активдердин коопсуздугу принциптери так сакталган. Эларалык камдарды тескөөдө кирешелерди максимизациялоо принциби активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принциптерди так сактоонун шартында аткарылган.

Эларалык камдарды тескөөдө инвестициялык инструменттердин тобокелдиктеринин жана (каражаттардын) кирешелүүлүгүнүн катышы Улуттук банк Башкармасынын жана Инвестициялык комитеттин чечимдери менен аныкталган. Камдык активдерди тескөөдө келип чыккан тобокелдиктерди чечим кабыл алуунун калыптанган тажрыйбасына жана ички контролдукка ылайык минимизациялоо контрагенттерге, каражаттардын түрүнө, инвестициялоонун өлчөмүнө жана мөөнөттүүлүккө карата критерийлерди, талаптарды жана чектөөлөрдү белгилөө аркылуу жүзөгө ашырылган.

Улуттук банктын эларалык камдары алтын түрүндөгү активдерден, Атайы карыз алышуу укугунан (СПЗ-АКУ) жана четөлкө валюталарынын портфелинен турат. Дүңүнөн алгандагы камдардын көлөмү 2005-жылдын акырына карата 612,34 млн. АКШ долларын түзүү менен жыл ичинде 47,18 млн. АКШ долларына же 8,35 пайызга көбөйгөн.

2005-жылы Улуттук банктын эларалык камдарынын курамындагы алтындын физикалык көлөмү өзгөрүүсүз калган, ал эми алтындын үлүшүнүн айрым бир өсүшкө ээ болушу дүйнөлүк рынокто ушул активдин баасынын жогорулоосу менен шартталган. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан ЭВФтин алдындагы милдеттенмелер боюнча атайы карыз алышуу укугунда төлөмдөрдүн жүзөгө ашырылышы, ошондой эле тышкы рыноктордо АКШ долларынын дүйнөлүк негизги валюталарга карата курсунун чыңдалуусу 2004-жылдагыга салыштырганда эларалык камдардын түзүмүндө АКУнун (СПЗ) үлүшүнүн төмөндөгөндүгүн түшүндүрөт.

Улуттук банктын 2005-жылдагы эларалык камдарынын валюта портфели АКШ долларынан, евродон, швейцария франкынан, англия фунтунан, австралия жана канада долларынан ошондой эле, бир аз үлүштөгү башка валюталардан турган (япон йени, орус рубли).

Отчеттук жылда камдык активдердин валюта портфелинин түзүмү 2005-жылы АКШнын Федералдык резерв системасы тарабынан пайыздык чендерди жогорулатуу саясатын жүргүзүүсүнө байланыштуу, АКШ долларынын дүйнөнүн башка валюталарына карата курсунун өсүшү, ошондой эле активдердин кирешелүүлүгүнүн деңгээлинин жогорулоосу менен шартталган өзгөрүүгө дуушар болгон. Ликвиддүүлүк жана коопсуздук принциптерин сактоо менен Улуттук банк валюта портфелинин түзүмүндө евро-

**2.3.1-график**
Дүңүнөн алгандагы эларалык камдардын динамикасы




**2.3.1-таблица**
Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү
*(пайыздар)*

| | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Алтын | 6,4 | 6,9 |
| Валюта портфели | 90,1 | 92,2 |
| Атайы карыз алышуу укугу | 3,5 | 0,9 |
| Бардыгы болуп | 100,0 | 100,0 |

нун, англия фунтунун, канада долларынын үлүшүн төмөндөткөн, ал эми АКШ долларынын үлүшүн көбөйткөн.

Улуттук банктын валюта портфелинин түзүмү чейрек сайын кайрадан каралып чыгуу менен дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүнө, дүйнөлүк финансылык рыноктордогу жагдайларга ошондой эле, Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелеринин валюталык түзүмүн эске алуу менен өзгөртүлгөн.

**2.3.2-таблица**
Камдык активдердин валюта портфелинин түзүмү
*(пайыздар)*

| | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| АКШ доллары | 28,6 | 48,3 |
| Евро | 23,2 | 16,5 |
| Швейцария франкы | 4,7 | 3,7 |
| Англия фунту | 6,3 | 3,3 |
| Австралия доллары | 8,8 | 7,9 |
| Канада доллары | 28,5 | 20,3 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 |
| Бардыгы болуп, валюта портфели | 100,0 | 100,0 |

Кароого алынып жаткан жылы ички валюта рыногунда жүргүзүлгөн операциялар, Эларалык валюта фондусунун, Азия Өнүгүү банкынын жана Европа Шериктештиги Комиссиясынын кредиттерин кошо алганда, Улуттук банктын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайдасына кредиттик түшүүлөр, Улуттук банктын эларалык камдарды тескөөдөн түшкөн кирешелери, «Кумтөр» алтын кенин казып алуудан концессиондук түшүүлөр жана баалуу металлдарга баанын өсүшү Улуттук банктын эларалык камдарынын көлөмүнүн өсүшүнүн негизги булагы болгон.

Отчеттук жылда эларалык камдар ички валюта рыногунда операцияларды жүзөгө ашыруу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызын тейлөө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мүчөлүк жана үлүштүк төлөмдөрүн төлөө үчүн пайдаланылган.

Эларалык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугун арттыруу жана ликвиддүүлүктү тиешелүү деңгээлде колдоп туруу максатында, камдык активдер менен иш алып баруу портфелдик негизде түзүлгөн. АКШ долларынан, евродон, швейцария франкынан, англия фунтунан, австралия жана канада долларынан турган камдык портфель жумушчу жана инвестициялык активдерге бөлүштүрүлүп жана ликвиддүүлүктү зарыл болгон деңгээлде колдоп турууну камсыз кылган. Жумушчу портфелдин активдери бир кыйла өтүмдүү инструменттерге жайгаштырылуу менен Улуттук банктын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн четөлкө валютасындагы төлөмдөрү жана ички валюта рыногундагы операциялар үчүн пайдаланылган. Инвестициялык портфелди тескөө эларалык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Активдер киреше алуу максатында эларалык рыноктун инвестициялык инструменттерине жайгаштырылган.

Отчеттук жылда Улуттук банк камдык активдерди өнүккөн өлкөлөрдүн Борбордук банктарында, эларалык финансы институттарында жана четөлкөлөрдүн дүйнөлүк алдыңкы рейтингдик агенттиктер тарабынан белгиленген жогорку кредиттик рейтингге ээ коммерциялык банктарына жайгаштырган. Улуттук банк банк-контрагенттердин абалына дайыма мониторингди жана анализдөөлөрдү

жүргүзүү менен зарылчылык келип чыккан шартта, Улуттук банктын коопсуздук боюнча талаптарына жооп бербеген банктар менен кызматташууну токтотуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Камдык активдер эларалык рыноктун жогорку ишенимдүү жана өтүмдүү инструменттерине жайгаштырылган: баалуу кагаздарга, мөөнөттүү депозиттерге, ошондой эле бир күндүк РЕПО операциялары. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын баалуу кагаздар портфелинде АКШнын, Германиянын, Австралиянын мамлекеттик баалуу кагаздары, Эларалык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүү инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эларалык финансы институттарына, четөлкөлөрдүн борбордук жана коммерциялык банктарында жайгаштырылган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2005-жыл ичинде эларалык камдардын курамындагы өтүмдүүлүгү төмөн активдеринин көлөмүн азайтуу боюнча ишти уланткан. Өтүмдүүлүгү төмөн активдерге, негизинен Standard Bank (Лондон) банкта өкмөттүн гарантиясынын камсыздоосу катары жайгаштырылган байланыштуу депозиттен жана Улуттук банктын ЖАК ЦАБСиРдеги депозиттери кирет. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын 40 миң троян унциясындагы алтын өлчөмүндөгү байланыштуу депозити Standard Bank, Лондон банкынан толук бошотулуп алынган. Отчеттук жылдын акырында эларалык камдардын курамындагы өтүмдүүлүгү төмөн активдердин көлөмү 3,89 млн. АКШ долларын түзгөн.

*2.3.3-таблица*
Камдык активдерди жайгаштыруунун түзүмү
*(пайыздар)*

| | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Эларалык финансылык институттар | 46,4 | 31,0 |
| Борбордук банктар | 25,2 | 33,9 |
| Коммерциялык банктар | 28,2 | 34,5 |
| Улуттук банк | 0,2 | 0,6 |
| Бардыгы болуп | 100,0 | 100,0 |

*2.3.2-график*
Өтүмдүүлүгү төмөн активдердин динамикасы



3-ГЛАВА

# ФИНАНСЫ-КРЕДИТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ

Улуттук банктын 2005-жылдагы иши финансы-кредит системасынын туруктуулугун бекемдөөгө, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган финансы-кредиттик мекемелерде проблемаларды алдыналууга, көзөмөлдөө методологиясынын ыкмаларын жана тажрыйбасын өркүндөтүүгө багытталган. Ушуга байланыштуу, Улуттук банктын негизги күч-аракети банк секторун жөнгө салууну андан ары өнүктүрүүгө, ошондой эле банктарга мүнөздүү болгон тобокелдиктерге байланыштуу потенциалдуу проблемаларды өз учурунда аныктоого топтоштурулган.

## 3.1. Банк тутумунун иши боюнча баяндама[1]

***3.1.1-график***
Коммерциялык банктардын суммардык регулятивдик капиталы (бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылда республикада 19 коммерциялык банк иштеп турган[2].

2005-жыл ичинде банктардын регулятивдик суммардык капиталы[3] 819,0 млн. сомго же 30,4 пайызга жогорулоо менен 2005-жылдын акырына карата 3,5 млрд. сомду түзгөн. Мында, уставдык капитал[4] 21,4 пайызга көбөйгөн.

Банктардын суммардык милдеттенмелери[5] 2005-жылы 23,3 пайызга көбөйүү менен 18,5 млрд. сомду түзгөн. Мында, суммардык милдеттенмелердеги четөлкө валютасындагы милдеттенменин үлүшү 77,7 пайызды (2004-жылы – 81,5 пайызды) түзгөн.

[1] Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, иштеп жаткан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына карата абал боюнча жылдык регулятивдик отчетторунун такталган маалыматтары боюнча.

[2] ЭСК ААКсын жана четөлкө банкынын филиалын кошо алганда жана «ФинансКредитБанк КАБ» ААКсын (2005-жылдын бештин айынын отузунда лицензия берилген), ЦАБСиРди (убактылуу башкаруу режими аракеттенип турган, 2002-жылдын теке айынын он бешинен тартып банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензиясы кайтарылып алынган) жана «Ак Банк» ААКсын (консервация режими колдонулган, 2004-жылдын теке айынын биринен тартып банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензиясы кайтарылып алынган) эске албаганда.

[3] Жөнгө салуу максатында суммардык капиталга уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдалары (кеткен чыгымдары), отчеттук жылдын пайдалары (кеткен чыгымдары) жана банкта классификацияланбаган активдерге түзүлгөн жалпы камдар кирет.

[4] Бул категорияга, жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялардан тышкары, акционерлер тарабынан салынган, бирок отчеттук күнгө карата тиешелүү каттоодон өтпөгөн кошумча капитал да кирет.

[5] Суммардык милдеттенмелерде банк тарабынан депозиттер түрүндө тартылган каражаттар, кредиттер ж. б. у. с. камтылат.

***3.1.1-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү

| Милдеттенмелер категориясы | 2004-ж. | | 2005-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | көлөм *(млн. сом)* | үлүш *(пайыздар)* | көлөм *(млн. сом)* | үлүш *(пайыздар)* |
| Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери | **4 750,7** | **31,6** | **7 888,5** | **42,6** |
| Жеке адамдардын депозиттери | **2 081,2** | **13,9** | **2 663,8** | **14,4** |
| Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | **1 143,9** | **7,6** | **1 536,2** | **8,3** |
| Улуттук банктын алдындагы милдеттенмелер | **55,2** | **0,4** | **33,3** | **0,2** |
| Корреспонденттик эсептер | **3 457,1** | **23,0** | **1 478,3** | **8,0** |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | **208,7** | **1,4** | **15,2** | **0,1** |
| Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери | **225,5** | **1,5** | **919,9** | **5,0** |
| РЕПО келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | **88,9** | **0,6** | **0,0** | **0,0** |
| Алынган кредиттер[1] | **2 057,2** | **13,7** | **2 281,3** | **12,3** |
| Субординацияланган карыз | **217,6** | **1,4** | **364,2** | **2,0** |
| Башка милдеттенмелер | **724,3** | **4,8** | **1 327,9** | **7,2** |
| **Бардыгы болуп** | **15 010,1** | **100,0** | **18 508,6** | **100,0** |

*[1] Банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин депозиттерин кошо алганда*

***3.1.2-график***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелери




Коммерциялык банктардын депозиттик базасы көбөйүүсүн андан ары уланткан. Алсак, иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин[1] көлөмү 51,6 пайызга көбөйүү менен 12,1 млрд. сомду түзгөн. Депозиттердин түзүмүндө юридикалык жактардын үлүшү 4,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен банк тутумунун депозит портфелинде 78,0 пайызды түзгөн. Мында, юридикалык жактардын депозиттеринин абсолюттук өсүшү 3,5 млрд. сомду түзгөн. Жеке адамдардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 582,6 млн. сомго же 28,0 пайызга көбөйгөн. Өткөн жылдардагыдай эле, жеке адамдардын депозитте-

[1] Өкмөттүн, банктардын жана башка финансылык мекемелеринин депозиттерин эске албаганда.

***3.1.2-таблица***
Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү

| Милдеттенмелер категориясы | 2004-ж. көлөм (млн. сом) | 2004-ж. үлүш (пайыздар) | 2005-ж. көлөм (млн. сом) | 2005-ж. үлүш (пайыздар) |
|---|---|---|---|---|
| Акча каражаттары | 941,6 | 5,3 | 1 155,0 | 5,2 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсептер | 954,8 | 5,4 | 2 051,8 | 9,3 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 6 710,8 | 37,9 | 6 928,0 | 31,5 |
| Баалуу кагаздар портфели | 1 658,5 | 9,4 | 1 809,5 | 8,2 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 270,5 | 1,5 | 346,5 | 1,6 |
| РЕПО операциялары боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар | 48,9 | 0,3 | 50,0 | 0,2 |
| Финансы-кредиттик мекемелердин кредиттери | 232,3 | 1,3 | 215,4 | 1,0 |
| Кардарларга кредиттер | 5 801,4 | 32,8 | 7 693,0 | 34,9 |
| (минус) Атайын РППУ | -180,4 | -1,0 | -292,1 | -1,3 |
| Негизги каражаттар | 642,1 | 3,6 | 820,8 | 3,7 |
| Башка активдер | 622,4 | 3,5 | 1 242,4 | 5,6 |
| **Бардыгы болуп** | **17 702,9** | **100,0** | **22 020,4** | **100,0** |

***3.1.3-график***
Коммерциялык банктардын активдери




ринин түзүмүндө талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин артыкчылыктуу өсүшү байкалган.

Отчеттук жылда банктардын суммардык активдери 24,4 пайызга көбөйүү менен 22,0 млрд. сомду түзгөн. Мында, улуттук валютадагы активдер 38,0 пайызга өскөн, ал эми четөлкө валютасындагы активдер 42,4 пайызга көбөйгөн, бул бир катар коммерциялык банктарды кошумча капиталдаштыруунун жана республикада төлөм системасын өнүктүрүүнүн чегинде четөлкө инвесторлорунан валюталык каражаттардын келип түшүүсүнө жана андан кийинки жайгаштырылышына байланыштуу болгон.

Отчеттук жылда коммерциялык банктардын активдеринин түзүмүндө башка активдерге салыштырмалуу

өтүмдүү активдердин озгон арымда өсүү тенденциясы сакталып калган, бул кардарлардын төлөмдөрүн өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы түрүнүн пайда болушуна байланыштуу. Коммерциялык банктар тарабынан башка банктардагы (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы) корреспонденттик эсептерде жайгаштырылган өтүмдүүлүгү жогору каражаттардын көлөмү 17,7 пайызга өскөн. 2005-жылдын акырына карата абал боюнча активдердин бул категориясы 10,1 млрд. сомду түзгөн. Ошондой эле, отчеттук жылда кредиттөөнүн кыйла консервативдүү саясаты шартында берилген кредиттердин көлөмүнүн өсүшү байкалган.

2005-жылы кардарларга суммардык таза кредиттердин көлөмү[1] 30,1 пайызга көбөйүү менен 7,6 млрд. сомду түзгөн. Банктардын суммардык активдериндеги кредиттердин үлүшү 2004-жылга салыштырганда 1,9 пайыздык пунктка көбөйүү менен 33,6 пайызды түзгөн. Банктардын регулятивдик отчетторунун маалыматтары боюнча «классификацияланбаган» активдер[2] классификациланууга тийиш болгон активдердин суммасынын 96,4 пайызын жана «классификацияланууучу» активдер 3,6 пайызды түзгөн. Активдердин (кредит портфелинин) сапатынын айрым бир начарлоосу коммерциялык банктардын 2005-жылдын жалган куран айындагы жагдайдын кесепетинен жабыр тарткан бир катар карыз алуучуларынын кредиттерди кайтарып берүүгө байланыштуу проблемаларга дуушар болушунан улам, финансылык абалынын начарлашына байланыштуу болгон. Натыйжада, чогуу алгандагы кредит портфелиндеги мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын салыштырмалуу салмагы 4,1 пайызга чейин, 1,0 пайыздык пунктка көбөйгөн, ал эми пролонгацияланган кредиттердин үлүшү 6,8ден 9,8 пайызга чейин өскөн.

Коммерциялык банктардын негизги каражаттары 27,8 пайызга өсүү менен 2005-жылдын акырына карата 820,8 млн. сомду түзгөн.

Банктардын суммардык кирешелери 2005-жылы 2,6 млрд. сомду, ал эми суммардык чыгашалары 2,1 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук жылы коммерциялык банктардын пайыздык сыяктуу эле (тиешелүүлүгүнө жараша, 50,1 жана 54,8 пайыз), пайыздык эмес (тиешелүүлүгүнө жараша, 26,2 жана 35,4 пайыз) кирешелеринин жана чыгашаларынын өсүшү катталган. Банктардын 2005-жылдагы накта операциялык кирешелери 2004-жылга салыштырганда 38,3 пайызга көбөйүү менен 751,1 млн. сомду түзгөн.

[1] Накта кредиттер – потенциалуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдарды, ошондой эле кошуп эсептелинген дисконтту кемитүү менен кредиттер жана лизингдер.

[2] «Классификацияланбаган» активдер категориясына нормалдуу, канааттандырарлык жана байкоого алынган категориялар чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

***3.1.3-таблица***

Активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо
*(эгер башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Категория | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Нормалдуу | 60,1 | 58,4 |
| Канааттандырарлык | 30,2 | 32,5 |
| Байкоого алынган | 6,9 | 5,5 |
| *Жыйынтыгында, классификацияланбаган* | *97,2* | *96,4* |
| Субстандарттык | 1,5 | 2,1 |
| Шектүү | 0,6 | 0,5 |
| Чыгашалуу | 0,8 | 1,0 |
| *Жыйынтыгында, классификацияланууучу* | *2,8* | *3,6* |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп** (*млн. сом.*) | **16 196,8** | **19 419,2** |

***3.1.4-таблица***

Кардарларга берилген кредиттерди классификациялоо
*(эгер башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Категория | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Нормалдуу | 1,1 | 2,4 |
| Канааттандырарлык | 74,5 | 76,0 |
| Байкоо алдындагы | 18,2 | 13,9 |
| *Жыйынтыгында, классификацияланбаган* | *93,9* | *92,3* |
| Субстандарттык | 3,1 | 4,5 |
| Шектүү | 1,4 | 1,2 |
| Чыгашалуу | 1,7 | 2,0 |
| *Жыйынтыгында, классификацияланууучу* | *6,1* | *7,7* |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп** (*млн. сом.*) | **5 801,4** | **7 693,0** |

*3.1.5-таблица*
Кирешелердин жана чыгашалардын түзүмү
*(млн. сом)*

| Категория | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 1 007,9 | 1 512,7 |
| Пайыздык чыгашалар | 260,2 | 402,7 |
| *Накта пайыздык киреше* | *747,7* | *1 110,0* |
| Пайыздык эмес кирешелер | 883,0 | 1 114,0 |
| Пайыздык эмес чыгашалар | 1 087,5 | 1 472,9 |
| *Накта операциялык киреше (чыгым)* | *543,1* | *751,1* |
| Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам | 113,8 | 155,9 |
| *Салык алууга чейинки накта киреше (чыгым)* | *429,3* | *595,1* |
| Пайда салыгы | 79,3 | 114,9 |
| *Күтүүсүз кирешелерге жана чыгашаларга чейинки накта киреше (чыгым)* | *350,0* | *480,2* |
| Салык алынгандан кийинки күтүүсүз кирешелер (чыгашалар) | -0,1 | 0,3 |
| **Накта пайда (чыгым)** | **350,1** | **479,9** |

Банктардын потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарга чегерүүлөрү 2004-жылдын деңгээлинен 37,0 пайызга көбүрөөк болуу менен 155,9 млн. сомду түзгөн. Банктардын пайда салыгы боюнча бюджетке чегерүүлөрү 44,9 пайызга өскөн (отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 114,9 млн.сом).

Банк тутуму 2005-жылды 479,9 млн. сом өлчөмүндөгү накта пайда менен жыйынтыктаган, ал эми 2004-жылдын жыйынтыгы боюнча финансылык натыйжа 350,1 млн. сомду түзгөн (37,2 пайыздык өсүш).

Отчеттук жылдагы бүтүндөй банк тутумунун абалы банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы жагдайдын туруктуашуусун тастыктоодо. Коммерциялык банктардын ишинде төмөнкүдөй алгылыктуу өзгөрүүлөр байкалган:

- банк ишинин чөйрөсүн кеңейтүүнүн жана банктарга карата кредиторлордун жана аманатчылардын ишенимди бекемдөөгө өбөлгө түзгөн фактордун негизи болгон банктардын капиталдык базасынын чыңдалуусу (суммардык капиталдын өсүшү 30,4 пайыз);
- коммерциялык банк тутумунун негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү (активдер 24,4 пайызга, милдеттенмелер –23,3 пайызга көбөйгөн);
- коммерциялык банк тутумунун финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн өсүшү: ишканалардын жана калктын депозиттеринин ИДП-га карата катышы жана кредит портфелинин ИДП-га карата катышы тиешелүүлүгүнө жараша, 12,0 жана 7,7 пайызды түзгөн (2004-жылы – тиешелүүлүгүнө жараша, 8,4 жана 6,2 пайызды түзгөн);
- калайык-калктан тартылган аманаттардын көлөмүнүн өсүшү (28,0 пайыздык өсүш);
- капиталдын кирешелүүлүгүнүн (ROE) 2,1 пайыздык пунктка көбөйүүсү (2005-жылдын жыйынтыгы боюнча 19,6 пайыз).

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишине баяндама

Отчеттук жылда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан ишинин негизги багыты калктын кеңири катмарынын финансылык ресурстардан пайдаланууга мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу болуп саналган банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер системасын өнүктүрүү боюнча ишчаралардын кеңири чөйрөсү жүзөгө ашырылган.

Микрофинансылык институттарды өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо максатында, 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы "Кыргыз Республикасында 2006-2010-жылдары микрокаржылоону өнүктүрүүнүн ортомөөнөттүк стратегиясын" иштеп чыгуу демилгесин көтөргөн. Ортомөөнөттүк стратегияны иштеп чыгуунун жүрүшүндө, 2005-жыл ичинде бардык таламдаш жактардын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан Бишкек, Ош жана Каракол шаарларында "тегерек стол" маектери өткөрүлгөн. Бул стратегиянын долбоорун талкуулоо үчүн министрликтердин жана ведомстволордун, микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын, коммерциялык банктардын, адистештирилген кредиттик мекемелердин (КАФК жана Финкомпания), эларалык финансылык уюмдардын-донорлордун жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Улуттук "тегерек-стол" маеги уюштурулган. Ортомөөнөттүк стратегия 2005-жылдын бештин айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын биргелешкен токтому менен бекитилген.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер системасынын туруктуу өсүшү калкты социалдык мобилизациялоого, иш менен камсыз кылууга жана жакырчылык деңгээлин кыскартууга өбөлгө түздү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жөнгө салынууга жана көзөмөлгө алынууга тийиш болгон банктык эмес мекемелер тутуму өзүнө: адистештирилген финансы-кредиттик мекемелерди – Кыргыз айыл-чарба финансы корпорациясын (КАФК) жана Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясын (Финкомпания); 320 кредиттик союзду; 136 микрофинансылык уюмдарды, анын ичинде 39 микрокредиттик компанияны (МКК) жана 97 микрокредиттик агенттикти (МКА); 140 ломбардды жана 260 алмашуу бюролорун камтыйт.

2005-жылы банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин саны, алардын активдеринин көлөмү, ошондой эле калктын кредиттөө кызмат көрсөтүүсүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү кеңейген.

***3.2.1- график***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогу алгандагы активдери жана кредиттик портфели




***3.2.2- график***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредиттик портфелинин өсүш арымы (бир мезгилдин акырына карата)




***3.2.2- таблица***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин түрлөрү боюнча кредит портфелдин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| КАФК | 1527,7 | 1839,8 |
| Микрофинансылык уюмдар | 784,7 | 1488,1 |
| Кредиттик союздар | 448,6 | 580,5 |
| Ломбарддар | 11,0 | 13,8 |

***3.2.1- таблица***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин жана алмашуу бюролорунун саны

| Аталышы | 2001-ж. | 2002-ж. | 2003-ж. | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Микрофинансылык уюмдар (МКА и МКК) | 0 | 0 | 72 | 104 | 136 |
| Кредиттик союздар | 278 | 349 | 303 | 305 | 320 |
| Ломбарддар | 64 | 85 | 108 | 116 | 140 |
| Алмашуу бюролору | 271 | 234 | 261 | 266 | 260 |

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин санынын өсүшү алардын кызматынын көп талап кылынышы, ошондой эле мыйзамдык базанын өркүндөтүлүшү жана алардын ишин либералдык жөнгө салуу менен түшүндүрүлөт.

2005-жылы Улуттук банк тарабынан ар кыл банктык эмес финансы-кредиттик мекемелерге 367 лицензия жана күбөлүк берилген. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгы үчүн 42 лицензия кайтарып алынып, 19 лицензия – ишин токтоткондугуна жана 242 лицензия – алардын колдонуу мөөнөтүнүн аякташына байланыштуу жокко чыгарылган.

Отчеттук мезгил ичинде берилген регулятивдик отчетторго ылайык банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогу алгандагы активдери 42,6 пайызга көбөйгөн жана 2005-жылдын акырына карата абал боюнча 4 734,0 млн. сомду түзгөн.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишинин негизги багыты болуп кредиттөө саналат. Отчеттук жылда 2004-жылга салыштырмалуу банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогу алгандагы активдеринде кредиттик портфелдин үлүшү иш жүзүндө өзгөргөн эмес (2004-жылы – 83,5 пайыз, 2005-жылы – 82,9 пайыз), мында, кредит портфелинин өлчөмү 41,5 пайызга көбөйүү менен 3922,2 млн. сомду түзгөн, ал эми кредит алган адамдардын саны 12,9 пайызга өскөн жана 115,9 миң карыз алуучуну түзгөн.

***3.2.3- график***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин түрлөрү боюнча кредиттик портфелдин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*



Отчеттук мезгил ичинде банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогу алгандагы кредиттик портфелиндеги Кыргыз айыл-чарба финансы корпорациясынын – адистештирилген ири финансы-кредиттик мекеменин үлүшү 55,1ден 46,9 пайызга чейин кыскарган, ал эми микрофинансылык уюмдарынын үлүшү 28,3 пайыздан 37,9 пайызга чейин өскөн.

Отчеттук жылда, 2004-жылдагыдай эле, банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредит портфелинин эң чоң көлөмү областтар боюнча алып караганда Ош, Жалалабат, Чүй областтарына жана Бишкек шаарына туура келет.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекеменин чогу алгандагы кредит портфелинин түзүмүндө отчеттук жылдын акырына карата 2004-жылдагыга салыштырганда айыл-чарба үлүшү 59,3 пайыздан 53,4 пайызга чейин кыс-

***3.2.3- таблица***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредит портфелинин облустар боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| Область | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Баткен | 151,8 | 209,1 |
| Чүй | 350,2 | 577,4 |
| Жалалабат | 455,6 | 663,8 |
| Ысыккөл | 350,1 | 421,1 |
| Нарын | 196,7 | 246,4 |
| Ош | 755,9 | 946,2 |
| Талас | 204,2 | 296,1 |
| Бишкек ш. | 307,4 | 561,9 |

***3.2.4- график***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредит портфелинин областтар боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*




***3.2.5- график***

Кредит портфелинин экономика сектору боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*



***3.2.4.- таблица***

Кредиттик портфелдин экономиканын сектору боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом)*

| Сектор | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Өнөржай | 41,9 | 85,3 |
| Айыл-чарбасы | 1 645,10 | 2 094,00 |
| Транспорт | 4,2 | 6,5 |
| Соода | 774,2 | 1 158,50 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 7,9 | 6,8 |
| Ипотекалык кредиттер | 65,5 | 243,3 |
| Башкалар | 233,2 | 327,7 |

***3.2.6- график***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин накта пайдасынын жана ROA жана ROE көрсөткүчүнүн динамикасы




***3.2.5-таблица***

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендери
*(пайыздар)*

| Аталышы | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| КАФК | 17,0 | 15,8 |
| Микрофинансылык уюмдар | 28,0 | 33,5 |
| Финкомпаниялар | 17,1 | 16,9 |
| Кредиттик союздар | 28,7 | 26,8 |
| Ломбарддар | 162,1 | 153,6 |

карган, ал эми ипотекалык кредиттердин үлүшү 2,4 пайыздан 6,2 пайызга чейин өскөн.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогуу алгандагы накта пайдасы 2005-жылы 10,7 пайызга көбөйүү менен 237,8 млн. сомду түзгөн, ошону менен бирге активдерди (ROA) жана капиталды (ROE) пайдалануу натыйжалуулугунун көрсөткүчүнүн айрым бир төмөндөөгө дуушар болгондугу байкалган. Микрофинансылык уюмдар системасында пайыздык чендердин өсүшү орун алган шартта, КАФКнын, кредиттик союздардын жана ломбарддардын кредиттери боюнча пайыздык чендердин төмөндөшү жүргөн.

КАФКнын активдерин түзүүнүн негизги булагы болуп, чакан фермердик чарбаларды кредиттөө боюнча программаларды "Айыл жерин каржылоо - 1", "Айыл жерин каржылоо - 2", "Айыл-чарбасын регионалдык өнүктүрүү" долбоорлорун жүзөгө ашыруу үчүн ЭӨА (МАР) жана АӨБ (АБР) кредиттик линиялар боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берилген жеңилдетилген займдар эсептелет.

Отчеттук жылы КАФК тарабынан 1212,9 млн. сом суммасында кредиттер берилген, бул 2004-жылдагыга караганда 21,7 пайызга көп. 2005-жылдагы колдонуудагы кредит портфели 1 527,7 млн. сомдон 1 839,8 млн. сомго чейин, же болбосо 20,4 пайызга көбөйгөн. Отчеттук жылдын акырына карата КАФК тарабынан берилген кредиттердин саны 30,9 миңди түзгөн. КАФКнын кредит портфели төлөө мөөнөттөрү боюнча негизинен орто- жана узакмөөнөткө каралган, 2-3 жана 3-5 жылдык мөөнөткө берилген кредиттер.

Кредиттик союздардын 2005-жылдагы чогуу алгандагы кредит потфели 580,5 млн. сомго чейин же 29,4 пайызга көбөйгөн, бул негизинен төмөнкүлөргө байланыштуу болгон:

- Финкомпаниясы жана башка финансы-кредиттик мекемелер тарабынан кредиттердин 302,9 млн. сомго же 26,0 пайызга чейин өсүшү;
- сактык пайлардын чогуу алгандагы суммасынын 169,7 млн. сомго чейин же 5,4 пайызга өсүшү, ошону менен бирге эле, кредиттик союздардын катышуучуларынын саны 0,7 миң адамга же 2,5 пайызга көбөйгөн;
- кредиттик союздардын институционалдык капиталы 92,7 млн. сомго чейин же 2,1 эсеге өскөн.

Кредиттик союздардын кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин үлүшү айылчарбасына (59,1 пайыз) жана соодага (25,8 пайыз) туура келет. Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны 2005-жылдын акырына карата 22,4 миң адамды түзгөн.

Отчеттук жылда МФУлардын чогуу алгандагы кре-

дит портфели 89,6 пайызга көбөйүү менен 1488,1 млн. сомду түзгөн, кардарлардын саны 52,1 миң адамга чейин же 24,3 пайызга өскөн. Мында, МККлардын үлүшүнө микрофинансылык уюмдардын чогуу алгандагы кредит портфелинин 74,7 пайызы, ал эми МКА үлүшүнө – 25,3 пайызы туура келген.

МФУлардын кредит портфелине жүргүзүлгөн иликтөөлөр негизинен, алардын кредиттери 2004-жылдагыдай эле, үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 52,9 пайызы (2004-жылы – 66,1 пайыз) туура келген соода жүргүзүү чөйрөсүнө жана 17,2 пайыз (2004-жылы – 12,0 пайыз) туура келген айылчарбасына берилгендигин көрсөтүүдө. Өнөржай секторуна жана туракжай сатып алууга берилген кредиттердин үлүшү жана көлөмү өскөнү менен бүтүндөй чогуу алгандагы портфелде бир аз эле салыштырмалуу салмакты ээлеп калууда.

Отчеттук жылы ломбарддар тарабынан 61,8 млн. сом жалпы суммасында кыскамөөнөттүү кредиттер берилген. Мурдагы жылдардагыдай эле, кредиттер негизинен Бишкек шаарында берилген. Берилген отчетторго ылайык, ломбарддардын кредит портфелинин калдыгы отчеттук жылда 13,8 млн. сомго же 25,4 пайызга чейин көбөйгөн. Кредит портфелинде негизги үлүштү керектөө кредиттери түзөт.

Улуттук банк тарабынан кароого алынып жаткан жылы кайрадан каттоону кошо алганда, накталай четөлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна 265 лицензия берилген. Отчеттук мезгилде Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролорунун ишине 391 текшерүү, анын ичинде жарандардын арызы боюнча – 5 алмашуу бюросунда текшерүү жүргүзүлгөн. Фискалдык жана укук коргоо органдары менен бирге планда каралган рейддердин жүрүшүндө 38 алмашуу бюросунун иши текшерилген. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ишин лицензиясыз жүргүзүп жаткандыгына байланыштуу административдик укук бузуулар жөнүндө 22 дело каралган.

## 3.3. Жөнгө салуу жана банктык көзөмөл

Улуттук банктын банктык көзөмөл жагындагы иши төмөнкүлөрдү камтыйт:

- коммерциялык банктарды лицензиялоо,
- коммерциялык банктардын ишине тышкы (аралыктан) көзөмөл,
- коммерциялык банктардын ишин инспектирлөө,
- банктык жөнгө салуунун жана көзөмөлдүктүн ченемдик жана мыйзамдык базасын өнүктүрүү жана өркүндөтүү.

### 3.3.1. Лицензиялоо

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Мыйзамында белгиленген функцияларды ишке ашыруу процессинде Улуттук банк банктык операцияларды жүргүзүүнү пландаштырып, же болбосо жүзөгө ашырып жаткан жактар үчүн белгилүү бир талаптарды, анын ичинде коммерциялык банктын уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү, өздүк каражаттардын (капиталдын) өлчөмү, банкка тике же кыйыр түрдө контролдукту ишке ашыруу укугун ыйгарган акциялардын топтомуна ээлик кылуу жана өткөрүп берүү, банктын кызмат адамдарын макулдашуу тартиби боюнча талаптарды белгилейт.

Коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталы отчеттук жылы 19,5 пайызга же 434,5 млн. сомго көбөйгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын өлчөмү бир катар коммерциялык банктарда: «Инексимбанк» ЖАКта – эки эседен көбүрөөккө, «Кыргызкредит» ААКсында – 2,5 эсе, «Энергобанк» ААКсында – 38,0 пайызга, «Банк-Бакай» ААКсында жана ЖАК «Толубай» АКБсында – 33,0 пайызга, «Халык Банк Кыргызстан» ААКсында – 24,0 пайызга, РК «Аманбанк» ААКсында – 15,0 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук жылдын аягында АК «Альянсбанк» (Казахстан) ээлик кылуучу болуп саналган (акциянын 100 пайызына) «ФинансКредитБанк КАБ»[1] ААКсына улуттук жана четөлкө валютасында банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензия берилген.

[1] Бул банкка банктык операцияларды жүргүзүү укугун 2005-жылдын бештин айынын отузунда лицензия берилгендиктен ушул банк боюнча маалыматтар банк тутумунун жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрүнө кошулган эмес.

Консолидацияланган көзөмөл боюнча талаптардын белгиленишине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана ченемдик актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Алсак, 2005-жылдын бештин айында Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынган.

Банк-резидент эмес тарабынан өз филиалынын капитал бөлүүсүнүн тартибинин жаңы редакциясы иштелип чыккан жана колдонууга берилген. Ушул ченемдик документ аркылуу банк-резидент эместин филиалына байланыштуу депозит түрүндө бөлүнгөн каражаттарды жайгаштыруу үчүн банкты тандоо системасы тартипке келтирилген.

Банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензия берүүдөн тышкары, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ошондой эле, коммерциялык банктардын филиалдарынын, сактык кассаларынын, алмашуу пункттарынын, терминалдарынын реестрин жүргүзөт. 2005-жылдын башталышында Кыргыз Республикасынын аймагында коммерциялык банктардын 160 филиалы, 148 сактык кассасы, 371 терминалы, 40 алмашуу пункту иштеп турган. Кароого алынып жаткан жыл ичинде коммерциялык банктар өз ишинин чөйрөсүн кеңейтүүнү улантышкан, алар: 8 филиалды, 46 сактык кассасын, 77 терминалды жана 3 алмашуу пунктун ачкан.

### 3.3.2. Тышкы көзөмөл[1]

Улуттук банк, берилген отчетко мониторинг жүргүзүү жана инспектордук текшерүүлөрдүн натыйжаларын анализдеп көрүү аркылуу коммерциялык банктардын ишине аралыктан көзөмөлдү жүзөгө ашырат. Бул келип чыгышы мүмкүн болгон проблемаларды алдыналууга жана банк тутумунун туруктуулугун колдоого мүмкүндүк берет.

Коммерциялык банктардын ишине аралыктан (тышкы) көзөмөлдүк банктык ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерге баа берүүнүн негизинде жүргүзүлөт. Төлөөгө жөндөмсүздүк жана ликвидүүлүк тобокелдиктери, ошондой эле кредиттик жана валюталык тобокелдиктер эң эле олуттуу тобокелдиктерден болуп саналат.

*Төлөөгө жөндөмсүздүк тобокелдиги.* Коммерциялык

[1] Эгерде башкалар көрсөтүлбөсө, мезгил аралыгындагы абал боюнча иштеп жаткан коммерциялык банктардын жылдык регулятивдик отчетторунун корректировкаланган маалыматтары боюнча.

***3.3.2.1-таблица***
Коммерциялык банктардын суммардык капиталынын шайкештик көрсөткүчтөрү

| | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Накта суммардык капитал, *млн. сом* | 2 740,7 | 3 513,1 |
| Накта тобокелдиктүү активдер, *млн. сом* | 11 891,5 | 13 269,6 |
| Суммардык капиталдын шайкештиги коэффициенти, *пайыздар* | 23,1 | 26,5 |
| Суммардык капиталдын шайкештик нормативи (кем эмес), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

банктардын төлөөгө жөндөмдүүлүгү потенциалдык чыгымдардын ордун жабуу үчүн суммардык капиталдын жетиштүүлүгү деңгээли менен мүнөздөлөт.

2004-жылы накта тобокелдиктүү активдер[1] 1,3 млрд. сомго өскөн, ал эми накта суммардык капитал[2] 766,0 млн. сомго көбөйгөн. Банк тутумунун суммардык активдериндеги тобокелдиктүү активдердин салыштырма салмагы 60,3 пайызды (2004-жылы – 67,4 пайызды) түзгөн.

2005-жылы капиталдын өсүшүнө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уставдык капиталды көбөйтүү жана банктардын ички булактарын оптималдаштыруу боюнча талаптарын жүзөгө ашыруу таасирин тийгизген. Мындан тышкары, банк тутумунун капиталынын көбөйүшү четөлкө инвестициялардын агып келүүсүнө да байланыштуу. Уставдык капиталдын жана коммерциялык банктарга кошумча капитал катары которулган каражаттардын көбөйүүсү банк тутумунун капиталынын жалпы көлөмүнүн өсүшүнө алып келген, мында активдердин өсүшүнө салыштырганда накта суммардык капиталдын озгон арымда өсүшү (тиешелүүлүгүнө жараша, 28,2 пайыз жана 24,4 пайыз) байкалган. Натыйжада, капиталдын шайкештигинин чогуу алгандагы коэффициенти көбөйгөн, бул банктардын финансылык туруктуулугунун арткандыгын далилдөөдө.

*Кредиттик тобокелдик* активдерди жана балансган тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланган. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдын (РППУнун) кредиттик жоготуу тобокелдигин өзүнө камтыган активдердин жалпы суммасына карата катышы катары эсептелген кайтарылбай калуу тобокелдиги отчеттук мезгилдин акырына карата 3,0 пайызды (2004-жылы – 2,7 пайыз) түзгөн. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдердин суммасы 378,4 млн. сомду же өзүндө кредиттик жоготуу тобокелдигин алып жүргөн бардык активдердин 1,9 пайызын түзгөн (2004-жылы – 1,1 пайыз же 178,2 млн. сом).

*Валюталык тобокелдик.* 2005-жылдын акырына карата банк тутумунун валюталык активдери 15,1 млрд. сом-

[1] Коммерциялык банктардын, аларга мүнөздүү кредиттик тобокелдин деңгээли боюнча алынган активдери жана балансган тышкары милдеттенмелери.

[2] Банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы ишинин финансылык жыйынтыгын, туунду уюмдарга инвестицияларды эске албаганда жана башка финансы-кредиттик мекемелердин капиталынан тышкары түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Ал Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

ду же суммардык активдердин 68,4 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын четөлкө валютасындагы милдеттенмелери 14,4 млрд. сомду же бардык милдеттенмелердин 77,7 пайызын түзгөн.

*Ликвидүүлүк (өтүмдүүлүк) тобокелдик.* Активдердин жана милдеттенмелердин жайгашуу жана төлөө мөөнөттөрү боюнча түзүмү мөөнөттөрдүн ар бир аралыгында (3.3.2.3. таблицасы) милдеттенмелердин активдер менен орду жабылышы көзкарашынан алганда, банктардын абалын мүнөздөйт жана тиешелүү аралык үчүн мөөнөттөр боюнча активдердин жана милдеттенмелердин ылайык келбей калышы шартында каражаттарга болгон керектөөнү чагылдырат.

***3.3.2.2-таблица***

Коммерциялык банктардын четөлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери

*(млн. сом)*

| | 2004-ж. | 2005-ж. |
|---|---|---|
| Четөлкө валютасындагы активдер | 12 818,1 | 15 062,5 |
| Четөлкө валютасындагы милдеттенмелер | 12 265,2 | 14 386,5 |

*Эскертүү: 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик курсу боюнча – 1 АКШ доллары/ 41,3011 сом .*

***3.3.2.3-таблица***

Активдердин жана милдеттенмелердин мөөнөттөр боюнча жайгаштырылышы

*(млн. сом)*

| 2004-ж. | Аралыгы, мөөнөтү күндөр менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашкан | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 9 679,2 | 1 293,8 | 1 990,3 | 2 073,7 | 2 283,8 | 17 320,9 |
| Финансылык милдеттенмелер | 10 836,0 | 816,4 | 878,8 | 736,4 | 1 593,3 | 14 861,0 |
| Финансылык активдер минус финансылык милдеттенмелер (айырма) | -1 156,8 | 477,4 | 1 111,5 | 1 337,3 | 690,5 | 2 459,9 |

| 2005-ж. | Аралыгы, мөөнөтү күндөр менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашкан | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 12 651,9 | 1 036,0 | 1 735,4 | 2 745,6 | 3 561,5 | 21 730,5 |
| Финансылык милдеттенмелер | 13 398,1 | 837,1 | 800,9 | 1 290,3 | 2 130,6 | 18 457,0 |
| Финансылык активдер минус финансылык милдеттенмелер (айырмасы) | -746,2 | 198,9 | 934,5 | 1 455,3 | 1 430,9 | 3 273,5 |

### 3.3.3. Инспектирлөө

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензияланган коммерциялык банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин финансылык абалына, алардын Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын талаптарын сактоосуна баа берүү үчүн 2005-жылы банктарда, ЭСКда, КАФКда жана Финкомпанияда 21 комплекстүү текшерүү жүргүзүлгөн.

Отчеттук жылдын ичинде Улуттук банктын төлөмдөрдү өткөрүү мөөнөттөрүн сактоо, реквизиттердин туура толтурулушу жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрү үчүн

акыларды кармап калуу тартиби, ошондой эле айрым банктык операцияларды жүргүзүүнүн укук ченемдүүлүгү боюнча талаптардын аткарылышын текшерүү максатында коммерциялык банктардын ишине 11 максаттуу текшерүү жүргүзүлгөн. Мындан сырткары, коммерциялык банктардагы активдердин сапатына жана капиталдын топтолушуна баа берүү боюнча 7 максаттуу текшерүү жүзөгө ашырылган.

Жеринде барып инспектирлөө иши инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча талаптарга (жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча нускоо) ылайык жүзөгө ашырылган. Бул талаптарда коммерциялык банктарда жана финансы-кредиттик мекемелерде орун алган тобокелдиктерге кылдат анализдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле (кредиттик, операциялык, валюталык, ликвиддүүлүк тобокелдигин ж.б.) банкты башкаруу системасына баа берүүнү камтыган.

Отчеттук жылда жүзөгө ашырылган текшерүүлөр көпчүлүк коммерциялык банктарда башкаруу системасынын сапатынын жакшыргандыгын көрсөттү. Кредиттерди администрлөөнүн жана алардын мониторингинин сапаты жакшыргандыгы белгиленген. Ошону менен бирге эле, айрым банктарда ички контролдук системасында бир катар кемчиликтер аныкталган. Олуттуу мүнөздөгү кемчиликтер Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөлдүк боюнча комитетинин отурумунда каралуу менен алар боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынган.

### 3.3.4. Эскертүү чаралары жана санкциялар

Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарга жана финансы-кредиттик мекемелерге карата 2005-жылы төмөнкүдөй таасир этүү чаралары колдонулган:

- коммерциялык банктардын дарегине 5 эскертүү, 2 сунуш-көрсөтмө жана 3 рекламация жиберилген;
- Көзөмөлдүк боюнча комитеттин 14 отуруму өткөрүлүп, анда 5 коммерциялык банктын ишине тиешелүү маселелер каралган;
- эки коммерциялык банктын кызмат адамдарына акчалай айыптык төлөмдөр салынган (республиканын бюджетине 16,0 миң. сом которулган).

Отчеттук жылда капиталдын (өздүк каражаттардын) минималдуу өлчөмүнө коюлган талаптардын жана Улуттук банк тарабынан белгиленген башка экономикалык ченемдердин банк тарабынан бузууга жол берилгендигине байланыштуу «Ак Банк» ААКсынын лицензиясы кайтарылып алынган.

### 3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүктүн ченемдик базаларын өркүндөтүү

2005-жылы банктык көзөмөлдүк жана жөнгө салуу боюнча ченемдик базасын өркүндөтүү иши Кыргыз Республикасынын банк тутумунун ишинин натыйжалуулугун арттырууга жана аны өнүктүрүүгө багытталган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди төмөндөтүү үчүн аларды адекваттуу тескөө системасын калыптандыруу маселелерине өзгөчө маани берген. Улуттук банк, банктык көзөмөлдүн натыйжалуулугун арттырууга, банктарда корпоративдик башкарууну өнүктүрүүгө, банк тутумунун ачык-айкындуулугун күчөтүүгө, кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легализациялоо (изин жашыруу) операцияларына бөгөт коюу боюнча Банктык көзөмөл боюнча Базель комитеттинин негизги принциптерин колдонууга киргизүү ишин уланткан.

Отчеттук жылда «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында операциялык тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жоболор иштелип чыккан жана бекитилген. Бул документтерде коммерциялык банктарда операциялык жана кредиттик тобокелдикти тескөөнүн негизги принциптери чагылдырылып, өзүндө операциялык тобокелдикти алып жүргөн жагдайлар классификацияланган. Мындан тышкары, банктардын тобокелдиктерди тескөөнүн натыйжалуулугун камсыз кылууга тийиш болгон башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери аныкталып, коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө системасын калыптандыруунун пайдубалын түптөгөн саясаттарга, жол-жоболорго жана ички контролдукка карата минималдуу талаптар белгиленген.

Отчеттук жылда банк тутумунун туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн арттыруу максатында банктарды капиталдаштыруу боюнча талаптар кайрадан каралып чыккан: Улуттук банк Башкармасынын токтому менен иштеп жаткан банктын минималдуу капиталынын (өздүк каражатынын) өлчөмү (кеминде 100 млн. сом) жана кошумча капиталдаштыруу процессин аяктоо мөөнөтү (2008-жылдын үчтүн айынын бирине карата) белгиленген.

Банк тутумунда ак ниетсиз атаандаштыкты монополияга каршы жөнгө салуу, алдыналуу, эскертүү, чектөө жана бөгөт коюу жагында монополияга каршы жөнгө са-

луу саясаты жана негизги принциптери иштелип чыккан. Бул документ банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда атаандашууга таасир тийгизген банктар ортосундагы мамилени жөнгө салуу менен банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча Улуттук банктын саясатын аныктайт.

Улуттук банк, коммерциялык банктар жана башка таламдаш тараптардын ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу механизмин иш жүзүндө колдонуунун зарылчылыгы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен айрым банктык операцияларды жүзөгө ашырышкан коммерциялык банктар, уюмдар, ошондой эле алардын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын), юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейинки жөнгө салуу жөнүндө» Жобонун иштелип чыгуусун шарттаган.

Бул ченемдик актыда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана банктардын жана алардын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын), юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосунда келип чыккан бардык талаш маселелерди сотко чейинки жөнгө салуу тартибин милдеттүү түрдө сактоо менен чечүү каралган. Жободо банктын, финансы-кредиттик мекемелердин же башка адамдардын Улуттук банк тарабынан банкка карата көрүлгөн таасир этүү чараларына карата сотко чейинки даттануусунун тартиби аныкталган.

Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын финансылык отчетторду түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор жана Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда, башка финансы-кредиттик мекемелерде бухгалтердик эсепке алуунун эсептер планынын жаңы редакциясы бекитилген. Кабыл алынган өзгөртүүлөр финансылык отчет системасын өркүндөтүү, Улуттук банктын колдонуудагы ченемдик актыларын финансылык отчеттуулуктун Эларалык стандарттарына ылайык келтирүү, коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин финансылык отчетторунун ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатын көздөйт. Мындан тышкары, бул өзгөртүүлөр жана толуктоолор акчакредит жана финансы статистикасы көзкарашынан алганда, банктардын ишине тиешелүү маалыматтарды топтоо процессин жеңилдетип, ошондой эле банктардын эсепке алуу саясатын жана финансылык

отчетторун түзүү тажрыйбасына киргизилген өзгөрүүлөрдү да эске алат.

Отчетторду туруктуу өркүндөтүүнүн чегинде Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө жобонун (ПРБО) жана аны толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөнүн жаңы редакциясы бекитилген. Банктык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтарды ачып берүү системасын жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын негизги продукцияларынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы жөнүндө маалыматтардын формасы бекитилген. Бул формада коммерциялык банктардын негизги жана кыйла кеңири тараган кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифи жана пайыздык чендер жөнүндө маалыматтар: эсептерди ачуу жана тейлөө, акча каражаттарын которуу, жол чектери, баалуу кагаздар жана төлөм карттар менен операциялар, ошондой эле депозиттер жана кредиттердин түрлөрү боюнча пайыздык чендерге тиешелүү маалыматтар камтылат.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилгендигине байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын, финансы-кредиттик мекемелердин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндөгү» убактылуу жобонун негизинде, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын, финансы-кредиттик мекемелердин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндөгү» Жобо иштелип чыккан.

Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор тышкы аудитордун квалификациясына, анын көзкарандысыздыгына карата талаптарды, аудит жүргүзүүнүн тартибине, аудитордук корутундуну четке кагууга (кабыл албоого), банкта кайталап аудитти жүргүзүү талабын коюу жагында, Улуттук банк менен банктын жана анын тышкы аудиторунун ортосунда маалыматтарды алмашуу боюнча талаптарды белгилөөгө тиешелүү Улуттук банктын ыйгарым укуктарын кеңейтет жана толуктайт.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актылар системасын өркүндөтүү багытында иш улантылган. Кредиттик союздардын ишин көзөмөлдөө функциясынын Финкомпаниядан Улуттук банкка өтүшүнө байланыштуу, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансылык компаниясынын» ишин

жөнгө салуу эрежелеринин, кредиттик союздардын ишин жөнгө салуунун эрежелеринин жана «Кредиттик союздардын ишин лицензиялоо жөнүндө» Жобонун жаңы редакциялары иштелип чыккан жана кабыл алынган.

Улуттук банктын жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик актыларында финансы системасынын туруктуулугун сактоо жана кредиторлордун таламдарын коргоо, берилүүчү кредиттердин жана лизингдердин кайтарылбай калуу тобокелдигин төмөндөтүү максатында, кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы компаниясы жана бардык кредиттик союздар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон экономикалык нормативдер, талаптар жана чектөөлөр, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кредиттик союздарга лицензия берүү шарттары белгиленген.

Отчеттук жылда микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу иши улантылган. Алсак, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө» Жободо микрофинансылык уюмдардын категориясына жараша чаралар жана санкциялар аныкталган. Депозиттерди кабыл албастан жана өз капиталы менен иштеп жаткан микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин ишин жөнгө салуу мүмкүн болушунча жөнөкөйлөтүлгөн.

Улуттук банк тарабынан колдонулуучу таасир этүү чараларынын системасын жана практикасын өркүндөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредиттик мекемелерге колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндөгү» Жобо бекитилген. Ушул ченемдик актыга ылайык, тигил же бул таасир этүү чарасын колдонуу жөнүндө чечим кабыл алууда банктын капиталынын шайкештиги чечүүчү фактор болуп саналат. Жобонун талаптарын иш жүзүндө колдонуу үчүн анда банктын кызмат адамдары тарабынан жол берилген кемчиликтерге анализ жүргүзүүгө жана ошол кызмат адамдарына карата тиешелүү айыптык төлөмдөрдүн өлчөмүн аныктоого мүмкүндүк берген матрица камтылган.

Депозиттерди коргоо системасын иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү жагында иштер туруктуу жүргүзүлүп келүүдө. Отчеттук жылда коммерциялык банктар менен бирдикте, «Депозиттерди коргоо жөнүндө» мыйзам долбоорун жеткире иштеп чыгуу иши жүзөгө ашырылган, анын негизинде депозиттерди коргоо системасын колдонууга

киргизүү боюнча ишаракеттер планы иштелип чыккан. Депозиттерди коргоо фондун түзүү жана бул системага катышуу критерийлерине жооп берген коммерциялык банктарды тандоо максатында, алдынала шарттарды аткаруу каралууда. Ишаракеттер планы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Экономика жана каржы министрлигине, ошондой эле эларалык уюмдарга: ЭВФ (МВФ), ДБ, ЕББР, АӨБ жөнөтүлгөн.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясын иштеп чыгууга катышып жатат. Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктар менен бирдикте бул багытка тиешелүү сунуш, пикирлер даярдалып, ал Салык кодексин иштеп чыгуу боюнча Мамлекеттик комиссиянын кароосуна берилген.

4-ГЛАВА

# ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Накталай эмес эсептешүүлөр

Кыргыз Республикасында эки банктар аралык төлөм системасы иштейт, 2005-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигинин Борбордук казыналыгы, филиалдарын кошо алганда, коммерциялык банктар жана Мамлекеттер аралык банк алардын катышуучулары болуп саналышат.

***4.1.1.1-график***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




***4.1.1.2-график***

Банктар аралык төлөм системасы боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны (бир мезгилдин акырына карата)



Отчеттук жыл ичинде төлөм системасында оң тенденциялар байкалган. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу бардыгы болуп, жалпы суммасы 145,6 млрд. сомдук 1 млн. 22 миң төлөм өткөрүлгөн. Төлөмдөрдүн көлөмү 2004-жылдагыга салыштырганда 9,5 пайызга же 12,6 млрд. сомго көбөйгөн.

Төлөмдөрдүн жалпы саны 6,3 пайызга же 69 миң төлөмгө азайган. Бул, ири төлөмдөр системасында ушул көрсөткүчтүн маанисинин 7,4 пайызга көбөйүүсү шартында, клиринг системасында төлөмдөрдүн санынын 6,8 пайызга төмөндөшүнүн эсебинен жүргөн.

2005-жыл ичинде коммерциялык банктар банктык карттарды кеңири жайылтуу жана локалдык сыяктуу эле, эларалык системалар боюнча карттарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктураны өнүктүрүү багытындагы иштерди жигердүү уланткан.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын ичинен 15 банк эквайринг жана банктык карттарды пайдалануу менен кардарларды эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызматтарды сунуштаган. Мында 7 банк эларалык системалар картын, 4 банк локалдык системалардын картын чыгарган. Эларалык карттардын эмитент банктарынын ичинен 4 банк «Visa & Mastercard International» эларалык ассоциациясынын мүчөсү болуп саналат.

Эмитирленген карттардын жана аларды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын санынын көбөйүшү банктык карттар рыногундагы жигердүүлүктүн артып бара жаткандыгын айгинелейт. 2004-жылдагыга салыштырганда эмитирленген карттардын жалпы саны 2005-жылы 28,4 пайызга көбөйүү менен 17 380 төлөм картын түзгөн.

Карттарды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 1 719,4 млн. сомду түзгөн жана 2004-жылдагыга салыштырганда 4,1 пайызга көбөйгөн. Эларалык системалар боюнча 1 055,8 млн. сом суммасындагы операциялар жүргүзүлгөн, бул 2004-жылы өткөрүлгөн операциялардын көлөмүнөн 9,9 пайызга аз. Локалдык системалар боюнча операциялардын көлөмү 663,6 млн. сомду түзгөн, бул 2004-жылдагыга салыштырганда 38,1 пайызга көп.

Карт ээлери аларды накталай акчага айландырууга артыкчылык беришкен, төлөм карттарынан накталай акчаларды алуу боюнча операциялардын көлөмү 1 555,4 млн. сомду түзгөн, ошол эле учурда карттарды пайдалануу менен соода-сервисттик түйүндөрүндө бүтүмдөрдүн көлөмү 164,0 млн. сомду түзгөн. Төлөм карттарын пайдалануу менен операциялар боюнча накталай жана накталай эмес төлөмдөрдүн ортосундагы катыш тиешелүүлүгүнө жараша, 90,5 пайызды жана 9,5 пайызды түзөт. Жыл ичинде орточо алганда соода-сервисттик түйүндөрдөгү бир

***4.1.1.3-график****

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн жалпы санында карттар боюнча транзакциялардын үлүшү




** банктык карттар рыногу 2002-жылдан тартып жигердүү иштей баштагандыгынан улам, 2001-жыл үчүн маалыматтар келтирилген эмес.*

***4.1.1.4-график****

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө карттар боюнча төлөмдөрдүн көлөмүнүн пайыздык катышы




** банктык карттар рыногу 2002-жылдан тартып жигердүү иштей баштагандыгынан улам, 2001-жыл үчүн маалыматтар келтирилген эмес.*

картка төлөмдүн көлөмү 2 354 сомду түзгөн, ал эми банкоматтар жана кассалык терминалдар аркылуу орточо бир карттан накталай түрдө 3 490 сом алынган. Төлөм карттарын пайдалануу менен накталай жана накталай эмес төлөмдөрдүн ортосундагы мындай катыш аларды тейлөө боюнча инфраструктуранын жетиштүү түрдө өнүкпөгөндүгү, ошондой эле көпчүлүк эмитирленген карттар «эмгек акылар» боюнча болгондугу менен да шартталган. Өз кезегинде, локалдык карттарды тейлөөчү «эмгек акылар» долбоорлорунун жана пункттарынын кеңири жайылтуу, ошондой эле эларалык системалардын карттарына салыштырганда аларды тейлөө боюнча тарифтердин төмөндүгү локалдык карттарды пайдалануу менен жүзөгө ашырылуучу төлөмдөрдүн санынын өсүшүнө өбөлгө түзгөн.

Бардыгы болуп 2005-жылы карттарды пайдалануу менен 515 382 операция жүргүзүлгөн, бул 2004-жылдагыга караганда 7,5 пайызга аз. Алардын ичинен эларалык системалар боюнча 167 202 операция жүргүзүлгөн же 2004-жылдагыга салыштырганда 41,7 пайызга аз. Локалдык системалар боюнча 348 180 операция жүзөгө ашырылган, бул 2004-жылдагыга караганда 28,6 пайызга көп.

### 4.1.2. Төлөм системасын өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу

Иликтөөгө алынып жаткан жылы төлөмдөрдү натыйжалуу өткөрүүнү камсыз кылууга, экономикада накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттырууга багытталган Мамлекеттик программаны[1] жүзөгө ашыруу иши улантылган.

Төмөндө келтирилген төрт системаны түзүүнү караган «Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо» долбоорун жүзөгө ашыруу жогоруда аталган мамлекеттик программанын негизги багыттарынын бири болуп саналат:

- калайык-калктын майда чекене төлөмдөрүн, бюджеттик төлөмдөрдү коммерциялык коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу иштеп чыгуу боюнча пакеттик клиринг системасы;
- төлөм карттарын пайдалануу менен төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча бирдиктүү банктар аралык процессингдик борбору (ББПБ);
- финансы рыногунун натыйжалуу ишин камсыз кылуу үчүн реалдуу убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (РУЭГС);

[1] «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдү натыйжалуу өткөрүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураны түзүү боюнча 2003-2005-жылдарга ишчаралардын Мамлекеттик программасы» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2002-жылдын 31-декабрындагы №916-биргелешкен токтому менен бекитилген.

- Системаларды интеграциялоо жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептер боюнча эсептешүүлөрдү өз учурунда чагылдыруу үчүн Улуттук банктын Башкы китеби (Улуттук банктын БК).

2005-жылдын ичинде Пакеттик клиринг системасы жана Бирдиктүү банктар аралык процессингдик борбор системаларын сатып алуу боюнча ачык эларалык соода сынактары өткөрүлгөн, жеңүүчү компаниялар менен контрактыларга кол коюлуп, жабдууларды, программалык камсыздоолорду берүү жүзөгө ашырылган.

«Төлөм жана банк системасын модернизациялоо» долбоорун тескөөнү колдоого алууну камсыз кылуу максатында системаны ишке киргизүү учуруна карата рыноктук чөйрөнү даярдоодо узак мөөнөттүү консультациялык кызматтарды көрсөтүү боюнча компаниялар менен контракт түзүлгөн.

Республиканын бардык аймактары боюнча төлөм карттарын тейлөөнүн инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн 11 коммерциялык банк тарабынан ЖАК «Банктар аралык процессинг борбору» түзүлгөн. Бирдиктүү банктар аралык процессингдик борбор долбоорунун жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан ЖАК «Банктар аралык процессинг борборунун» уставдык капиталына Улуттук банктын катышуусу жөнүндө чечим кабыл алынган.

2005-жылы Реалдуу убакыт ыргагындагы эсептешүүлөрдүн гросстук системасын түзүү долбоору боюнча системаны берүүчүлөрдү тандап алуу багытында иштер жүргүзүлгөн.

Мамлекеттик программанын долбоорлорунун жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу үчүн төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн чегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын биргелешкен токтому менен «Кыргыз Республикасындагы накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө» жобо бекитилген. Документ Кыргыз Республикасынын аймагындагы накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн тартибин жана формасын, ошондой эле накталай эмес эсептешүүлөрдүн жаңы формаларын – банктык эсепти тике дебеттөөнү жана электрондук төлөм документтерин пайдалануу менен бардык нак эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү аныктайт.

Жаңы төлөм системасын жана инструменттерин ишке киргизүүгө карата рыноктук чөйрөнүн даярдыгын камсыз кылуу боюнча министрликтер жана ведомстволор менен биргелешкен иш бир эле учурда бир нече багыттар боюнча жүзөгө ашырылган.

Бул багыттардын бири болуп калктын утурумдук төлөмдөрүн (коммуналдык төлөмдөр, пенсияларды төлөө, эмгек акыларды, жөлөк пулдарды берүү ж.б.) банк туту-

му аркылуу нак эмес формадагы төлөмдөргө которуу саналат. Бюджеттик каражаттарды, калктын утурумдук төлөмдөрүн чогултуу боюнча технологиялык чечимдерди иштеп чыгуу үчүн, ошондой эле эмгек акыларды, пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка төлөмдөрдү нак эмес түрдө төлөп берүү боюнча жол-жоболорду даярдоо максатында Борбордук казыналык, анын бөлүмдөрү, Кирешелер боюнча комитет, Социалдык фонд, «Түндүк электро» ААКсы, МИ «Кыргызпочтасы», «Жылуулук түйүнү» ААКсы, «Кыргызгаз» АКсы жана башка уюмдар менен тиешелүү иштер жүргүзүлдү.

2005-жылы коммерциялык банктар эларалык жана локалдык системалардын карттарынын базасында «эмгек акы» долбоорун жайылтуунун үстүндө жигердүү иш алып барышты. Бүтүндөй алганда, 8 477 картты чыгаруу менен 95 «эмгек акы» долбоору жүзөгө ашырылган.

Бюджеттик уюмдарда иштегендердин эмгек акыларын коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу төлөп берүүнү уюштуруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин жана административдик ведомстволорунун кызматкерлерине эмгек акыларды коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу төлөө жөнүндө» биргелешкен токтомунун долбоору даярдалды.

Отчеттук мезгил ичинде Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө маселелер ар кайсы деңгээлинде бир нече жолу каралды. Мамлекеттик программанын долбоорлорун жүзөгө ашыруунун чөйрөсүн кеңейтүүгө жана экономикада накталай эмес эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү процессине бардык таламдаш чарба жүргүзүүчү субъектилерди тартууга байланыштуу Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруунун мөөнөттөрүн 2008-жылдын акырына чейин узартуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жылдын бештин айынын отузундагы №632/26/7 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Респубилкасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча жана төлөмдөрдү натыйжалуу өткөрүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураны түзүү боюнча 2003-2005-жылдарга ишчаралардын Мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» биргелешкен токтому бекитилген.

# 4.2. Накталай акча жүгүртүлүшү

Республиканын экономикасынын нак акчаларга болгон муктаждыгын өз убагында камсыз кылуу, банкноттордун сапатын жана коргоо касиеттерин жогорулатуу Улуттук банктын ишинин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

2005-жылдын акырына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү акчалардын суммасы 13 414 млн. сомду түзгөн жана 2005-жылдын баш жагындагыга салыштырганда 17,4 пайызга өскөн.

2005-жылы жүгүртүүдөгү нак акчалардын өсүшүн камсыз кылуу негизинен, курулуштун, сооданын жана айылчарба багытындагы жер рыногунун интенсивдүү өнүгүүсүнүн, ошондой эле эмгек акыларды жогорулатуунун, товардык рыноктун каныгуусунун эсебинен жүргөн.

Накталай акчалардын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарылып келүүсүнүн көрсөткүчү отчеттук жылда 96,2 пайызды түзгөн (2004-жылы – 98,0 пайыз). Кайтарымдуулук Ош шаары жана Нарын областы боюнча өскөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына накталай акчалардын келип түшүүсү 2005-жылы 66 975 млн. сомду түзгөн, бул 2004-жылдагыга караганда 16,9 пайызга көп, ал эми банктардын кассаларынан берүү 19,1 пайызга өсүү менен 69 617 сомду түзгөн.

***4.2.1-график.***
Жүгүртүүдөгү акчалардын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




***4.2.1-таблица***
Накталай акчалардын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу республиканын региондору боюнча жылышы (бир мезгил ичинде)

| | Келип түшүү, *млн. сом* | | Берүү, *млн. сом.* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2004-ж.** | **2005-ж.** | **2004-ж.** | **2005-ж.** | **2004-ж.** | **2005-ж.** |
| Бардыгы болуп | 57 271 | 66 975 | 58 432 | 69 617 | 98,0 | 96,2 |
| Баткен обл. | 483 | 628 | 1 474 | 1 900 | 32,7 | 33,0 |
| Жалалабат обл. | 3 586 | 4 665 | 5 480 | 7 210 | 65,4 | 64,7 |
| Ысыккөл обл. | 1 901 | 2 278 | 2 470 | 3 218 | 76,9 | 70,8 |
| Нарын обл. | 468 | 605 | 1 347 | 1 601 | 34,7 | 37,8 |
| Ош обл. | 863 | 1 090 | 2 185 | 2 846 | 39,5 | 38,3 |
| Талас обл. | 482 | 635 | 1 090 | 1 448 | 44,3 | 43,9 |
| Чүй обл. | 3 148 | 3 902 | 2 889 | 3 692 | 108,9 | 105,7 |
| Ош ш. | 5 759 | 9 286 | 4 638 | 7 002 | 124,2 | 132,6 |
| Бишкек ш. | 40 581 | 43 886 | 36 859 | 40 700 | 110,1 | 107,8 |

Улуттук банкка коммерциялык банктардан 2005-жылдын ичинде 11145 млн. сом суммасындагы нак акча келип түшкөн жана — 13323 млн. сом берилген. Бюджеттик уюмдарга эмгек акыларды төлөөгө 1999 млн. сом, пен-

сияларды төлөөгө – 999 млн. сом, жөлөк пулдар үчүн — 303 млн. сом, жана башка төлөмдөргө – 7906 млн. сом, чарбалык эсептеги уюмдарына – 1676 млн. сом берилген.

Жүгүртүүдөгү акчалардын купюралык түзүмүнө анализ жүргүзүүнүн негизинде банкноттордун тиешелүү номиналдарынын оптималдуу запастарын колдоо боюнча иш жүргүзүлгөн, жаңы банкнотторду жүгүртүүгө чыгаруу, эскилиги жеткен банкнотторду жүгүртүүдөн алуу жана аларды жок кылуу иштери жүзөгө ашырылган. Улуттук банктын кассасына коммерциялык банктардан 2005-жылы 2 290 млн. сом суммасындагы эскилиги жеткен банкноттор келип түшкөн.

Жүгүртүүдөгү банкноттордун түзүмү жалпысынан туруктуу эле, салыштырмалуу салмактын бир кыйла өзгөрүүсү 1000 сом номиналындагы банкноттор боюнча катталган.

***4.2.2-таблица***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата суммардык мааниде)
*(пайыздар)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1000 сом | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2004-ж.** | 1,3 | 1,0 | 2,0 | 5,2 | 10,0 | 12,8 | 23,9 | 43,8 | 100,0 |
| **2005-ж.** | 1,2 | 1,0 | 1,8 | 4,6 | 8,2 | 12,2 | 23,0 | 48,0 | 100,0 |

***4.2.2-график***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун номиналы боюнча бөлүштүрүү (бир мезгилдин акырына карата)




2005-жылдын жетинин айында 500 сом номиналындагы өркүндөтүлгөн мүнөздөмөгө ээ банкнот жүгүртүүгө чыгарылган.

Нумизматикалык монеталарды чыгаруу боюнча иштер улантылууда. 2005-жылдын бугу айынын төртүнөн тартып жүгүртүүгө эки эстелик монетасы: «Улуу Жеңишке 60 жыл» («60 лет Великой Победы») жана «Кыргызстан Улуу Жибек Жолунда: Ташрабат» («Кыргызстан на Великом щелковом пути: Ташрабат») чыгарылган.

Улуттук банк тарабынан нак акчаларды жүгүртүүнү жана кассалык иштерди уюштуруунун ченемдик базаларын, жол-жоболорун андан ары өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. «Улуттук банкта кассалык операцияларды жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө» убактылуу нускоого толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилип, Улуттук банкты тиешелүү акча жабдуулары менен камсыз кылуунун тартиби жана принциптери иштелип чыккан.

2005-жылы Жалалабат областтык башкармалыгынын сактоо жайынан баалуулуктардын уурдалып кетишине байланыштуу областтык башкармалыктын ишин толук көлөмдө калыбына келтирүү жана Жалалабат областындагы коммерциялык банктардын филиалдарын нак акчалар менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлгөн.

Банкноттордун төлөөгө жарактуулугун текшерүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин чегинде 2005-жылдын ичинде Улуттук банкка келип түшкөн 764 арыз боюнча 268 миң сом суммасындагы банкнот экспертизадан өткөрүлдү.

Улуттук банк тарабынан республиканын укук коргоо органдары менен бирдикте жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Сот департаментинин маалыматтары боюнча 2005-жылы республиканын аймагында соттордо жасалма банкноттордун табылышына байланыштуу 11 кылмыш иши козголуп, өкүм чыгарылган.

Улуттук валютадагы банкнотторго аяр мамиле жасоону калк ичинде калыптандыруу максатында, «Сом - Кыргызстандын жүзү» деп аталган жыл сайын жүргүзүлүүчү маалыматтык-билим берүү ишаракетинин чегинде кыргыз жана орус тилдеринде шектүү банкноттун аныктыгын дароо текшерүүгө мүмкүндүк берген коргоо элементтери камтылган маалыматтар чагылдырылган жылнаамалар даярдалган. Улуттук банктын нумизматикалык музейинин базасында журналисттер жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн «Ачык эшик күндөрү» өткөрүлүп, анын жүрүшүндө келүүчүлөр «Улуттук валютанын тарыхы» экспозициясы менен тааныша алышты.

5-ГЛАВА

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

## 5.1. Эларалык уюмдар менен кызматташуу

2005-жылы Улуттук банк узак мөөнөткө каралган улуттук программалардын ишине катышкан жана Эларалык валюта фондусу, Дүйнөлүк банк, Реконструкциялоо жана өнүктүрүүнүн Европа банкы, Азия өнүгүү банкы менен өзара иш алып барууну уланткан. Башка эларалык финансы-кредиттик мекемелер менен да өзара мамилелер андан ары өнүккөн. Улуттук банк финансы секторун өнүктүрүү, ошону менен катар төлөм системасын модернизациялоо боюнча эларалык финансы институттарынын техникалык жардамдарынын натыйжалуулугун жогорулатууга тиешелүү чараларды көргөн.

Улуттук банктын Эларалык валюта фонду (ЭВФ), Дүйнөлүк банк (ДБ) менен өзара аракеттенүүсү төмөндөгү негизги багыттар боюнча жүзөгө ашырылган:

- Жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү Программасынын чегиндеги ишчараларды жүзөгө ашыруу;
- Эларалык валюта фондунун жана Дүйнөлүк банктын финансы секторуна баа берүү боюнча биргелешкен программасын жүзөгө ашыруу;
- статистиканы өркүндөтүү (эларалык финансы статистикасынын жыйнагына жарыялоо үчүн статистикалык отчеттун жаңы формасына өтүү);
- Кыргыз Республикасынын төлөм системаларын реформалоо.

Аткаруу кеңеши Жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү боюнча 2001-2004-жылдарга программанын Кыргыз Республикасынын жүзөгө ашырышына баяндаманы бүткөргөн. 2005-жылдын бирдин айында Жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү жаңы Программасынын (ПРГФ) чегинде Эларалык валюта фондунун Аткаруу кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-2007-жылдарга экономикалык программасын колдоо үчүн 8,88 миллион АКУ (СПЗ) (13,6 миллион АКШ долларына жакын) сумманы бекиткен. Жаңы үч жылдык программанын максаты туруктуу экономикалык өсүштү сактоо жана жакырчылыкты андан ары кыскартуу болуп саналат.

Жарыялануучу статистикалык маалыматтардын сапатын жана ачык айкындуулугун жогорулатуу максатында, ошондой эле акчакредит жана финансы статистикасы багытындагы талаптарга ылайык, 2005-жылдын бирдин

айынан тартып ЭВФ эларалык финансы статистикасынын (International Financial Statistcs) жыйнагына жарыялоо үчүн статистикалык отчеттун жаңы формасын киргизген. Улуттук банк борбордук банктын, башка депозиттик корпорациялардын аналитикалык эсептери жана акча топтомдору боюнча маалыматты камтыган статистикалык отчеттун жаңы формаларын иштеп чыгуу менен 2005-жылдын бирдин айынан тартып жогоруда көрсөтүлгөн топтомдо жарыялоо үчүн отчеттун жаңы формалары боюнча маалыматты бере баштаган.

Маалыматты таркатуунун жалпы системасына (МТЖС) жана атайын стандарттарына (МТАС) ылайык отчеттук жыл ичинде Улуттук банк коомчулукка акчакредит чөйрөсүндөгү маанилүү болгон макроэкономикалык көрсөткүчтөр жөнүндө коомчулукка жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу жана Улуттук банктын веб–баракчасына жайгаштыруу аркылуу маалымдоону уланткан.

Финансы секторуна баа берүү программасынын (FSAP) чегинде Эларалык валюта фонду менен кызматташтык улантылган. Отчеттук жылы аяк оона айында республикабызда негизги Базель принцибине банктык көзөмөлдүн ылайык келүүсүнө баа берүү үчүн ЭВФтин миссиясы келип кеткен. Миссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча негизги Базель принцибине банктык көзөмөлдүн ылайык келүүсүн жакшыртуу үчүн аракеттердин сунушталып жаткан планын камтыган жыйынтыктоочу отчет даярдалган. Улуттук банкка консультациялык жардамдарды берүү үчүн ЭВФтин банктык көзөмөл маселеси боюнча консультанты ишке тартылган.

ЭВФтин төлөм системасын реформалоо боюнча миссиясынын сапары учурунда «Кыргыз Республикасында төлөм жана банк системаларын модернизациялоо» долбоорун жүзөгө ашыруунун чегинде өткөрүлүп жаткан иш-чаралардын жыйынтыктары талкууланган. Кыргыз Республикасынын төлөм системасын реформалоо, ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүү, төлөм системасынын катышуучулары жана пайдалануучулары менен өзара аракеттенүү боюнча жетишилген ийгиликтер талкууга алынды. Жаңы системаларды жана төлөм инструменттерин ишке киргизүү үчүн негиздерди камсыз кылуу максатында, төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүгө тиешелүү комментарийлер алынып, талкууланды, мамлекеттик кызматкерлердин эмгек акыларын коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу төлөөгө этап-этабы менен өтүү пландарынын долбоору каралган. ЭВФтин сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен Улуттук банктын адистери тарабынан нак эмес эсептешүүлөрдү жана төлөм системасынын ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик документтердин бир катар долбоорлору иштелип чыккан.

Төлөм системасын реформалоо жагында Дүйнөлүк банк менен кызматташуулар улантылды. Дүйнөлүк банктын финансылык колдоосу менен «Кыргыз Республикасынын төлөм жана банк системаларын модернизациялоо» долбоорун жүзөгө ашыруунун чегинде, эки – Пакеттик клиринг системасын жана Бирдиктүү банктар аралык процессингдик борбор системаларын сатып алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн. Системаларды сатып алуу өткөрүлгөн эларалык сынактык тооруктардын жыйынтыгы боюнча Дүйнөлүк банктын сатып алуу жол-жоболоруна ылайык жүзөгө ашырылган. Жогоруда аталган долбоорду жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө келип чыккан маселелерди макулдашуу максатында, Дүйнөлүк банктын төлөм системалары боюнча эксперттери, маалымат технологиясынын адистери менен бир катар видеоконференциялар өткөрүлдү.

Азия өнүгүү банкы менен кызматташуунун чегинде банк секторун жана капитал рыногун өнүктүрүү программасын даярдоо боюнча иш улантылган, аны жүзөгө ашыруу 2006-2008-жылдарга пландаштырылып жатат.

Банктык мыйзамдардын талаптарын аткаруусуна жана жөнгө салуу ченемдерин сактоого, инвесторлордун корголушун камсыз кылуу үчүн баалуу кагаздар рыногуна анын ачык-айкындуулугун жана ишинин натыйжалуулугун арттыруу менен бирге эле көзөмөлдүктү чыңдоо, капитал рыногун өнүктүрүүгө, финансы секторунун тең салмактуу өнүгүүсүнө жана инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү жана каржылоону диверсификациялоого чек койгон факторлорду четтетүү аркылуу финансы секторунун ортомчулук ролун таасирдүү аткаруусу үчүн анын жигерин арттыруу бул программанын максаты болуп саналат.

Бул Программанын чегинде техникалык жардамдарды берүү: банктык жана банктык эмес финансы секторуна көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик мекемелердин кызматкерлерине консультациялык жардамдарды берүү жана аларды окутуу каралууда. Бул Программаны даярдоо максатында, Азия өнүгүү банкынын баа берүү миссиясы 2005-жылы Кыргыз Республикасына үч жолу келип кетишкен. Миссиянын ишинин жыйынтыгы боюнча Азия өнүгүү банкы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда өзара түшүнүшүү Меморандум даярдалган, анда Азия өнүгүү банкынын сунуш-көрсөтмөлөрү, ошондой эле кредиттин күчүнө кирүү шарттары чагылдырылган.

Азия өнүгүү банкы менен «Айылдык финансы мекемелери» жана «Кредиттик сактык союздар системасы жана микрокаржылоо үчүн потенциалды күчөтүү» кредиттери боюнча кызматташуу улантылган. Азия өнүгүү банкынын бул долбоорлорун жүзөгө ашыруунун чегинде эки баянда-

ма берүү миссиясы өткөрүлдү, ошондой эле Улуттук банкка техникалык жардам берилген. Азия өнүгүү банкынын баяндама берүү миссиясынын ишинин жыйынтыгы боюнча 2005-жылдын жетинин айында өзара түшүнүшүү жөнүндө Меморандумуна кол коюлду, ага ылайык «Айылдык финансы институттары» долбоорунун мөөнөтү 2006-жылдын акырына чейин улантылган. Мындан тышкары, Финансы компаниясын менчиктештирүү жана көзөмөл функциясын өркүндөтүү боюнча ишчаралар аныкталган.

2005-жылы кредиттик союздардын иши жана кредиттик союздардын кызматкерлерин окутуу маселеси боюнча «Айылдык финансы институттарын өнүктүрүү» долбоорунун чегинде Германия техникалык кызматташуу коому (GTZ) менен иш жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасында микрокаржылоону 2006-2010-жылдарга өнүктүрүүнүн Орто мөөнөттүү стратегиясын иштеп чыгуу процессинде Улуттук банк республиканын микрокаржылоо системасын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүп жаткан эларалык донор уюмдары (GTZ, БУУ, ЕБРР, АӨБ, USAID, АРИС IFC) менен өзара аракеттенген. Стратегияны иштеп чыгуу FIRST Initiative программасынын финансылык колдоосу жана Улуттук банк менен иштеген FACT BV (Нидерланддар) компаниясынын консультанттар тобунун техникалык жардамы жана 2005-жылдын теке-аяк оона айларында микрокаржылоо секторунун өкүлдөрү тарабынан жүзөгө ашырылган.

2005-жылы USAID тарабынан «Борбордук Азиядагы экономикалык реформа» үч жылдык программасы боюнча демилге көтөрүлгөн. Бул Программанын чегинде Кыргыз Республикасынын банк секторуна техникалык жардам берүү каралган. Бул максаттар үчүн USAID тарабынан Улуттук банкка жана республиканын коммерциялык банктарына консультациялык кызматтарды сунуштоочу «BearingPoint» компаниясы тандалып алынган. Өткөн мезгилде бул компания тарабынан тышкы көзөмөл жана тобокелдиктерди тескөө маселеси боюнча бир катар семинарлар өткөрүлүп, аларда көзөмөл жүргүзүү жагында кызматкерлери окушкан, ошондой эле көзөмөлдүн ченемдик укуктук базасын андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча консультациялар берилген.

Улуттук банк интеграциялык институттар чегинде ишти уланткан. Улуттук банктын кызматкерлери Мамлекеттер аралык банктын ишинин жана өнүктүрүүнүн перспективалык программасын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун курамында төмөндөгүдөй маселелерди талкуулоого катышышты:

- КМШ өлкөлөрүнүн жалпы төлөм-эсептешүү системаларын андан ары өнүктүрүү жана тиешелүү ченемдикукуктук базаны иштеп чыгуу;
- ЕврАзия экономикалык шериктештигине (ЕврАзЭС)

катышуучу мамлекеттеринин аймагында жеке адамдар тарабынан улуттук валютада жүзөгө ашырылуучу акча которуулар системасын түптөө;

- ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттеринин интеграцияланган валюталык рыногун уюштуруу жаатында кызматташуу.

ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин ортосунда эсептешүүлөр жөнүндө статистикалык маалыматтардын бирдиктүү базасын даярдоо боюнча иш-чаралардын чегинде «ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттер ортосунда эсептешүүлөрдүн валюталык структурасы жөнүндө маалыматтардын формасын» биргелешип иштеп чыгуу жүзөгө ашырылган.

Улуттук банк КМШ жана ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттеринин экономикалык жактан интеграциялануусуну андан ары өнүктүрүүгө, валюталык режимди шайкеш келтирүүгө жана либерализациялоого багытталган ишти жүргүзгөн. ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттеринин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилер Кеңешинин (мындан ары Кеңеш) чегинде Улуттук банктын кызматташуусун өзгөчө белгилеп кетүү зарыл.

Кеңештин 2005-жылдын бугу жана тогуздун айларында өткөрүлгөн отурумунда банк тутумун өнүктүрүүгө, валюталык жөнгө салуу жаатында кызматташууга, ошондой эле статистикалык маалыматтарды алмашууга тиешелүү бир катар олуттуу маселелер каралган. 2005-жылы Кеңеш тарабынан төмөндөгүдөй иш-чаралар өткөрүлгөн:

- ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин капиталдын жылышына байланыштуу операциялар боюнча валюталык жөнгө салуу жана валюталык контролдоо жагында саясаттарынын негиздөөчү принциптери жөнүндө Келишимдин долбоору жактырылган жана кароого сунушталган;
- ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин валюта чөйрөсүндөгү кызматташуу концепциясын жүзөгө ашыруу боюнча ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын ишчараларынын планы бекитилген;
- ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин банк секторуна салыштырмалуу анализдерди жүргүзүүдө пайдалануу үчүн отчеттун атайын формасы иштелип чыкты жана бекитилди.

## 5.2. Борбордук банк менен кызматташуу

2005-жылы бир катар мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктары менен Улуттук банктын техникалык жана консультациялык жардам көрсөтүү, маалымат алмашуу, мыйзамдык жана ченемдик укуктук базаларды өркүндөтүү, банктык жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишине көзөмөлдүк проблемалары, ошондой эле тажрыйба алмашуу жана Улуттук банктын персоналдарынын кесиптик даярдыктарын жогорулатуу маселеси боюнча программаны жүзөгө ашыруу жагында кызматташууну уланткан.

Улуттук банктын Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуусунун чегинде 2005-жылдын бугу айында орто менеджердик курамдын башкаруу компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу үчүн Улуттук банктын менеджерлери үчүн тренингдер өткөрүлгөн. Мындан тышкары, 2005-жылдын ичинде Швейцария Улуттук банкы тарабынан банк иштери жана накталай акча жүгүртүлүшүн өнүктүрүү маселеси боюнча консультациялык жардам көрсөтүлгөн, ошондой эле жаш экономисттер жана орто звенодогу адистер үчүн акчакредит саясаты маселеси боюнча окутуу семинарлары уюштурулган. Швейцария Улуттук банкы менен бирдикте 2005-жылы бир катар изилдөө иштери да башталган.

ДойчеБундесбанкы менен накталай акча жүгүртүлүшү жана банктын кызматкерлерин кесиптик жактан даярдоо жагында консультациялык жардамдарды көрсөтүү боюнча кызматташуу улантылган. Алып көрсөк, ДойчеБундесбанкы тарабынан Улуттук банктын кызматкерлери үчүн ички аудит жана тобокелдикти тескөө маселеси боюнча семинар баш оона айынын акырында уюштурулган. 2005-жылдын тогуздун айында ДойчеБундесбанкынын борбордук банктар менен техникалык кызматташуу Борборунун директору иш сапары менен болуп, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен кийинки жылга кызматташуунун негизги багыттары аныкталган. Иш сапардын жүрүшүндө кызматташуу матрицасына мурда камтылган долбоорлор талкууланган, Улуттук банктын кызматкерлери үчүн окутуу семинарларын өткөрүү жөнүндө макулдашууга жетишилип, ДойчеБундесбанкынын адистери тарабынан 2006-жылда консультативдик жардамдарынын көрсөтүлүшү талкууланган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Польша Улуттук банкы тарабынан 2004-жылдын чын куран айында кол коюлган Келишимге ылайык 2005-жылдын кулжа айында Польша Улуттук банкынын (ПУБ) делегациясынын иш сапары болгон. Анын жүрүшүндө кызматташуунун андан ары келечектери талкууланып, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери үчүн семинар өткөрүлгөн, анда Польша Улуттук банкынын өкүлдөрү акчакредит саясаты, эларалык камдарды тескөө, борбордук банкта стратегиялык пландаштыруу жана банктын эларалык мамилелерин өнүктүрүү жагында өз тажрыйбалары менен бөлүшкөн.

Кызматташуу жөнүндө меморандумга ылайык 2005-жылы Улуттук банктын негизги структуралык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери акчакредит саясат жана төлөм системасы маселелери боюнча тажрыйбаларды алмашуу чегинде Кытай Эл банкына барып келишкен.

Улуттук банктын кызматкерлеринин КМШ жана алыскы четөлкөлөрдүн борбордук банктары менен акчакредит саясаты жана маалымат алмашуу жагында кызматташуулары улантылган. Атап айтканда, мындай өзара иш алып баруу Кытай, Швейцария, Казакстан, Россия борбордук банктары менен да жүзөгө ашырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Россия борбордук банкы жана Мамлекеттер аралык банк менен кызматташуунун чегинде реалдуу жана банк сектору боюнча, ошондой эле акча топтомдору боюнча статистикалык маалыматтарды ай сайын берип турган.

Улуттук банктын өкүлдөрү Караденңиз чөлкөмү, Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн Борбордук банктарынын Башкаруучулар Клубунун отчеттук жылда клубдун Катчысынын милдетин аткаруучу Россия Борбордук банкы тарабынан уюштурулган кезектеги отурумдарына катышышкан. Отурумдарда борбордук банктардын ишинин эң эле актуалдуу багыттары: акчакредит саясатын жүргүзүү; банк секторун өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары; төлөм системасын өнүктүрүү ж.б. боюнча тажрыйба алмашуу болгон.

Англия, Франция, Германия, Түркия жана Италия борбордук банктары менен: кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана техникалык жардамдарды берүү маселелери боюнча кызматташуу улантылган. Улуттук банктын кызматкерлери Монголиянын, Чехиянын, Австриянын, Польшанын жана Голландиянын борбордук банктарында окуп келишкен.

2005-жылы Россиянын Борбордук банкы, Тажикстандын, Молдованын, Казакстандын Улуттук банктары ме-

нен тажрыйба алмашуу боюнча өзара стажировкалар уюштурулган. Ошондой эле, Улуттук банктын кызматкерлери Россия, Украина, Белоруссия, Арменияныни жана Азербайжандын борбордук (улуттук) банктары тарабынан уюштурулган семинарларга катышып келишкен.

6-ГЛАВА

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

Улуттук банктын 2005-жылга чейинки өнүгүшүнүн негизги багыттарында коюлган максаттарды жана милдеттерди аткаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, отчеттук жылда уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү жана кызматкерлердин санын оптималдаштыруу боюнча иштер улантылган. Улуттук банктын кадр саясаты жагындагы иш ыкмалары жана принциптери Персонал менен иш алып баруу стратегиясында жана Улуттук банктын Кызматкерлеринин кызматтык этикасынын нормалары кодексинде баяндалган.

Башкаруу аудитин жүргүзүүнүн натыйжасында 2005-жылдын бирдин айында Улуттук банк Башкармасы уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдады.

Улуттук банктан лицензия алуучу жана иши ал тарабынан жөнгө салынуучу микрофинансы уюмдарынын, кредиттик союздардын жана башка банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин саны өскөндүгүнө байланыштуу жана алардын ишаракетине көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл бөлүмү Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгына өзгөртүлүп түзүлдү, анын курамына эки бөлүм: инспекциялоо бөлүмү жана тышкы көзөмөл жана лицензиялоо бөлүмү кирген.

Эларалык финансы институттары менен иштөөнүн формалары өзгөргөндүгүнө байланыштуу, инвестициялар

***6.1.1- график***

Адистердин стаж боюнча курамы (бир мезгилдин акырына карата)



жана техникалык жардамдарды координациялоо боюнча дирекция долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмүнө өзгөртүлүп түзүлгөн. Бухгалтердик эсепке алуу методологиясы жана андан ары контролдоо бөлүмү менен бухгалтердик эсепке алуу жана анализдөө бөлүмүн бириктирүү жолу аркылуу Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгынын курамында финансылык отчеттуулук жана контролдоо бөлүмү түзүлдү.

Отчеттук мезгилде Улуттук банктын областтык башкармалыктарын кайра өзгөртүп түзүү жүргүзүлгөн. Улуттук банктын областтык башкармалыктарынын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүнүн жаңы штаттык тизими бекитилди, ал боюнча алардын кызматкерлеринин жалпы саны 20 штаттык бирдикке кыскартылды.

***6.1.2- график***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы (бир мезгилдин акырына карата)




Уюштуруу түзүмүндөгү өзгөртүүлөр Улуттук банктын штаттык санын 9,0 пайызга кыскартууга өбөлгө түзгөн. Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча уюштуруу түзүмү борбордук аппараттын 24 структуралык бөлүмүн, 5 областтык башкармалыкты жана Улуттук банктын Баткен областындагы өкүлчүлүгүн камтыган.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзамын аткарууда, Улуттук банк тарабынан аны жүзөгө ашыруунун кошумча ишчаралары иштелип чыкты. Жалпы бөлүмдүн курамында Котормо тобу түзүлүп, ага «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзамдын талаптарын жүзөгө ашыруу жаатындагы иштерди координациялоо милдети жүктөлдү.

Улуттук банкта 6 комитет жана 10 комиссия иш алып барат. Комитеттер менен комиссиялардын иштөө тартиби жана жол-жоболору тийиштүү жоболор менен жөнгө салынат. Комитеттер менен комиссиялардын иши Улуттук банктын чечим кабыл алууда корпоративдик маданиятты өнүктүрүүгө жана анын ишаракетин өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет.

Улуттук банкта жүзөгө ашырылып келаткан сынактык тандоо системасы кызматчыларды жумушка кабыл алууда ачык-айкын, тең укуктуу жана адилеттүү мамилени, ошондой эле зарыл квалификациядагы адистерди тандап алууну камсыз кылууда. Сынактарды өткөрүү тууралуу жарыялар жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Улуттук банктын веб-сайтында жарыяланып турат. Сынакка байланыштуу суроолор боюнча маалыматтар жана кеңештер персонал менен иш алып баруу бөлүмү тарабынан камсыз кылынган.

Каралып жаткан жылы 19 ачык жана 3 ички сынак өткөрүлдү, анын ичинен 5 ачык жана 1 ички сынак Улуттук банктын областтык башкармалыктарында иштөөгө талапкерлерди тандоо үчүн өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынактарга 260 адам катышып, алардын жыйынтыктары боюнча 22 адис Улуттук банкка ишке кабыл алынды.

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин иш жүзүндөгү саны борбордук аппаратта 415 жана областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө 82 адамды түздү.

Мында адистердин саны 395 (337 – борбордук аппаратта, 58 – областтык башкармалыктар жана өкүлчүлүктөр боюнча) болду. Алардын 92,7 пайызы же 366 адам жогорку билимге ээ, 9 адам илимдин кандидаты жана бир адам илимдин доктору. Улуттук банктагы эмгек стажы боюнча алганда эң чоң үлүш 5 жылдан ашык стажы бар кызматкерлерге туура келет (жалпы кызматкерлердин 67,1 пайызы), ал эми 3 жылга чейин эмгек стажы барлар 22,8 пайызды, 3 жылдан 5 жылга чейинкилери – 10,1 пайызды түзөт. Жаш курагы боюнча алганда кызматкерлердин эң чоң салыштырма салмагын 30дан 40 жашка чейинкилер – 34,2 пайыз, 30 жашка чейинкилер – 27,6 пайыз, 40 тан 50гө чейинкилер – 26,3 пайыз, 50дөн жогоркулары – 11,9 пайыз.

***6.1.3-график***

Адистердин билим деңгээли боюнча курамы






2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү



## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын структуралык бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| Банк Башкармасы | Улуттук банктын ишинин негизги багыттарын аныктайт жана анын жогорку коллегиялуу башкаруу органы болуп саналат. Башкарманын төрагасы Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине макулдашуу менен 7 жылдык мөөнөткө дайындалат. Башкарманын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча 7 жылдык мөөнөткө дайындалат |
| Экономика башкармалыгы | акчакредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат, экономиканын реалдуу, финансылык, бюджет-салыктык жана тышкы секторлору боюнча талдоо (анализ) жүргүзөт |
| Валюта башкармалыгы | эларалык камдарды (резервдерди) тескөө саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгып, ал боюнча саясатты жүзөгө ашырат, мамлекеттик карыздын туруктуулугуна талдоо жүргүзөт жана анын тейленишине мониторингди, валюта-финансы мамилелерин өнүктүрүү жаатындагы саясатты жүзөгө ашырат |
| Акчакредит операциялар башкармалыгы | ачык рыноктогу операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларга талдоо жүргүзөт жана андагы өзгөрүүлөрдүн себептерин аныктап, ички финансы рыногунда операцияларды жүзөгө ашырат |
| Экономикалык изилдөөлөр тобу | талдоо жана изилдөө иштерин жүзөгө ашырат, аларды жүргүзүүнүн методологиясын өркүндөтөт, илимий жана маалыматтык тажрыйба алмашууга катышат |
| Банктык көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын башка финансы-кредиттик мекемелердин ишине, алардын экономикалык ченемдерди аткарышына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Улуттук банктын ченемдик актыларын сакташына көзөмөлдү уюштурат |
| Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы | банктардын иш-аракетин лицензиялоону жүзөгө ашырат, Улуттук банктан лицензияланган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишин көзөмөлдөөнүн жана жөнгө салуунун ченемдик базасын жана методологиясын, ошондой эле банк тутумун өнүктүрүүнүн жаьы багыттарын иштеп чыгат жана өркүндөтөт |
| Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын жана башка банктык эмес мекемелердин ишине көзө- |

| | |
|---|---|
| | мөлдүктү мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга ылайык уюштурат |
| Төлөм системалары башкармалыгы | төлөм системасынын натыйжалуу иштөөсүн, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ишчараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат |
| Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы | эсептешүүлөрдүн банктар аралык системасынын үзгүлтүксүз ишин камсыз кылат |
| Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы | өлкөнүн экономикасынын накталай акчаларга болгон керектөөсүн камсыз кылат, накталай акча жүгүртүлүшүн уюштурат, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча ишчаралардын жүзөгө ашырылышына көмөк көрсөтөт |
| Борбордук сактоо жайы | банкноттордун, монеталардын жана баалуулуктардын сакталып турушун, баалуулуктардын жеткирилип берилишин, накталай акчалардын иргелишин жана эскилиги жеткен акчаларды жок кылууну камсыз кылат |
| Ички аудит бөлүмү | ички контролдук системасынын абалына жана анын натыйжалуулугуна баа берүүнү, структуралык бөлүмдөрдүн ишинде орун алган тобокелдиктерди тескөөнү жүзөгө ашырат |
| Юридика бөлүмү | Улуттук банктын ишин укуктук жактан камсыздоону, банктык мыйзамдарды өнүктүрүүнү жана өркүндөтүүнү жүзөгө ашырат |
| Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү | Улуттук банктын ишинин максаттары, милдеттери, функциялары жана натыйжалары тууралуу коомчулукка маалымат берет, тышкы уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомчулук менен кызматташууну уюштурат. |
| Персонал менен иш алып баруу бөлүмү | кадрларды тандоону жана жайгаштырууну жүзөгө ашырып, кызматкерлердин окутуудан өтүшүн жана квалификациясын жогорулатуусун уюштурат, кызматкерлерди натыйжалуу эмгектенүүгө түрткү берүү чараларын иштеп чыгат жана колдонууга киргизет |
| Финансы бөлүмү | Улуттук банктын утурумдук финансы ишин пландаштырууну жана ага контролду жүзөгө ашырат |
| Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгы | Улуттук банктын операцияларынын эсебин жүргүзөт жана финансы отчетту түзөт, банктардагы бухгалтердик эсепке алууну жөнгө салуучу документтерди иштеп чыгып, бухгалтердик операцияларга ички контролду жүзөгө ашырат |
| Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү | эларалык финансы уюмдарынын Улуттук банктын катышуусунда жүзөгө ашырылган долбоорлор боюнча иш алып барат |
| Маалымат системалары башкармалыгы | төлөм жана банк тутумдарында кызмат көрсөтүүлөр үчүн автоматташтырылган системаларды иштеп чыгууну, колдонууга |

| | |
|---|---|
| | киргизүүнү жана өркүндөтүүнү жүзөгө ашырат, маалыматтык системаны өнүктүрүүнү жана техникалык жактан колдоону камсыз кылат |
| Жалпы бөлүм | Улуттук банкта документтердин аткарылышын контролдоону кошо алганда, документтердин айланышын жана алар менен иш жүргүзүүнү камсыз кылат, иш жүргүзүүдө кыргыз тилинин эрежелери менен нормаларынын сакталышын көзөмөлдөйт |
| Банк Башкармасынын секретариаты | Улуттук банк Башкармасынын ишин уюштурат |
| Коопсуздук жана маалыматты коргоо башкармалыгы | Улуттук банктын ишинин коопсуздугун жана маалыматтык жактан корголушун камсыз кылат |
| Чарба башкармалыгы | материалдык-техникалык жактан жабдууну, транспорттук камсыз кылууну, имараттар менен курулуштарды тейлөөнү жүзөгө ашырат |
| Капиталдык курулуш бөлүмү | Улуттук банкта капиталдык курулушту жана имараттар менен курулуштарды реконструкциялоону камсыз кылат |
| Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана өкүлчүлүгү | Коммерциялык банктарды жана алардын филиалдарын накталай акча менен камсыз кылат, Улуттук банктан лицензия алган банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин банктык мыйзамдарды сакташын көзөмөлдөө боюнча ишчараларды жүзөгө ашырат, ошондой эле белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде башка милдеттерди аткарат. |

## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдагы иши

Банк Башкармасы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Мыйзамына ылайык Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын ишинин негизги багыттарын аныктайт. Банк Башкармасы – коллегиалдуу орган. Башкарманын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Президенти Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча жети жылдык мөөнөткө дайындалат.

Банк Башкармасы акчакредит саясатын, ченемдик актыларды, жылдык отчетту, акча белгилеринин жаңы үлгүлөрүн жана номиналдарын чыгаруунун тартибин жана банкноттор менен монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин карайт жана аныктайт. Улуттук банк башкармасы өзүнүн иштөө Регламентине ылайык, анын компетенциясына тиешелүү болгон башка маселелерди да карайт, атап айтканда: акыркы инстанция кредитин берүү, банктык лицензияны берүү, кайтарып алуу же токтотуп коюу, банкроттук процессин баштоо жана банкроттоо жол-жоболорун колдонуу, убактылуу администрацияны киргизүү жана башка маселелер.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иш-аракети анын бекитилген жылдык жана чейректик иш пландарына ылайык жүргүзүлдү. 2005-жылы Улуттук банк Башкармасынын 41 отуруму өткөрүлүп, 275 маселе каралды, алардын 172си боюнча токтом кабыл алынды.

Улуттук банк Башкармасы экономиканын абалын иликтөөдөн жана аны мындан ары өнүктүрүүнү болжолдоодон улам, өлкөбүздө жүзөгө ашырылып жаткан структуралык реформаларды жана салык-бюджет чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдү эске алуу менен жыл сайын инфляция боюнча максаттуу көрсөткүчтү жана акчакредит саясатынын аралыктагы сандык багыттарын аныктайт. Акчакредит саясатынын аралыктагы багыттарына мониторинг туруктуу негизде жүргүзүлөт. Эгерде ички жана тышкы факторлордун таасирлери белгиленген максаттуу көрсөткүчтү аткаруунун мүмкүн эместигине алып келе турган болсо, Улуттук банк Башкармасы аны кайра кароого укуктуу. Акча сунушун жөнгө салуу үчүн ар кандай чаралар (инструменттер) колдонулат, аларды стратегиялык тандоо милдети Улуттук банк Башкармасына жүктөлгөн.

Отчеттук жылда Улуттук банк Башкармасы тарабынан акчакредит саясаты тууралуу отчеттордун негизинде анын башкы багыттары жана кийинки жылга акчакредит саясаты жөнүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Билдирүүсү бекитилген. Акчакредит саясатынын

инструменти катарында милдеттүү камдык талаптын натыйжалуулугун арттыруу жана банктар аралык кредит рыногун андан ары өнүктүрүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын токтому менен «Милдеттүү камдар жөнүндө» Жобого өзгөртүүлөр киргизилген. Ушул Жобого ылайык, милдеттүү камдык талаптарды эсептөө үчүн колдонулуучу АКШ долларынын алмашуу курсу бир жылда эки жолу бекитилет. Мындан тышкары, Улуттук банк Башкармасынын токтомдору менен «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын СВОП аукциондору (тендерлери) жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бир күндүк кредити жөнүндө» Жоболор, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» Жобонун жаңы редакциясы, РЕПО аукционун өткөрүүнүн тартиби кабыл алынган.

Тобокелдиктерди тескөө саясатына ылайык, Улуттук банк Башкармасы камдарды тескөөнүн жалпы максаттарын жана принциптерин, эларалык камдарды, инвестициялык стратегияны, жалпы стратегияны жана аны тескөөнүн ченемдик базасын аныктайт. Тобокелдиктерди болушунча азайтуу максатында, ошондой эле дүйнөлүк финансы рыногундагы кырдаалды, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банкынын милдеттенмелеринин түзүмүн эске алуу менен 2005-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан «2006-жылга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эларалык камдарынын эталондук портфели жөнүндө» жобо бекитилди, жобо инвестициялык портфелдин инструменттер топтомун жана максималдуу мөөнөттүүлүгүн аныктайт. Эларалык камдардын түзүмүн жана ар бир валютадагы жумушчу активдердин инструменттер топтомун аныктоо үчүн ар чейрек сайын «Эларалык камдар жөнүндө» жобо бекитилип турган. 2005-жылы Улуттук банк Башкармасынын чечими менен эларалык камдарды тескөө боюнча 2004-жыл үчүн отчет бекитилген. Бардыгы болуп 2005-жылы акчакредит саясат маселелери боюнча 14 токтом кабыл алынган.

Отчеттук жылы банк Башкармасы өлкөнүн банк тутумун өнүктүрүү жана бекемдөө маселелерине айрыкча көңүл бурду. Банктардын натыйжалуу жана туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу, банк тутумунун ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун чыңдоо, ошондой эле кредиттөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан коммерциялык банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү боюнча экономикалык ченемди кеминде 100 млн. сом өлчөмүндө белгилөө тууралуу чечим кабыл алынган, ал 2008-жылдын үчтүн айынын бирине карата түптөлүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы банктын ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди төмөндөтүү, ошондой эле банктардын кредиттик портфелинин өскөндүгүнө жана ар кандай кредиттердин, банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда каржылоо боюнча жаңы кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталып жатышына байланыштуу Базель комитетинин принциптерин киргизүү маселелерине өзгөчө көңүл бурат. Жаңы «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында операциялык тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» Жобо иштелип чыгып, анда коммерциялык банктарда операциялык тобокелдиктерди тескөөнү уюштурууга карата минималдуу талаптар аныкталган. Бул жобо Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктар жана башка финансы-кредиттик мекемелери үчүн операциялык тобокелдиктерди тескөөнүн «Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» Жободо белгиленген стандарттардын сакталышы максатында, саясаттарга, жол-жоболорго жана ички контролдоого карата минималдуу талаптарга карата тиешелүү кошумча колдонмо болуп саналат.

Бүтүндөй алганда, отчеттук жылда Улуттук банктан лицензия алган айрым коммерциялык банктардын жана мекемелердин ишине тиешелүү маселелер боюнча 20 токтом кабыл алынган. Ошондой эле, банк Башкармасы коммерциялык банктардын ишин жөнгө салган ченемдик базага тиешелүү 13 токтом кабыл алган. Алардын ичинде жаңы кабыл алынган ченемдик актылар жана мурда кабыл алынган ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөр да бар. Банк Башкармасы тарабынан 2005-жылы бекитилген ченемдик актылардын ичинен төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: Кыргыз Республикасында банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы монополияга каршы жөнгө салуунун, атаандаштыкты өнүктүрүүнүн жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоонун саясатын жана негизги принциптерин бекитүү жөнүндө, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын финансылык отчетту түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелеринин жаңы редакциясы жөнүндөгү, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредиттик мекемелерде кредиттөө жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу, «Резидент эмес банктын өз филиалына капитал бөлүүсүнүн Тартибин» бекитүү тууралуу, Кыргыз Республикасында кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелеринин жаңы редакциясы тууралуу, «Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндө»

Жобонун жаңы редакциясы тууралуу, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган банктарга жана башка айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» Жобону бекитүү тууралуу, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө» Жобону бекитүү тууралуу, кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун убактылуу формалары жана аларды толтуруу боюнча нускоолор жөнүндөгү, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында жана башка финансы-кредиттик мекемелеринде бухгалтердик эсепке алуу эсептеринин планынын жаңы редакциясын бекитүү тууралуу, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» Жобо тууралуу, мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер жөнүндө маалыматтардын» формаларын бекитүү тууралуу.

Натыйжалуу иштеген ишенимдүү төлөм системасы бүтүндөй финансы системасынын маанилүү түзүүчүсү катары банк жана финансы рынокторунун ыргактуу ишин колдоо жана акчакредит саясатын жүргүзүү үчүн зарыл. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы түзүмүнө карата саясатты иштеп чыгууда өзүнө жетекчиликти жүзөгө ашырууга жетекчилик кылуу ролун аркалоо менен, Улуттук банк Башкармасы төлөм системасынын ишин көзөмөлдөөнү жана контролдоону жүзөгө ашыруунун стратегиялык ишчараларын жана негизги принциптерин, ошондой эле эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгуу, бекитүү жана киргизүү боюнча иш алып барды. Банк Башкармасы тарабынан төлөм системасынын жана эсептешүүлөр системасынын учурдагы абалы жөнүндө чейректик отчеттор каралган.

Ошондой эле экинчи жарым жылдыкта банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча 2003-2005-жылдарга ишчаралардын Мамлекеттик программасын бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу биргелешкен токтому кароого алынган, ага ылайык 2006–2008-жылдарга ишчаралардын Мамлекеттик программасы бекитилген. Банк Башкармасынын төмөндөгү ченемдик актыларды бекиткен токтомдору кабыл алын-

ды: банктык эсептешүү эсептерин номерлөөнүн тартиби жөнүндө нускоо, банктык идентификациялык коддордун жана банктык эсептерди номерлөөнүн жаңы стандарттарына өтүү боюнча чаралардын планы, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын төлөм системасында электрондук цифралык колтамганы жана тобокелдиктерди тескөө саясатын тастыктоочу борбор катары иши жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө жобо, Улуттук банкта калыбына келтирүү борборун түзүү жөнүндө жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банк менен бирдикте коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу төлөө, Кыргыз Республикасында майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы жөнүндө жобо. Бардыгы болуп төлөм системасы маселелери боюнча 12 токтом кабыл алынган.

Ар чейрек сайын Банк Башкармасы «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча 2003-2005-жылдарга ишчаралардын Мамлекеттик программанын долбоорлорун жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө маселелерди карап турган.

Ошондой эле, Улуттук банктын ишин уюштуруунун жалпы жана ички маселелери каралган. Улуттук банктын ченемдик базасына тиешелүү 23 токтом, Улуттук банктын ички маселелери боюнча 60 токтом кабыл алынды.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү жана финансы кеңешчисинин милдетин аткаруу

Отчеттук жылда Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарын өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча ишин улантты. Алсак, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына консолидацияланган көзөмөлдү жүзөгө ашырууну караган нормалар киргизилген. Финансылык же/жана банк ишин жүргүзгөн юридикалык жактар үчүн банктардын акцияларына 15 пайызынан көбүрөөгүнө ээлик кылуу чектөөсү алынып салынган.

2005-жылдын жалган куран айында Кыргыз Республикасынын «Күрөө жөнүндө» мыйзамы күчүнө кирди, аны Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы экспертизадан өткөргөн.

Банк мыйзамдар менен карама-каршы келген учурларды четтетүү жана банктык купуялуулукка кирген маселелер боюнча Базель принциптерине ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзамынын долбоору боюнча иш улантылган. Долбоор боюнча Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексине, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө», «Банктар жана банк иши жөнүндө», «Банктык сыр (купуялуулук) жөнүндө» Мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилишин карайт. Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлдү.

ФАТФнын (FATF) акчанын изин жашырууга каршы күрөшүү үчүн финансылык чараларды көрүү боюнча Максаттуу топтун жаңыртылган сунуштарын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сын пикирлерин эске алуу менен «Терроризмди каржылоого жана кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча иштер улантылды. Учурда мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралып жатат.

Ошондой эле, Жогорку Кеңешинин кароосунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан иштелип чыккан жана Кылмыш кодексине жана Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилишин

караган мыйзамдардын топтомунун долбоорлору сунушталган.

Кароого алынып жаткан жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзамдын долбоору иштелип чыгып, белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна коюлду. Долбоордо Кыргыз Республикасынын Жарандык, Бажы кодекстерине, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү каралып, алар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын укуктук статусун аныктоодогу карама-каршы келген учурларды четтетүүгө багытталган.

Таламдаш мамлекеттик органдар катышкан ведомстволор аралык жумушчу топтордун курамында Улуттук банк тарабынан төмөндөгү иштер жүзөгө ашырылган:

- Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясынын долбоору боюнча сунуштарды даярдоо;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясынын долбоорун Эксперттик топто, «тегерек стол» маектеринде талкуулоого катышуу;
- «Ипотекалык баалуу кагаздар жөнүндө» мыйзам долбоорун иштеп чыгуу;
- ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо (тактап коюу);
- «Туракжай сертификаттары жөнүндө» мыйзам долбоорун иштеп чыгуу;
- ипотеканы өнүктүрүү боюнча ченемдик актыларды иштеп чыгуу.

Улуттук банк отчеттук мезгилде башкы банктан лицензия алган банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салуучу ченемдик базаларды өркүндөтүү ишин уланткан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2002-жылдын бештин айынын отуз бириндеги № 916 биргелешкен токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча 2003-2005-жылдарга ишчаралардын Мамлекеттик программасын» ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн тиешелүү усулдук негиздерди камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр жөнүндө Жобонун» жаңы редакциясы иштелип чыккан. Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жылдын аяк оона айынын тогузундагы № 420/21/4 токтому менен бекитилди. Кыр-

гыз Республикасынын аймагында накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн тартибин, накталай эмес төлөм инструменттеринин формаларын, катышуучулардын ортосунда накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү системасын аныктоо, ошондой эле накталай эмес эсептешүүлөрдүн жаңы формаларын колдонууга киргизүү бул жобонун максаты болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төлөм системасы аркылуу өткөрүлүүчү электрондук төлөм документтерине гана эмес, ырастоочу борбордо ачкычтардын сертификатына ээ болгон катышуучулардын ар кандай электрондук документтерине электрондук колтамгаларды тастыктоо учурунда Улуттук банк тастыктоочу борбор катары ыйгарым укугун жүзөгө ашыруусу максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тастыктоочу борбору жөнүндө» Жобо иштелип чыкты. Бул документте жобонун максаттары жана колдонуу чөйрөсү, Улуттук банктын тастыктоочу борборунун укуктук статусу, анын укуктары менен милдеттери, өз ишин жүзөгө ашыруудагы жоопкерчилиги, катышуучулар менен өзара иш алып баруусу, жекече маалыматтарды коргоосу жана ишти токтотуунун шарттары ж. б. каралган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын бештин айынын он бешиндеги № 37/8-токтому менен бекитилген «Пакеттик клиринг системасы жөнүндө» жобо негизги жөнгө салуучу ченемдик укуктук документ болуп саналат, анткени анын негизинде системада төлөмдөрдү өткөрүүнүн тартибин аныктоочу нускоолор, эрежелер жана жол-жоболор иштелип чыгат. Жобо Кыргыз Республикасында майда чекене жана утурумдук төлөөлөрдүн пакеттик клиринг системасынын негизги түшүнүктөрүн жана иштөө эрежелерин аныктайт. Бул документ клирингдин катышуучуларынын өзара мамилелерин жөнгө салуу менен, системанын катышуучуларынын негизги милдеттерин жана жоопкерчилигин жана системадагы тобокелдиктерди тескөө ыкмаларын камтыйт.

Кыргыз Республикасынын төлөм системасында тобокелдиктерди тескөө саясаты Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын бугу айынын он тогузундагы №16/4 токтому менен бекитилген, анда Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында, андагы тобокелдиктерди тескөөнүн принциптери жана усулдары аныкталган.

Төлөм системаларын модернизациялоо боюнча долбоорлорду ийгиликтүү жүзөгө ашыруунун шарттарынын бири болуп саналган, банктык идентификациялык коддордун (БИК) жана банк эсептерин номерлөөнүн жаңы бирдиктүү стандарттарына өтүүнүн чегинде «Банктык эсептешүү эсептерин номерлөөнүн тартиби жөнүндө» нускоо

жана банктык идентификациялык коддордун жана банктык эсептерди номерлөөнүн жаңы стандарттарына өтүү боюнча ишчаралардын планы бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү максатында төмөндөгү токтомдор кабыл алынган:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган коммерциялык банктардын, Эсептешүүсактык компаниясынын, башка финансы-кредиттик мекемелердин лицензияларынын бланктарын алмаштыруу жөнүндө (Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын үчтүн айынын жыйырмасындагы № 1/4 токтому);
- Улуттук банктан лицензия алган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктар жана башка финансы-кредиттик мекемелер тарабынан банктык кызмат көрсөтүүлөр жүзөгө ашырылган рынокто монополияга каршы жөнгө салуунун, атаандаштыкты өнүктүрүүнүн жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоонун саясатын жана негизги принциптерин бекитүү жөнүндө Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын жалган куран айынын экисиндеги № 4/1 токтому);
- Улуттук банк менен коммерциялык банктардын, банк операцияларынын айрым түрлөрүн жүзөгө ашыруучу уюмдардын, алардын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын), юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосундагы пикир келишпестиктерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын жалган куран айынын он сегизиндеги № 5/5 токтому);
- Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын финансылык отчетторду түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын жалган куран айынын он тогузундагы № 6/3 токтому);
- «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКнын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелеринин жаңы редакциясы жөнүндө (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын чын куран айынын жыйырма жетисиндеги № 12/6 токтому);
- кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун убактылуу формалары жана кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун убактылуу форма-

ларын толтуруу боюнча нускоо жөнүндө (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын кулжа айынын төртүндөгү № 20/7 токтому);

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан СВОП аукциондорун өткөрүү тартибинин долбоору жөнүндө (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын кулжа айынын жыйырма тогузундагы № 21/2 токтому);
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин тышкы ауидитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын теке айынын он төртүндөгү № 22/2 токтому);
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бир күндүк кредити жөнүндө» жобонун долбоору тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын теке айынын жыйырма жетисиндеги № 24/1 токтому);
- Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында жана финансы-кредиттик мекемелеринде бухгалтердик эсепке алуу эсептеринин пландарынын жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын теке айынын он төртүндөгү № 22/1 токтому);
- Кыргыз Республикасында кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелеринин жаңы редакциясы жөнүндө (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын бугу айынын он төртүндөгү № 14/2 токтому);
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алган банктарга жана айрым башка финансы-кредиттик мекемелерге карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын бугу айынын он тогузундагы № 16/2 токтому);
- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын аяк оона айынын он төртүндөгү № 28/2 токтому);
- капиталдын (өздүк каражаттардын) минималдуу өлчөмү жөнүндө (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын тогуздун айынын жыйырма алтысындагы № 32/3 токтому);
- Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын чын куран айынын он алтысындагы № 13/2 «Оффшордук аймактардын субъекттерин жана тизмесин аныктоо боюнча талаптарды белгилөө тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө (Улуттук банк Баш-

карамасынын 2005-жылдын жетинин айынын он сегизиндеги № 34/4 токтому);
- милдеттүү камдар жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын жетинин айынын он сегизиндеги № 34/1 токтому).

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтында талкуулоо үчүн Улуттук банкта иштелип чыккан мыйзам долбоорлору үзгүлтүксүз жайгаштырылып турат.

Отчеттук жылда Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын каттоодон өткөрүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу планынын айрым пункттарын аткаруу жана Улуттук банк тарабынан лицензияланган финансы-кредиттик мекемелердин ченемдик актыларынын долбоорлорун, уюштуруу документтерин экспертизалоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен иштер улантылды. Улуттук банктын өкүлдөрү ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо (тактап чыгуу), алардагы карама-каршы келген учурларды четтетүү жана маанисин жоготкон же эскирген ченемдик актыларды жокко чыгаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигиндеги ведомстволор аралык комиссиянын ишине катышты.

Улуттук банк финансы кеңешчиси катары төмөндөгүлөрдү жүзөгө ашырган:
- Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө акчакредит саясатын жүзөгө ашыруу маселелери, банк тутумунун абалы жөнүндө маалыматтарды берип турган;
- Кыргыз Республикасынын финансы рыногундагы кырдаал тууралуу аналитикалык маалыматты берип турган;
- ЕврАзЭСтин, ШКУнун, КМШнын ж.б. ченемдик документтерин иштеп чыгууга катышкан;
- мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик актыларды, ошондой эле финансы жана банк маселелерине же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ыйгарым укуктар чөйрөсүнө тиешелүү болгон чечимдерди экспертизадан өткөрүүнү жүзөгө ашырган;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Экономикалык саясат боюнча кеңештин кароосуна киргизилген маселелерди кароого катышкан;
- бир катар мамлекеттик программаларды иштеп чыгууга катышкан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансы кеңешчисинин жана финансы агентинин функцияларын ат-

каруу менен Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен бирдикте Кредиторлордун Париж клубунда Кыргыз Республикасынын тышкы карызын реструктуризациялоо боюнча даярдыктарга жана сүйлөшүүлөргө, кредиторлор жана Париж клубунун Секретариаты менен тышкы карыз боюнча маалыматтарды макулдашууга катышкан.

2005-жылы Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигинин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен бирдикте Париж клубуна катышкан кредиторлор менен, атап айтканда, Франциянын, Россия Федерациясынын, Германиянын, Япониянын жана Даниянын Өкмөтү менен карызды консолидациялоо жөнүндө сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, макулдашууларга кол коюлган.

Улуттук банк бир катар эларалык финансылык уюмдарда: ЭВФ, ДБ, АӨБ, ИӨБ ж.б. Кыргыз Республикасынын мүчөлүгүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептерин тейлөө боюнча ишти уланткан.

## 6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы

Ички контролдук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган ички аудит аудитти жүргүзүүнүн кесиптик тажрыйбалары боюнча жалпы кабыл алынган Стандарттарга ылайык жүзөгө ашырылган.

Ички аудит кызматынын иши Улуттук банктын иш-аракетине мүнөздүү тобокелдиктерди талдоонун негизинде иштелип чыккан жана бекитилген планга ылайык жүргүзүлдү. Улуттук банктын ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна баа берүүнүн негизинде, банктык көзөмөл боюнча Базель комитети сунуш кылынган принциптер камтылган. 2005-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин натыйжасында ченемдик базаны өркүндөтүүгө, талдоо багытын тереңдетүүгө жана тобокелдиктерди чектөөгө багытталган 53 сунуш-көрсөтмө иштелип чыкты. Бекитилген сунуш-көрсөтмөлөрдүн аткарылышына мониторинг туруктуу негизде жүзөгө ашырылууда. Мониторингдин жыйынтыктары тууралуу отчеттор Улуттук банктын Төрагасына жана Башкарманын мүчөлөрүнө берилип турат.

Отчеттук жылда ички контролдук системасын өркүндөтүүгө жана тобокелдиктерди чектөөгө орчундуу көңүл бөлүнгөн. Тобокелдиктер боюнча комитеттин иш планына ылайык, областтык башкармалыктар менен бирдикте алардын ишиндеги тобокелдиктер картасын иштеп чыгуу боюнча иштер улантылды жана тобокелдик-менежменти боюнча иштелип чыккан карталарды талдоо боюнча структуралык бөлүмдөр менен иш жүргүзүлгөн.

Отчеттук жылда Улуттук банктын областтык башкармалыктарын комплекстүү инспектордук текшерүү жүргүзүлдү, анын жыйынтыгы боюнча областтарда тобокелдиктерди чектөө, ички контролдоону жана баалуулуктарды сактоо коопсуздугун күчөтүү боюнча ишчаралардын планы бекитилди. Ушул ишчаралардын планынын аткарылышына мониторингдин жыйынтыктары тобокелдик боюнча комитетте каралды. Улуттук банктын уюштуруу түзүмүн оптималдаштыруу алкагында областтык башкармалыктардын уюштуруу структурасын өркүндөтүү, алардын борбордук аппарат менен байланышын жакшыртуу боюнча иштер улантылган.

Эларалык валюта фондунун борбордук банктардын коргонуу механизмдерине берген баасына ылайык, 2005-жыл ичинде Улуттук банктын ички контролддук системасына тиешелүү анализдөөлөр жүргүзүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча ички аудит бөлүмү тарабынан ички контролдук системасын жакшыртуу жана тобокелдиктерди төмөндөтүү боюнча ишчаралардын планы иштелип чыгып, Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилген.

Улуттук банктын финансы отчетуна аудитти жүргүзүү үчүн аудиторду тандоо механизмин өркүндөтүү максатында, 2005-жылы тышкы аудиторлорду мезгил-мезгили менен ротациялап турууну караган Мыйзам долбоорун даярдоо боюнча иштер жүргүзүлгөн.

КМШ өлкөлөрүнүн ички аудит кызматтарынын жетекчилеринин консультативдик жолугушууларынын алкагында, аудитти жүргүзүүнүн усулдук ыкмаларын өркүндөтүү жана тобокелдик-менежменттин андан ары өнүктүрүүнүн маселелери боюнча борбордук банктар менен кызматташуу улантылган.

## 6.5. Коомчулукка маалымдоо

Жүргүзүлүп жаткан маалымат саясатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ачык-айкындуулук принцибин жетекчиликке алуу менен өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жүзөгө ашыруу максатында, кабыл алган же ишке ашырып жаткан ишчаралар тууралуу коомчулукка өз убагында кабарлап турат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы отчеттук жылда Төраганын катышуусу менен акчакредит саясатынын жыйынтыктары тууралуу маалымат жыйындарын ай сайын өткөрүп турду. Бүтүндөй алганда, 2005-жылы Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен 16 маалымат жыйыны жана 5 брифинг өткөрүлүп, аларда борбордук банктын ишинин бардык багыттарын камтыган маалыматтар берилген. Акчакредит саясатынын маселелери аналитикалык баяндамаларда жана комментарийлерде чагылдырылып, ири маалымат агенттиктеринин сайттарында, гезиттерде жарыяланып, «Национальный банк сообщает» телеберүүсүндө жана Улуттук радиосунда кыргыз тилинде уктурула баштаган «Улуттук банк билдирет» апталык берүү аркылуу маалымдалып турду.

2005-жылдын биринчи жарымында финансы рыногундагы кырдаалга, акчакредит саясатына, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөргө, Улуттук банктын алтын-валюта камдарынын абалына, Кыргыз Республикасынын тышкы карыз маселелерине коомчулуктун кызыгуусу күч алгандыгы байкалды. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, өлкөдөгү коомдук-саясый кырдаалды эске алуу менен бул багытта кабыл алынган чечимдер тууралуу коомчулукка ыкчам кабарлап турду. Банк тутумунун туруктуулугун сактоо максатында, Улуттук банк банктык мекемелердин жана бүтүндөй банк тутумунун активдеринин сакталышын, жалпы коопсуздукту жана маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун зарылдыгы, банктардын кадимки иш ыргагында иштеп жаткандыгы тууралуу билдирүү жасаган. Андан соң, Улуттук банк менен коммерциялык банктардын банк тутумунун кадимки иш ыргагын калыбына келтирүүгө тиешелүү Биргелешкен билдирүүсү жарыяланган. Улуттук банктын жана коммерциялык банктардын «чукул кырдаалдарда байланыш» телефондорунун номерлери Улуттук банктын расмий веб-сайтында жарыяланып, республикалык жана четөлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарына жиберилген.

Отчеттук жылдын жалган куран айынын отузунан чын куран айынын төртүнө чейин күн сайын Улуттук банктын Төрагасынын катышуусу менен коммерциялык банктардын, донорлордун, Бишкек шаарында аккредиттелген эл

аралык уюмдардын, элчиликтердин, республикалык жана четөлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн брифингдер өткөрүлүп турду. Аларга катышкандарга учурдагы финансылык көрсөткүчтөр, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр боюнча соңку маалыматтар жана төлөмдөр боюнча маалыматтар берилди. Улуттук банктын Төрагасы финансы рыногунун бардык катышуучуларынын туруктуу жана нормалдуу иштөөсүн камсыз кылуу максатында, Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралар жөнүндө жана коммерциялык банктардын өз аманатчыларынын алдындагы милдеттенмелерин толук өлчөмдө аткарууга тийиш экендиги тууралуу маалыматтарды берген.

2005-жылдын чын куран-бугу айларында бир нече ирет касса жана банк мекемелерине куралдуу кол салуу болгондугуна байланыштуу, Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жетекчилиги, ошондой эле укук коргоо органдарынын жетекчилери коммерциялык банктардын ишинин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар тууралуу биргелешкен билдирүү менен чыгышкан.

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча 2003-2005-жылдарга ишчаралардын Мамлекеттик программасын андан ары жүзөгө ашыруу отчеттук жылда Улуттук банктын коомчулукка маалымат берүүдөгү артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Мамлекеттик программанын долбоорлорун жүзөгө ашыруунун алкагында, Улуттук банктын адистери тарабынан коммерциялык банктардын филиалдарынын, Борбордук казыналыктын, Социалдык фонддун бөлүмдөрүнүн, салык жана бажы органдарынын, почта бөлүмдөрүнүн, туракжай-коммуналык чарбалардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн Улуттук банктын областтык башкармалыктарында «Чекене жана утурумдук төлөмдөр рыногунун өнүгүү келечеги» деген темада ишчара өткөрүлгөн. Накталай эмес төлөмдөрдүн артыкчылыктарын жана алардын өлкө экономикасы үчүн маанисин түшүндүрүү, Өкмөт менен Улуттук банктын накталай эмес эсептешүүнү жүргүзүү үчүн шарттарды камсыз кылууга багытталган негизги ишчаралары менен тааныштыруу, Мамлекеттик программаны ишке киргизүүнүн алкагында калкка туруктуу кызмат көрсөтүүчү коммерциялык банктар, ведомстволор жана корпорациялар биргелешип аткарууга тийиш болгон иштердин жүрүшү тууралуу маалымат берүү бул ишчаранын максаты болгон.

Кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдүн киргизилишине байланыштуу Улуттук банктын демилгеси менен Улуттук

мамлекеттик телеканалда (КТРде) теледебат уюштурулуп, ага Улуттук банктын, Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясынын, кредиттик союздардын, Экономика жана каржы министрлигинин, Азия өнүгүү банкынын өкүлдөрү катышкан. Талкууга катышкандар кредиттик союздардын өнүгүшүнүн биринчи этабынын жыйынтыгын чыгарышып, мындан ары өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелерин жана перспективаларын талкуулашкан.

Улуттук банк Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн орто мөөнөтүк Стратегиясын иштеп чыгуунун жана талкуулоонун бардык этаптарын туруктуу чагылдырууну уюштуруп, Стратегиянын долбоору жана талкуулоонун жүрүшүндө катышуучулар тарабынан айтылган сунуштар Улуттук банктын расмий сайтына жайгаштырылган.

Отчеттук жыл ичинде Кыргызстанда ипотекалык кредиттөөнү өнүктүрүү темасы төмөндөгү формаларда жигердүү чагылдырылып турду:

- Улуттук банктын Төрагасынын орунбасарынын, бир катар коммерциялык банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин, архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик агенттиктин өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөрүлгөн орус жана кыргыз тилиндеги радио берүүлөрдүн түрмөгүндө республикада ипотекалык кредиттөөнү киргизүүнүн шарттары боюнча түшүндүрмө берилген. Негизинен сөз ипотекалык кредиттөөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө болгон, анын ичинде республикада ипотекалык кредиттөөнү өнүктүрүүнүн укуктук базасы, кыймылсыз мүлктү сатып алууга кредит берүүчү коммерциялык банктар жана мындай кредиттерди берүүнүн шарттары, ж.б. тууралуу радиоугуучулардын суроолоруна жооптор берилген;
- Улуттук банктын сайтында Кыргыз Республикасында ипотекалык кредиттөөнү уюштуруунун жана колдонууга киргизүүнүн Улуттук банк сунуш кылган моделин интерактивдүү талкуулоо уюштурулган;
- Улуттук банктын адистери жогоруда белгиленген моделди колдонууга киргизүүнүн шарттары тууралуу берүүлөрдө, ошондой эле таламдаш ведомстволор жана жалпыга маалымдоо каражаттары уюштурган «тегерек стол» маектеринде түшүндүрмөлөрдү беришкен;
- жалпыга маалымдоо каражаттарында ушул маселе боюнча атайын макалалар жана ал боюнча көп сандаган суроолорго жооптор жарыяланган.

Улуттук банктын сайтында ченемдик укуктук актыларынын долбоорлору, Улуттук банктан лицензия алган коммерциялык банктарга жана башка финансы-кредиттик

мекемелерге карата санкцияларды колдонууга байланышкан сот чечимдери тууралуу маалыматтар, ошондой эле башка маалыматтар жайгаштырылып турган.

Отчеттук жылда Улуттук банк салтка айланган «Сом – Кыргызстандын жүзү» маалымат-билим берүү кампаниясы ишчарасын уланткан. Улуттук банктын областтык башкармалыктары сомдун жүгүртүүгө киргизилиши, улуттук валютага аяр мамиле жасоо, эскилиги жеткен банкнотторду алмаштыруунун эрежелери жана валютанын коргоо мүнөздөмөлөрүнө тиешелүү макалаларды камтыган ишчаралардын түрмөгүн жүзөгө ашырышкан. Телекөрсөтүүлөр жана радио уктуруулар уюштурулуп, жогорку окуу жайлар менен орто мектептерде атайын сабактар, «Кыргыз сому – биздин акчабыз» деген темадагы эң мыкты дилбаянга (сочинениеге) сынактар өткөрүлгөн.

Жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү маселелери өлкөбүздөгү бардык областтык жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдырылып, областтык телеканалдарда улуттук валютанын коргоо белгилери тууралуу видеороликтер жыл бою көрсөтүлүп турган.

2005-жылы Улуттук банктын коомдук пикирди билүү кызматы тарабынан жарандарды кабыл алуу жана аларга кеңеш берүү үзгүлтүксүз жүзөгө ашырылды, ошондой эле банкрот болгон банктардын аманатчыларынын демилгечи топторунун Улуттук банктын жетекчилиги менен жолугушуулары уюштурулган.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын борбордук аппаратынын коомдук пикирди билүү кызматына бардыгы болуп кат жүзүндө 161 кайрылуу келип түшкөн, бул 2004-жылдагыга салыштырганда 20,1 пайызга көп. Алардын ичинен өлкөбүздүн ар кандай мамлекеттик органдарынан Улуттук банктын кароосуна 61 арыз жиберилген, булардын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен – 3, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан – 23 жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынан – 35.

Жарандардын Улуттук банкка келип түшкөн өтүнүчтөрүндө банктык мыйзамдарга, коммерциялык банктар жана башка финансы-кредиттик мекемелер тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөр боюнча, Улуттук банктын ишинин негизги багыттарына тиешелүү түшүндүрмөлөрдү берүү өтүнүчү, ошондой эле коммерциялык банктардын, башка финансы-кредиттик мекемелердин ишинде укукка жатпаган ишаракеттердин жол берилгендигине даттануулар жана башка маселелер камтылган.

Кароого алынып жаткан жылы республиканын региондорундагы калкка маалымат берүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана өкүлчүлүгүн жарандардын кайрылуулары жана арыздары менен иштөөгө жигердүү тартуу максатында,

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын областтык башкармалыктарынын коомдук пикирди билүү кызматынын иши жөнүндө» Жобо бекитилген. Ушул жобого ылайык ар бир областтык башкармалыкта коомдук пикирди билүү кызматы жана негизинен төмөндөгүлөр чагылдырылган маалымат такталары уюштурулган:

- областтык башкармалыктын ишаракети тууралуу маалымат, коомдук пикирди билүү кызматынын иш графиги;
- улуттук валютанын эскилиги жеткен банкнотторун алмаштыруу графиги;
- областтагы коммерциялык банктардын филиалдарынын, кредиттик союздардын, микрокредиттик агенттиктердин жана компаниялардын, ломбарддардын, алмашуу бюролордун тизмеси;
- бош кызмат орундары тууралуу кулактандыруулар;
- микрокредиттик агенттиктерди жана компанияларды, кредиттик союздарды, ломбарддарды, алмашуу бюролорун ачуу үчүн зарыл болгон документтердин үлгүлөрү.

2005-жылы Улуттук банктын областтык башкармалыктары тарабынан 700дөн ашык кат жүзүндөгү жана оозеки арыздар кабыл алынды жана каралды, жарандардын кайрылуулары боюнча кеп-кеңештер берилди. Арыздар менен кайрылуулардын эң көп саны Ош жана Талас областтары боюнча катталган.

Областтык башкармалыктардын коомдук пикирди билүү кызматына келип түшкөн кат-кабарлар боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүү кайрылуулардын негизги үлүшүн Улуттук банк тарабынан белгиленген четөлкө валюталарынын курстары жана кайра каржылоо чен жөнүндө маалыматтар түзөт. Улуттук банктын коомдук пикирди билүү кызматынын иши жөнүндө отчет жана жарандардан келип түшкөн суроолорго жооптор банктын сайтындагы «Банк тууралуу» деген бөлүгүнө жайгаштырылган.

Улуттук банк өзүнүн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги расмий маалыматтык жана аналитикалык-иликтөөлөр камтылган басылмаларын жарыялоону улантткан. Редакциялык кеңештер тарабынан Улуттук банктын расмий басылмаларын өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.[1]

Банктык терминдери боюнча мамлекеттик тилде түшүндүрмө берүү жана аларды системага салуу иши улантылган. 2005-жылы валюта операциялары жана акчакредит саясаты боюнча терминдер Улуттук банктын методология комиссиясы тарабынан каралып, Кыргыз Республиксынын Президентине караштуу Мамлекеттик тилди

[1] Буга тиешелүү ырааттуу маалыматты «Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары» деп аталган тиркемеде берилген.

өнүктүрүү боюнча улуттук комиссиянын терминкомунда бекитилген. Бул китепчелер өлкөбүздөгү мамлекеттик органдарга, коммерциялык банктарга, сот органдарына, жогорку окуу жайларга жана китепканаларга таратылган.

Улуттук банктын расмий веб-сайты коомчулукка маалымат берүүнүн ажырагыс бөлүгү жана маанилүү каражаты болуп эсептелүү менен маалыматтан бирдей жана өз убагында пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын максаттарына, милдеттерине жана функцияларына ылайык веб-сайтта төмөндөгүлөр: банк мыйзамдары жана Улуттук банктын ченемдик актылары, банк секторун өнүктүрүүнүн программалык жана стратегиялык документтери, акча-кредит саясаты, банк жана төлөм системалары тууралуу маалыматтар, Улуттук банктын отчету; финансы рыногу жана Улуттук банктын операциялары тууралуу маалыматтар, улуттук валютанын тарыхына жана Улуттук банктын иш чөйрөсүнө тиешелүү маалыматтар чагылдырылып, расмий басылмаларынын интернет-версиялары жана бош кызмат орундарына сынактар, тендерлер жана башка ачык сынактарды өткөрүү жөнүндөгү маалыматтар жайгаштырылат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен бекитилген Мамлекеттик интернет порталда (Интернетте) маалыматты таркатуу жөнүндө убактылуу жобого ылайык Улуттук банктын расмий сайтында кыргыз, орус жана англис тилдериндеги маалыматтар жайгаштырылган жана алар үзгүлтүксүз жаңыланып турат.

Ачык-айкындуулук принцибин жүзөгө ашыруу максатында, Улуттук банк өзүнүн салтка айланган Ачык эшик күндөрүн өткөрүп, экономикалык саясаттын учурдагы орчундуу маселелери боюнча ачык дарстарды (лекцияларды) өткөрүүнү уланткан. Алып көрсөк, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, журналисттер, Бишкек шаарындагы бир катар жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн Ачык эшик күндөрү өткөрүлгөн. Улуттук банкка келип, банктын жетекчилиги менен жолугушуу, негизги структуралык бөлүктөрдүн иши менен таанышуу иши да жөнгө салынган. Ошону менен бирге эле, Улуттук банктын банктар аралык валюта рыногунда жана мамлекеттик баалуу кагаздардын экинчилик рыногунда операцияларды жүргүзүү үчүн автоматташтырылган тоорук (соода) системасы, Улуттук банктын нумизматикалык экспозициясы (көргөзмөсү), эскилиги жеткен банкнотторду жок кылуу процесси, коомчулук менен өзара аракеттенишүү принциптери менен таанышуу мүмкүнчүлүгү берилет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин биргелешкен акциясынын (иш-чарасынын) алкагында,

Бишкек шаарындагы ири жогорку окуу жайлардын экономикалык факультеттеринин студенттери, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Экономика жана каржы министрлигинин, Өнөржай, соода жана туризм министрлигинин кызматкерлери жана КУУнун «Банк менежменти» кафедрасынын окутуучулары үчүн Эларалык валюта фондунун (ЭВФ) Кыргыз Республикасындагы туруктуу өкүлү М.Мереда мырза «Кыргызстанды орто мөөнөттүк өнүктүрүү келечектери. ЭВФтин көз карашы» деген темада ачык дарс өткөргөн.

Отчеттук жылда регионалдык жалпыга маалымдоо каражаттарынын журналисттери үчүн «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өлкөнүн борбордук банкы катары ролу жана милдеттери» деген темадагы семинарларынын түрмөгү аяктады, бул семинарлар өзара байланыштын натыйжалуулугун жогорулатууга, маалымат саясатынын каражаттарын өркүндөтүүгө жана борбордук банктын ишинин учурдагы орчундуу маселелери боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары менен өзара иш алып барууларды жүзөгө ашырууга багытталган.

Жыл бою өлкөбүздүн бардык областтарынын жана Бишкек шаарынын жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү үчүн семинар өткөрүлүп, мында алыскы райондордон журналисттердин катышуусуна айрыкча көңүл бурулган. Улуттук банктын кызматкерлери лектор катары иш алып барган семинарда угуучулар борбордук банктын тарыхы анын коомдогу ролу, мыйзамдык базасы жана иштөө принциптери менен кеңири таанышты. Мындан тышкары, семинардын катышуучулары Улуттук банктын акчакредит саясаты, төлөм системасын реформалоо жана банк көзөмөлүн өркүндөтүү маселелери, накталай акча жүгүртүлүшү жана микрокаржылоо, микрокредиттөө институттарынын өнүгүү тенденциялары боюнча маалыматтарды алышты.

Бул семинар регионалдык жалпыга маалымдоо каражаттарынын журналисттери үчүн Улуттук банктын иши жөнүндө кеңири маалыматтар алууга мүмкүндүк берип, республикада жүрүп жаткан экономикалык процесстер боюнча түшүндүрмөлөрдү алууга өбөлгө түздү.

# III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2005-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

7-ГЛАВА

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

## 7.1. 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча БУХГАЛТЕРДИК БАЛАНС (теңдем)

| | Эскер-түү | 2005-ж. бештин айы-нын отуз бири *миң сом* | 2004-ж. бештин айы-нын отуз бири *миң сом* |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Алтын жана башка баалуу металлдар | 5 | 1 760 600 | 1 514 964 |
| Эларалык Валюта Фондусунун катталуу квотасы | 6 | 5 241 845 | 5 740 328 |
| *Четөлкө валютасындагы активдер* | | *25 352 363* | *23 763 872* |
| *анын ичинде* : Баанын төмөндөшүнө камдарды эсептен чыгаруу менен банктарга жана башка финансы мекемелерине карата талаптар | 7 | 18 034 004 | 15 358 408 |
| Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар | 8 | 5 224 457 | 6 420 689 |
| Баанын төмөндөшүнө камдарды эсептен чыгаруу менен агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттер | 9 | 1 942 399 | 1 939 797 |
| Башка активдер | 14 | 151 503 | 44 978 |
| *Улуттук валютадагы активдер* | | *5 358 915* | *5 442 939* |
| *анын ичинде:* Төлөөгө чейин кармалып турууучу мамлекеттик баалуу кагаздар | 10 | 4 643 134 | 4 783 734 |
| Баанын төмөндөшүнө камдарды эсептен чыгаруу менен банктарга кредиттер | 11 | - | 40 000 |
| Баанын төмөндөшүнө камдарды эсептен чыгаруу менен уюмдардын капиталына инвестициялар | 12 | 11 680 | 11 699 |
| Топтолгон колдонуудан калгандарын жана амортизацияны эсептен чыгаруу менен негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 13 | 298 752 | 206 816 |
| Баанын төмөндөшүнө камдарды эсептен чыгаруу менен башка активдер | 14 | 405 349 | 400 690 |
| **Жыйынтыгында активдер** | | **37 713 723** | **36 462 103** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор | 15 | 13 413 802 | 11 425 060 |
| Эларалык Валюта Фондусунун пайдасына баалуу кагаздардын эсеби | 6 | 5 228 446 | 5 725 654 |
| *Четөлкө валютасындагы милдеттенмелер* | | *14 228 138* | *16 178 337* |
| *анын ичинде:* Эларалык финансы мекемелери | 16 | 7 389 294 | 8 549 436 |
| Банктар жана башка финансы мекемелери | 17 | 59 556 | 47 639 |
| Агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу алынган кредиттер | 9 | 2 317 230 | 2 338 296 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | | 4 408 111 | 5 187 450 |
| Башка милдеттенмелер | 19 | 53 947 | 55 516 |
| *Улуттук валютадагы милдеттенмелер* | | *3 382 536* | *1 948 288* |
| *анын ичинде:* Банктар жана башка финансы мекемелери | 6, 17 | 2 088 399 | 949 515 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | | 950 686 | 973 085 |
| Жүгүртүүгө чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 18 | 15 972 | 11 974 |
| Башка милдеттенмелер | 19 | 327 479 | 13 714 |
| **Жыйынтыгында милдеттенмелер** | | **36 252 922** | **35 277 339** |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Уставдык капитал | 20 | 50 000 | 50 000 |
| Камдар | | 921 856 | 958 704 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 488 945 | 176 060 |
| **Жыйынтыгында капитал** | | **1 460 801** | **1 184 764** |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер жана капитал** | | **37 713 723** | **36 462 103** |

Төраганын милдетин аткаруучу М. Алапаев

Башкы бухгалтер Ч. Иманкулова

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

# 7.2. 2005-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдагы ТҮШКӨН ПАЙДАЛАР ЖАНА КЕТКЕН ЧЫГЫМДАР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

| | Эскертүү | **2005-ж. бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн** *миң сом* | **2004-ж. бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн** *миң сом* |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 21 | 999 998 | 600 225 |
| Пайыздык чыгашалар | 22 | (186 563) | (113 355) |
| **Пайыздык активдердин баасынын төмөндөшүнө камдарды калыбына келтирүүгө чейинки накта пайыздык кирешелер** | | **813 435** | **486 870** |
| Пайыздык активдердин баасынын төмөндөшүнө камдарды калыбына келтирүү | 23 | 8 356 | 30 530 |
| **Накта пайыздык кирешелер** | | **821 791** | **517 400** |
| **Четөлкө валютасы менен операциялардан накта реализацияланган пайда/(чыгым)** | **24** | **107 572** | **(48 545)** |
| **Четөлкө валютасы менен операциялардан накта реализацияланбаган чыгым** | **24** | **(98 522)** | **-** |
| Башка пайыздык эмес кирешелер: | | | |
| Комиссиондук түрүндөгү кирешелер жана көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдөр | | 5 877 | 3 779 |
| Башка кирешелер | 25 | 5 330 | 7 833 |
| **Жыйынтыгында башка пайыздык эмес кирешелер** | | **11 207** | **11 612** |
| Пайыздык эмес чыгашалар: | | | |
| Комиссиондук түрүндөгү чыгашалар жана көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдөр | | (733) | (342) |
| Персоналдарды күтүүгө кеткен чыгашалар | 27 | (118 849) | (90 014) |
| Административдик чыгашалар | 28 | (49 689) | (45 599) |
| Негизги каражаттар боюнча чыгашалар | 29 | (26 807) | (28 064) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди амортизациялоо | | (36 622) | (43 443) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдоого кеткен чыгашалар | 26 | (70 213) | (95 115) |
| Башка чыгашалар | 25 | (50 190) | (1 830) |
| **Жыйынтыгында пайыздык эмес чыгашалар** | | **(353 103)** | **(304 407)** |
| **Накта пайда** | | **488 945** | **176 060** |

Төраганын милдетин аткаруучу — М. Алапаев

Башкы бухгалтер — Ч. Иманкулова

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

# 7.3. 2005-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдагы АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

| | Эскер-түү | 2005-ж. бештин айы-нын отуз биринде бүткөн жыл үчүн *миң сом* | 2004-ж. бештин айы-нын отуз биринде бүткөн жыл үчүн *миң сом* |
|---|---|---|---|
| **Операциялык иштен түшкөн акча каражаттары:** | | | |
| Алынган пайыздар жана комиссиондук төлөмдөр | | 649 015 | 304 564 |
| Төлөнгөн пайыздар жана комиссиондук төлөмдөр | | (67 341) | (75 477) |
| Баанын төмөндөшүнө камдарды калыбына келтирүү | | 4 897 | 3 301 |
| Алынган операциялык башка кирешелер | | 3 580 | 23 275 |
| Персоналдарды күтүүгө кеткен чыгашалар | | (118 849) | (90 014) |
| Административдик жана башка операциялык чыгашалар | | (214 244) | (171 240) |
| **Операциялык активдерди жана милдеттенмелерди өзгөртүүгө чейинки операциялык пайда/(чыгым)** | | **257 058** | **(5 591)** |
| *Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/азаюусу:* | | | |
| Банктарга жана башка финансы мекемелерине карата талаптар | | (2 521 420) | (2 388 550) |
| Берилген кредиттер | | 59 571 | (10 421) |
| Башка активдер | | 15 096 | (47 780) |
| *Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү/(азаюусу):* | | | |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкноттор | | 1 988 742 | 1 801 803 |
| Банктар жана башка финансы мекемелери | | 1 152 260 | 353 935 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | | (790 110) | 4 520 549 |
| Жүгүртүүгө чыгарылган баалуу кагаздар | | 3 998 | (83 881) |
| Башка милдеттенмелер | | 300 818 | 4 044 |
| **Операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын накта жылышы** | | **466 013** | **4 144 108** |
| **Инвестициялык ишкердиктен түшкөн акча каражаттары:** | | | |
| Инвестициялык баалуу кагаздарды сатуу, төлөө | | 16 910 | 16 910 |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | | (128 086) | (56 766) |
| Инвестициялык баалуу кагаздар боюнча алынган пайыздар | | 123 537 | 115 536 |
| **Инвестициялык ишкердиктен түшкөн акча каражаттарынын накта жылышы** | | **12 361** | **75 680** |
| **Финансылык ишкердиктен түшкөн акча каражаттары:** | | | |
| Эларалык финансы уюмдарынан кредиттерди алуу | | 756 062 | 1 207 142 |
| Эларалык финансы уюмдарынан алынган кредиттер боюнча төлөөлөр | | (1 268 482) | (1 383 674) |
| **Финансылык ишкердикте пайдаланылган акча каражаттарынын накта жылышы** | | **(512 420)** | **(176 532)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин накта (азаюусу)/өсүшү** | | **(34 046)** | **4 043 256** |
| **Валюта курсунун олку-солкулугунун таасири** | | **(613 337)** | **(139 190)** |
| Жылдын башталышына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 36 | 16 444 983 | 12 540 917 |
| **Жылдын акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **37** | **15 797 600** | **16 444 983** |

Төраганын милдетин аткаруучу М. Алапаев

Башкы бухгалтер Ч. Иманкулова

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

# 7.4. 2005-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдагы КАПИТАЛДЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ

| | Уставдык капитал | Милдеттүү камдар | Жалпы камдар | Негизги каражаттарды кайрадан баалоо боюнча камдар | Четөлкө валюталарын, алтынды жана башка баалуу металлдарды кайрадан баалоо боюнча камдар | Сатуу үчүн колдо турган инвестицияларды кайрадан баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында капитал |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* |
| **2003-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **50 000** | **100 000** | **686 431** | **1 094** | **53 848** | **(10 389)** | **274 657** | **1 155 641** |
| Кыргыз Республикасынын бюджетине чегерүүлөр | - | - | - | - | - | - | (192 260) | (192 260) |
| Өткөн жылдын накта пайдасын жалпы камдарга которуу | - | - | 82 397 | - | - | - | (82 397) | - |
| Менчикти кайрадан баалоо боюнча камдардан которуулар | - | - | 41 | (41) | - | - | - | - |
| Четөлкө валютасы, алтын жана башка баалуу металлдар менен операцияларды кайрадан баалоодон келип чыккан накта реализацияланбаган пайда | - | - | - | - | 49 595 | - | - | 49 595 |
| Реализицияланган чыгымды түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которуу | - | - | - | - | 15 440 | - | - | 15 440 |
| Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар боюнча адилет нарк-тын азаюусунан натыйжалар | - | - | - | - | - | (19 712) | - | (19 712) |
| Накта пайда | - | - | - | - | - | - | 176 060 | 176 060 |
| **2004-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **50 000** | **100 000** | **768 869** | **1 053** | **118 883** | **(30 101)** | **176 060** | **1 184 764** |
| Кыргыз Республикасынын бюджетине чегерүүлөр | - | - | - | - | - | - | (123 242) | (123 242) |
| Өткөн жылдын накта пайдасын жалпы камдарга которуу | - | - | 52 818 | - | - | - | (52 818) | - |
| Менчикти кайрадан баалоо боюнча камдардан которуулар | - | - | 43 | (43) | - | - | - | - |
| Четөлкө валютасы, алтын жана башка баалуу металлдарда чагылдырылган статьяларды кайрадан баалоодон келип чыккан накта чыгым | - | - | - | - | (227 601) | - | - | (227 601) |
| Четөлкө валютасы, алтын жана башка баалуу металлдарда чагылдырылган статьяларды кайрадан баалоодон келип чыккан накта кирешени реализациялоо | - | - | - | - | 10 196 | - | - | 10 196 |
| Четөлкө валютасында, алтын жана башка баалуу металлдарда кайрадан баалоодогу чыгымдарды түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которуу | - | - | - | - | 98 522 | - | - | 98 522 |
| Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар боюнча адилет нарктын азаюусунан натыйжалар | - | - | - | - | - | 29 217 | - | 29 217 |
| Накта пайда | - | - | - | - | - | - | 488 945 | 488 945 |
| **2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата калдык** | **50 000** | **100 000** | **821 730** | **1 010** | **-** | **(884)** | **488 945** | **1 460 801** |

Төраганын милдетин аткаруучу М. Алапаев

Башкы бухгалтер Ч. Иманкулова

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

# 7.5. 2005-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТКО КАРАТА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

## 1. Негизги иш

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары «Улуттук банк») Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат жана ал 1992-жылдын бештин айынын он экисинде «Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» Мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы деп кайрадан аталган. Кыргыз Республикасынын Жогоку Кеңеши (Парламенти) тарабынан 1997-жылдын теке айынын экисинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» жаңы Мыйзам кабыл алынып, анын негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өз ишин ушул күнгө чейин жүргүзүп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык тиешелүү акчакредит саясатын жүргүзүү аркылуу баанын туруктaшуусуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын ишинин максаты.

Улуттук банк төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:

- акчакредит жана валюта саясатын аныктайт жана жүргүзөт;
- төлөм системасынын натыйжалуу иштеп турушуна жана банктар аралык төлөмдөрдүн жүзөгө ашырылышына өбөлгө түзөт;
- банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгарат, эскилиги жеткен банкнотторду алмаштырат;
- эларалык валюта камдарын тескөөгө алат;
- коммерциялык банктардын ишин жөнгө салып көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат;
- коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредиттик мекемелердин ишин лицензиялайт.

Улуттук банктын башкы имараты төмөнкү дарек боюнча жайгашкан: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101. Улуттук банктын Кыргыз Республикасы боюнча беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү бар.

2005 жана 2004-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 566 жана 588 адамды түзгөн.

Бул финансылык отчет 2006-жылдын чын куран айынын онунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилген.

## 2. Экономикалык чөйрө

Экономикасы өткөөл учурду башынан кечирип жаткан өлкөлөргө мүнөздүү өзгөчөлүктөр Кыргыз Республикасынын экономикасына да тиешелүү. Карыздык жана үлүштүк баалуу кагаздардын биржалык жана биржалык эмес рынокторунун өнүгүүсү калыптануу баскычында тургандыгынын өзү ушул өзгөчөлүктөрдүн бири болуп саналат. Ошентсе да, көрсөтүлгөн өзгөчөлүк Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсүн чектебейт.

Улуттук банк тарабынан 2005-жылы көрүлгөн, төлөм системаларын өнүктүрүү менен катар эле, банк тутумунун ишинин натыйжалуулугун арттыруу-

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

га жана ички жыйымдарды мобилизациялоого багытталган ишчаралар банк тутумун андан ары реформалоого, анын туруктуу иштеп туруусуна жетишүүгө жана финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатууга багытталган. Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүү келечектери олуттуу деңгээлде Өнүгүүнүн комплекстүү негиздерин жана Жакырчылыкты кыскартуунун Улуттук стратегиясын жүзөгө ашырууга жана Борбордук Азиядагы жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү социалдык-экономикалык жагдайга жараша калыптанат.

### 3. Отчетту түзүүнүн негиздери

**Мыйзамдык база.** Улуттук банк өз операцияларын туруктуу эсепке алууну жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү» Мыйзамына (мындан ары «Мыйзамга») ылайык финансылык отчетту берет. Бухгалтердик эсеп Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында – кыргыз сомунда (мындан ары «сом») чагылдырылат. Мыйзамдын 8-статьясында финансы отчетун эсепке алуунун эларалык тажрыйбасына ылайык түзүүнүн негизи аныкталган. Мындан сырткары, Мыйзамдын 52-статьясына ылайык, Улуттук банк финансы отчетун даярдоо максатында, отчеттун формаларын, эсепке алуу саясатын жана бухгалтердик эсептин стандарттарын белгилөө укугуна ээ.

**Бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн принциптери.** Финансы отчету Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилген эсепке алуу саясатына ылайык, борбордук банк катары анын ишин эске алуу менен банктын финансылык абалын жана финансы натыйжаларын берүү максатында даярдалган. Ушул эсепке алуу саясаты Финансылык отчеттуулуктун эларалык стандарттарынын негизинде, борбордук банк катары Улуттук банктын ишинин өзгөчө мүнөзүн эске алуу менен иштелип чыккан. Улуттук банктын финансылык отчетторундагы операцияларын таануунун жана баалоонун негизги принциптери төмөндө көрсөтүлгөн.

Финансы отчетун Улуттук банктын кабыл алынган эсепке алуу саясатына ылайык даярдоо, Улуттук банктын отчетто келтирилген активдеринин, милдеттенмелеринин суммасына таасирин тийгизген баа берүүлөрдү жана жол берүүлөрдү караштырууну, отчеттук датага карата абал боюнча шарттуу активдерди жана милдеттенмелерди, отчетто келтирилген кароого алынып жаткан мезгил ичиндеги кирешелердин жана чыгашалардын суммаларын ачып көрсөтүлүшүн талап кылат.

Иш жүзүндөгү айкын натыйжалар менен аларды салыштырууда айырмачылыктын келип чыгышы кыйла ыктымалдуу болгон баа берүүлөр, ссудалар боюнча баанын төмөндөшүнө кам түзүүгө жана финансылык инструменттердин адилет наркынын баасынын төмөндөшүнө жана аны аныктоого байланыштуу.

**Эсепке алуу саясатынын өзгөрүүсү**. Алып көрсөк, Улуттук банк четөлкө валютасында туюндурулган статьяларды кайра эсептөөдөн улам келип чыккан курстук оң айырманы финансы натыйжаларына кошуу анын иш максаттарына каршы келип калышы мүмкүн деп болжолдосо, анда четөлкө валютасы, алтын жана башка баалуу металлдар менен операцияларды кайрадан баалоодон келип чыккан пайда мурдагыдай эле, капиталга тиешелүү кайрадан баалоо боюнча камдын көбөйүүсү катары таанылат. Бул эларалык валюта камдарын тескөө боюнча Улуттук банктын иши жана анын функциясы бир отчеттук мезгилден экинчисине четөлкө валютасын кайрадан баалоодогу реализацияланбаган пайдалардын жана чыгымдардын өлчөмүн олуттуу өзгөрүүгө алып келет. Ошентсе да, 2005-жылы эсепке алуу саясатына киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, Улут-

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

тук банк өтүп жаткан жылдагы келтирилген жана четөлкө валютасы, алтын жана башка баалуу металлдар менен жүргүзүлгөн операцияларды кайрадан баалоого байланыштуу келип чыккан чыгымдарды түздөн-түз түшкөн пайдалардын жана кеткен чыгымдардын отчетунда тааныйт.

**Отчеттуулук валютасы.** Финансы отчетун түзүүдө колдонулуучу акча бирдиги, Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы – сом, ал Улуттук банктын финансылык отчетунун баалоо валютасы болуп эсептелет. Баалоо валютасы Улуттук банктагы негизги окуялардын экономикалык маңызын жана иш чөйрөсүн чагылдырат.

**Отчеттуулук күнү.** Финансы отчету 2005 жана 2004-жылдардын бештин айынын отуз биринин аягына карата абал боюнча түзүлгөн.

## 4. Эсепке алуу саясатынын принциптери

**Алтын жана башка баалуу металлдар.** Платинадан тышкары, монетардык алтын жана башка баалуу металлдар бухгалтердик балансты түзүү күнүнө карата сомдун АКШ долларына болгон колдонуудагы катышын эске алуу менен Лондон баалуу металлдар рыногундагы котировкалардын таңкы фиксингине ылайык аныкталуучу рыноктук наркта чагылдырылат. Монетардык алтынды жана башка баалуу металлдарды кайра баалоо учурунда келип чыккан курстук айрыма реализацияланбаган пайда же чыгым катары чагылдырылат да, четөлкө валюталарын, алтынды жана башка баалуу металлдарды кайрадан баалоо боюнча камга кошулат.

Реализацияланган түшкөн пайдаларды жана кеткен чыгымдарды кайрадан баалоо боюнча камдардан түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна жума сайын которуулар четөлкө валютасы, монетардык алтын, алтын жана башка баалуу металлдар боюнча чогуу алгандагы накта позициянын азаюусуна негизденет.

Баалуу металлдардын рыногунун Лондон ассоциациясы тарабынан белгиленген таңкы расмий фиксинг:

*(троян унциясы үчүн АКШ доллары)*

| | 2005-ж. бештин айынын отуз бири | 2004-ж. бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| Алтын | 513.00 | 438.00 |
| Күмүш | 8,83 | 6,77 |

Нумизматикалык максаттарда пайдалануу үчүн каралган платина сатып алуу наркында чагылдырылат жана улуттук валютадагы башка активдердин катарында эсепке алынат.

**Финансылык инструменттерди таануу жана баа берүү.** Улуттук банк тиешелүү финансылык инструментке карата келишим боюнча тарап болуп саналган учурларда, финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер Улуттук банктын балансында (теңдеминде) чагылдырылат. Улуттук банк, финансылык активдерди жана милдеттенмелерди сатып алуу жана реализациялоо боюнча утурумдук мүнөзгө ээ операцияларды эсептешүү датасы боюнча чагылдырат. Финансылык активдер жана милдеттенмелер, ордун толтуруп берүүнүн адилет наркына ылайык келген, бардык тарткан операциялык чыгымдарды эске алуу же эсептен алып салуу менен төлөнгөн же алынган баштапкы наркы боюнча чагылдырылат. Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин наркына кийинки баа берүүлөр үчүн пайдаланылган бухгал-

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

тердик эсепке алуунун принциптери эсепке алуунун төмөндө чагылдырылган тиешелүү жоболорунда ачып көрсөтүлгөн.

**Берилген кредиттер жана дебитордук карыздар.** Улуттук банк тарабынан банктарга акча каражаттары түрүндө берилген кредиттер эсептешүү датасына карата эсепке алынат жана балансык отчетто «банктарга кредиттер» статьясы боюнча чагылдырылат, кийинчерээк кредиттер боюнча баанын түшүүсүнө камдарды эсептен алып салуу менен амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат. Берилген кредиттер боюнча пайыздардан алынган кирешелер Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда эффективдүү пайыздык чендин негизинде пайыздык киреше катары чагылдырылат.

Кредиттер боюнча баанын түшүүсүнө кам Улуттук банк белгилеген мөөнөттө жана толук көлөмүндө төлөнүүгө тийиш болгон сумманын алалбай тургандыгын тастыктаган объективдүү маалыматтар орун алган учурда түзүлөт. Камдын суммасы кредиттин ордун толтуруучу балансык сумма менен бааланган сумманын ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Төлөнүшү мүмкүн болбогон кредиттер түзүлгөн тиешелүү камдардын эсебинен балансстан алынып салынат. Эсептен алып салуу бардык тиешелүү юридикалык жолжоболор аткарылып, чыгымдын суммасы аныкталгандан кийин гана жүзөгө ашырылат. Мурда эсептен алынып салынган суммаларды калыбына келтирүү камды түзүү боюнча чыгашалардын азаюусуна чегерилет.

Эларалык финансылык мекемелер тарабынан берилген жана алар боюнча Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн агенти катары же болбосо анын гарантиясы алдында иш алып барган, четөлкө валютасындагы кредиттер тиешелүүлүгүнө жараша "агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттер" жана "агенттик функцияларды аткаруудан улам алынган кредиттер" статьялары боюнча активдерде жана милдеттенмелерде чагылдырылат.

Башка дебитордук карыздар, кредиттер сыяктуу эле эсепке алынат жана бухгалтердик баланста "жана башка активдер" статьясы боюнча чагылдырылат.

**Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар.** Бул категорияга, Улуттук банк белгисиз бир мезгил аралыгына кармап турууга ниеттенген жана пайыздык чендердин деңгээлинин, алмашуу курстарынын же баалардын, коммерциялык банктын ликвиддүүлүгүнүн өзгөрүүсүнө байланыштуу рыноктогу жагдайга жараша сатылышы мүмкүн болгон баалуу кагаздар кирет. Баалуу кагаздарды мына ушундай классификациялоо Улуттук банк тарабынан аларды сатып алуу учурунда жүзөгө ашырылат.

Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар, алгач сатып алуу наркы боюнча эсептешүү датасына карата эсепке алынат (анда бүтүм боюнча сарптоолор да камтылат), андан соң, алар сатып алуу котировкаларынын негизинде адилет наркы боюнча кайрадан бааланат. Алар үчүн көзкарандысыз котировкалар болбогон баалуу кагаздар, ошол баалуу кагаздарды реализациялоодон алынышы мүмкүн болгон суммалардын негизинде бааланат. Сатуу үчүн колдо турган баалуу кагаздардын адилет наркынын өзгөрүүсүнүн натыйжасында келип чыккан реализацияланбаган кирешелер жана чыгашалар капиталдын түзүмүндөгү өзгөрүүлөр тууралуу отчетто чагылдырылат. Ушул баалуу кагаздар колдонуудан калып же болбосо алардын баасы түшүп кеткен шартта, тиешелүү топтолгон реализацияланбаган кирешелер жана чыгашалар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунун "башка операциялык кирешелер" статьясына баалуу кагаздар менен операциялардан чыгымдарды минуска чыгаруу менен киреше катары которулат.

Пайыздарды чегерүү эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

менен жүзөгө ашырылат. Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар боюнча кошуп эсептелинген пайыздар жана сыйакылардын/дисконттун амортизацияланбаган суммасы баланстык наркка кошулат жана ай сайын түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда пайыздык киреше катары таанылат.

**Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар.** Бул категорияга, аларды Улуттук банк төлөө мөөнөтүнө чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүндүгү болгон, катталган төлөө мөөнөтүнө ээ баалуу кагаздар кирет. Инвестицияларды мына ушундай классификациялоо аларды сатып алуу учурунда жүзөгө ашырылат.

Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар алгач, эсептешүү датасына карата сатып алуу наркы боюнча (анда бүтүм боюнча сарптоолор да камтылат), андан соң, келечекте күтүлүп жаткан акча агымынын балaнстык наркы менен учурдагы наркынын ортосундагы айырма катары эсептелинген, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен дисконттолгон, баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салуу аркылуу эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен амортизацияланган наркы боюнча эске алынат.

Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар боюнча кошуп эсептелинген пайыздар жана алар боюнча сыйакылардын/дисконттордун амортизацияланбаган суммасы балaнстык наркка кошулат жана ай сайын түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда пайыздык киреше катары таанылат.

**Сатуу жана кайрадан сатып алуу келишимдери боюнча бүтүмдөр («РЕПО»).** Сатуу жана кайрадан сатып алуу келишимдери боюнча бүтүмдөр («РЕПО») баалуу кагаздардын баасынын түшүүсүнө каражаттарды тартуу операциясы катары каралат жана эсептешүү датасына карата милдеттенмелерде «банктар жана башка финансы мекемелери» статьясы боюнча эсепке алынат. Сатуу баасы менен кайтара сатып алуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык чыгашалар катары эсепке алынып РЕПО келишими аракеттенген бүтүндөй мөөнөт аралыгына эффективдүү кирешелүүлүк ыкмасы боюнча чегерилет.

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатылып алынган баалуу кагаздар («кайтарым РЕПО»), активдерде банктарга кредиттер катары эсепке алынат. Сатып алуу баасы менен кайтара сатуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык киреше катары эсепке алынуу менен кайтарым РЕПО келишими аракеттенген мөөнөт аралыгына эффективдүү кирешелүүлүк ыкмасы боюнча чегерилет.

**Уюмдардын капиталына инвестициялар.** Улуттук банк капиталынын 51 пайызынан көбүрөөгүнө ээлик кылып турган уюмдардын капиталына салымдар, анын ичинде компанияга салымдар Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык, сатып алуу наркында чагылдырылат. Мындай инвестициялардын балaнстык наркына мезгил-мезгили менен баалоолор жүзөгө ашырылып, зарылчылык келип чыккан шартта, баанын түшүүсүнө кам түзүлөт.

**Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер.** Негизги каражаттар колдонуудан калгандарын эсептен алып салуу менен баштапкы наркында чагылдырылат. Эгерде, активдин балaнстык наркы ордун толтуруп берүүнүн бааланган суммасынан аша турган болсо, анда балaнстык нарк ордун толтуруп берүү суммасына чейин азайтылат, ал эми келип чыккан айырма чыгымга чегерилет. Ордун толтуруп берүүнүн бааланган суммасы сатып өткөрүүнүн накта наркынын жана активдин аны пайдалануу наркынан эң чоң үлүшүн түшүндүрөт. Ремонттоого жана техникалык тейлөөгө кеткен сарптоолор аны жүзөгө ашыруу учурундагы чыгашаларда чагылдырылат. Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин амортизациясы аларды пайдалуу кызмат өтөө мөөнөт ичинде активдерди эсептен алып салуу максатында чегерилет.

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

Амортизацияны чегерүү төмөндө келтирилген пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүнө жараша бир ченемде чегерүү ыкмасынын негизинде жүргүзүлөт:

| | |
|---|---|
| Имарат | 50 жыл |
| Курулмалар | 20 жыл |
| Эмеректер жана офистик жабдуулар | 3 - 5 жыл |
| Компьютердик жабдуулар | 3 - 5 жыл |
| Автотранспорт | 5 жыл |
| Материалдык эмес активдер | 3 жыл |

Толугу менен амортизацияланган негизги каражаттар алардын ар бир объекти үчүн 1 сом өлчөмүндө аныкталган шарттуу наркта чагылдырылат.

Бүткөрүлбөгөн курулуш объектилеринин жана пайдаланууга берилбеген объекттердин амортизациясы бул объекттерди пайдаланууга берүү учурунда чегерилет.

**Товардык материалдык запастар.** Товардык материалдык запастар өздүк (алгачкы нарктан) нарктан же сатып өткөрүүнүн накта наркынан азыраак наркта чагылдырат. Жүгүртүүгө чыгарыла элек банкноттордун запастары, кошо чыгымдалган сарптоолорду кошо алганда, аларды даярдатуу учурундагы наркы боюнча чагылдырылат, «жана башка активдерде» эске алынып, алардын жүгүртүүгө чыгарылышына жараша чыгашаларга чегерилет.

**Эларалык Валюта фондусунун катталуу квотасы**. Катталуу квотасы Кыргыз Республикасынын Эларалык Валюта фондусунун каржылоосунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Катталуу квотасын камсыздоо үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлиги тарабынан ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар чыгарылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары иш алып баруу менен Улуттук банк Кыргыз Республикасынын ЭВФке мүчөлүгүнө байланыштуу операциялар боюнча активдерди жана пассивдерди балансита чагылдырат. Улуттук банктын ЭВФтин алдындагы позициясы финансылык отчетто дүңүнөн (брутто) чагылдырылат. Кыргыз Республикасынын катталуу квотасынын наркы Улуттук банктын бухгалтердик балансында номиналдык наркы боюнча актив катары жазылат, ал эми Улуттук банктын ЭВФтин алдындагы улуттук валютадагы милдеттенмелердин суммасы ЭВФтин депозитардык эсептери катары жазылат.

**Финансылык милдеттенмелер.** Банктар жана башка финансы мекемелеринин алдындагы милдеттенмелерди, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептерин, жүгүртүүгө чыгарылган баалуу кагаздарды камтыган бардык финансылык милдеттенмелер эсептешүү датасына карата эске алынат жана алгач бүтүм боюнча келип чыккан сарптоолорду эсептен алып салуудан кийин түшүүлөр кабыл алынган наркы боюнча чагылдырылат. Кийинчерээк, финансылык милдеттенмелер амортизацияланган наркы боюнча чагылдырылат жана келечекте түшө тургандардын баштапкы наркы менен номиналдык наркынын ортосундагы кандай болбосун айырма, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда эффективдүү кирешелүүлүк ыкмасын колдонуу менен финансылык милдеттенмелер орун алган мезгил ичинде чагылдырылат.

**Жүгүртүүдөгү банкноттор** бухгалтердик балансchallenge номиналдык наркы боюнча чагылдырылат. Банкнотторду чыгарууга кеткен чыгашалар аларды жүгүртүүгө чыгаруу учурунда түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчеттунда таанылат.

**Кирешелерди жана чыгашаларды чагылдыруу.** Пайыздык кирешелер жана чыгашалар Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чегерүү ыкмасы боюнча эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен чагыл-

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

дырылат. Мөөнөтүндө төлөнбөгөн пайыздар, ошондой эле алынышы шектүү болгон кошуп эсептелинген пайыздар пайыздык кирешелердин курамына кошулбайт. Пайыздык кирешелер жана чыгашалар купондук киреше/чыгашаны жана сыйлыктын/дисконттун амортизациясын камтышы мүмкүн. Комиссиондук жана башка пайыздык эмес кирешелер тиешелүү операциялардын бүтүшү боюнча чагылдырылат. Комиссиондук жана башка пайыздык эмес чыгашалар материалдык баалуулуктарды алуу же кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу учурунда чагылдырылат.

**Четөлкө валютасындагы операциялар жана аларды сомго кайрадан эсептөө ыкмасы.** Четөлкө валютасындагы акчалай активдер жана пассивдер отчет түзүү датасына карата белгиленген алмашуу курсу боюнча сомго эсептелет. Четөлкө валютасында жүзөгө ашырылган операциялар операция жүргүзүү күнүнө карата алмашуу курсун пайдалануу менен чагылдырылат. Накта валюталык позицияны кайрадан баалоодон келип чыккан курстук айырма реализацияланбаган пайда же чыгым катары чагылдырылат да, четөлкө валюталарын, алтынды жана башка баалуу металлдарды кайрадан баалоо боюнча камдарга кошулат. Реализацияланган пайдаларды жана чыгымдарды кайрадан баалоо боюнча камдардан Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндөгү отчетко жума сайын которуу четөлкө валюталары, алтын жана башка баалуу металлдар боюнча чогуу алгандагы накта позициянын азайуусуна негизденет.

Эгерде, отчеттук датага карата четөлкө валюталарын, алтынды жана башка баалуу металлдарды кайрадан баалоо боюнча кам накта валюта позициясын кайрадан баалоодон улам келип чыккан, реализацияланбаган чыгымды түшүндүрөт, реализацияланбаган чыгымдын суммасы Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндөгү отчетуна киргизилип, четөлкө валютасындагы операциядан келип чыккан накта реализацияланбаган чыгымдын курамында чагылдырылат.

Төмөндө, өлкөнүн башкы банкы алар менен операцияларды жүзөгө ашырган четөлкө валюталары боюнча Улуттук банктын 2004 жана 2005-жылдардын акырына карата эсептик алмашуу курстары жөнүндө маалыматтар келтирилген:

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| АКШ доллары (USD) | 41.3011 | 41.6246 |
| ЕВРО (EUR) | 48.9686 | 56.3930 |
| Атайы карыз алышуу укугу (СПЗ же SDR) | 59.0234 | 64.1506 |
| Канада доллары (CAD) | 35.5370 | 33.8632 |
| Австралия доллары (AUD) | 30.2964 | 32.0031 |
| Швейцария франкы (CHF) | 31.4639 | 36.4824 |
| Россия рубли (RUB) | 1,4346 | 1,4955 |
| Англия фунт стерлинги (GBP) | 71.3229 | 80.2148 |
| Япониянын 10 йени (JPY) | 3,5204 | 4,0194 |

**Камдар.** Мыйзам талабына ылайык капитал эсептери боюнча камдарда төмөнкүлөр камтылат:

- кеминде эки эселенген төлөнгөн уставдык капиталдын өлчөмүндө колдоого алынып туруучу милдеттүү камдар;
- мамлекеттик бюджетке чегерүүлөрдөн кийинки накта пайдалардын эсебинен топтолгон жалпы камдар;
- негизги каражаттарды, четөлкө валюталарын, алтынды жана башка баа-

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

луу металлдарды жана сатуу үчүн колдо турган баалуу кагаздарды кайрадан баалоо боюнча камдар.

**Бөлүштүрүлбөгөн пайда** – бул, Кыргыз Республикасынын бюджетине жана Улуттук банктын капиталынын камдык эсептерине бөлүштүрүүгө чейинки пайда.

**Пайда салыгы.** Мыйзамдын 53-статьясына ылайык, Улуттук банк салык төлөөчү болуп саналбайт.

**Пайдаларды бөлүштүрүү.** Мыйзамдын 13-статьясына ылайык, накта пайдадан төмөндөгүлөргө багытталган суммалар кемитилет:

- мыйзамдарга ылайык аны көбөйтүү учурунда уставдык капиталды толуктоого;
- эки эселенген төлөнгөн уставдык капитал өлчөмүнө жеткирүүгө чейин милдеттүү камдарга;
- жогоруда аталган эсептен алып салуулардан кийин калган пайданын 70 пайызы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине которулууга тийиш. Пайданын калган суммасы жалпы камдарга (капиталга) которулат.

**Пенсиондук сарптоолор.** Улуттук банк мыйзамдарда белгиленген өлчөмдө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төлөмдөрдү которот. Бул которуулар алардын келип чыгышына жараша чыгашаларга чегерилет. Мындан тышкары, Улуттук банк өз кызматкерлеринин эмгек акысынан мыйзам тарабынан белгиленген өлчөмдө каражаттарды кармап калуу менен аларды Социалдык фондго которот. Кызматкерлер пенсияга чыккан учурда, бардык пенсиялык төлөөлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Социалдык фонд тарабынан ишке ашырылат жана жөнгө салынат. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик пенсиялык системасына катышуудан тышкары, пенсиялык камсыздоо жагында Улуттук банк кошумча схемаларга, ошондой эле пенсияга чыккандан кийин кызматкерлерге берилүүчү жеңилдиктерге же башка чегерүүнү талап кылган олуттуу жеңилдиктерге ээ эмес.

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** кассадагы четөлкө валюталарын башка борбордук банктардагы жана банк-резидент эместердеги корреспонденттик эсептердеги бош калдыктарды, ЭВФтеги эсептеги каражаттарды жана резидент эместердин карыздык баалуу кагаздарында чагылдырылган.

## 5. Алтын жана башка баалуу металлдар

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири | | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | троян унциясында | миң сом | троян унциясында | миң сом |
| Алтын | 83,090 | 1 760 466 | 83,090 | 1 514 861 |
| Күмүш | 364 | 134 | 364 | 103 |
| Жыйынтыгында алтын жана башка баалуу металлдар | | 1 760 600 | | 1 514 964 |

Алтынды жана башка баалуу металлдарды сатып алуу жана сатуу 2005-жылы жүзөгө ашырылган эмес. Өзгөрүүлөр алтынды жана күмүштү кайрадан баалоонун натыйжасында алардын сомдук эквивалентинин өзгөрүүлөрүнө байланыштуу болгон.

Банк-резидент эместерде жайгаштырылган, алтын түрүндөгү депозиттер боюнча тиешелүү пайыздык кирешелер Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылган (21-түшүндүрмөнү карагыла).

Улуттук банк 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча үчүнчү тараптын алдында кандайдыр бир гарантиялардын камсыздоосу катары кызмат кылган депозиттерге ээ эмес.

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

2004-жылдын жалган куран айынын отуз бирине карата абал боюнча 40 000 троян унциясындагы алтын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү акцияларына ээлик кылган «Кыргызалтын» МАКка Standard Bank London банкы тарабынан берилген кредит боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиясынын камсыздоосу катары кызмат кылат.

### 6. Эларалык Валюта Фондусунун катталуу квотасы

Кыргыз Республикасы 1992-жылы Эларалык Валюта Фондусуна (мындан ары ЭВФ) мүчө болуп калган. ЭВФтин мүчөсү болгон ар бир өлкө үчүн атайы карыз алышуу укугунда (мындан ары СПЗ-АКУ) туюндурулган квота белгиленет. Катталуу квотасы ЭВФтин каржылоосунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Кыргыз Республикасынын 2005 жана 2004-жылдын бештин айынын отуз бирине карата квотасы 88,8 млн. АКУну (СПЗ) түзөт.

Катталуу квотасын камсыздоо үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлиги тарабынан ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар чыгарылган. Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары иш алып баруу менен Кыргыз Республикасынын ЭВФке мүчөлүгүнө байланыштуу операциялар боюнча активдерди жана пассивдерди балансга чагылдырып келүүдө.

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* |
|---|---|---|
| ЭВФ менен квота боюнча операциялардын активдерде чагылдырылган эсеби: | | |
| ЭВФтин квотасы | 5 241 845 | 5 740 328 |
| | 5 241 845 | 5 740 328 |
| ЭВФтин милдеттенмелерде чагылдырылган депозитардык эсеби: | | |
| ЭВФтин пайдасына квота боюнча чыгарылган баалуу кагаздар | 5 228 446 | 5 725 654 |
| ЭВФтин №1 жана №2 утурумдук эсептери (17-түшүндүрмөнү караңыз) | 13 399 | 14 674 |
| | 5 241 845 | 5 740 328 |

### 7. Банктарга жана башка финансы мекемелерине карата талаптар

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* |
|---|---|---|
| Башка банк-резидент эместерде депозиттер 0,76% - 5,27%; (2004-жылы: 0,5% - 5,2%)* | 7 593 617 | 5 157 380 |
| Башка банк-резидент эместерде корреспонденттик эсептер | 5 593 188 | 6 845 734 |
| Башка борбордук банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер 0,1% - 4,75% (2004-жылы: 1,3% - 1,81 % LIBOR) | 4 750 680 | 2 286 140 |
| ЭВФтеги эсептеги каражаттар 2,22% -3,03% (2004-жылы 2,22%) | 217 653 | 821 380 |
| «Инэксимбанк» ЖАКка кыска мөөнөттүү талаптар | 24 781 | - |
| Башка борбордук банктардагы депозиттер 4,64% | - | 401 074 |
| Кошуп эсептелинген пайыздык киреше | 14 518 | 8 389 |
| Баанын түшүүсүнө камды эсептеп чыгаруу менен (23-түшүндүрмөнү караңыз) | (160 433) | (161 689) |
| Жыйынтыгында, баанын түшүүсүнө камды эсептеп чыгаруу менен банктарга жана башка финансы мекемелерине карата талаптар | 18 034 004 | 15 358 408 |

* Бул жерде жана финансы отчеттун тексти боюнча тиешелүү болгон жерде, эгер башкалар көрсөтүлбөсө, 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча (кашаада: 2004-жылдын бештин айынын отуз бири) колдонуудагы жылдык пайыздык чендер көрсөтүлүүгө тийиш.

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

Жабык акционердик коом «Инэксимбанкка» карата 24 781 миң сом өлчөмүндө кыска мөөнөттүү талаптар 2006-жылдын үчтүн айынын үчүндө төлөнгөн.

Борбордук жана башка банк-резидент эместерде жайгаштырылган депозиттер боюнча тиешелүү пайыздык кирешелер Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылган (21-түшүндүрмөнү карагыла).

Баанын түшүүсүнө кам 1999-жылы түзүлгөн жана ал Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкында (мындан ары «ЦАБСиР») 100 пайыз өлчөмүндө жайгаштырылган депозитке тиешелүү.

## 8. Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар

| | Төлөө датасы, *жыл* | Чен, *%* | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* |
|---|---|---|---|---|
| **Карыздык баалуу кагаздар – адилет наркы боюнча:** | | | | |
| Promissory Notes (Австрия доллары) | 2005, 2006 | 5,25-5,49 | 1 813 282 | 1 276 838 |
| BUBILLS (Евро) | 2005, 2006 | 2,017-2,292 | 1 755 926 | 1 127 095 |
| FIXBIS (АКШ доллары) | 2005, 2006 | 2,16-4,05 | 1 406 596 | 1 041 251 |
| FIXBIS (Евро) | 2006 | 2 | 248 653 | - |
| Treasury Notes (АКШ доллары) | 2006-2008 | 2,0-2,6 | - | 813 262 |
| FIXBIS (Евро) | 2005 | 2,04-2,05 | - | 790 221 |
| FIXBIS (Англия фунт стерлинги) | 2005 | 4,56-4,59 | - | 595 079 |
| FIXBIS (Швейцария франкы) | 2005 | 0,39 | - | 437 967 |
| FIXBIS (Канада доллары) | 2005 | 2,3 | - | 338 976 |
| Жыйынтыгында, сатуу үчүн колдо турган инвестициялар | | | 5 224 457 | 6 420 689 |

Бардык баалуу кагаздар Австралия Камдык банкы (Promissory Notes), АКШ Казыналыгы (Treasury Notes), Швейцариянын Эларалык Эсептешүү Банкы (FIXBIS) жана Германия Федералдык банкы (BUBILLS) тарабынан чыгарылган рейтинги жогору каражаттардан (инструменттерден) болуп саналат.

Сатуу үчүн колдо турган инвестициялар боюнча тиешелүү пайыздык кирешелер четөлкө валютасында Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат (21-түшүндүрмөнү караңыз).

## 9. Агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттер

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигинин Түркия Өкмөтүнүн кредити боюнча карызы | 1 910 881 | 1 888 074 |
| Банк-резиденттерге ЕБРР кредиттик линиясы боюнча кредиттер (LIBOR+2%) | 202 244 | 210 508 |
| Банктарды кайра өзгөртүп түзүү жана карыздарды реструктуризациялоо боюнча агенттигинин (мындан ары "ДЕБРА") ЕБРР кредиттик линиясы боюнча банк-резиденттерге берилген каражаттар боюнча карызы | 77 641 | 80 562 |
| Банкрезиденттерге МАР кредиттик линиясы боюнча кредиттер (LIBOR+2%) | 23 548 | 38 630 |
| Кошуп эсептелинген пайыздык киреше | 644 | 700 |
| Баанын түшүүсүнө камды эсептен чыгаруу менен (23-түшүндүрмөнү караңыз) | (272 559) | (278 677) |
| **Жыйынтыгында, баанын түшүүсүнө камды эсептен чыгаруу менен агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттер** | 1 942 399 | 1 939 797 |

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

2005 жана 2004-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча аларга пайыздар кошуп эсептелинбеген кредиттердин жалпы суммасы, тиешелүүлүгүнө жараша 279 885 миң сомду жана 291 070 миң сомду түзгөн. Агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттер боюнча пайыздык кирешелер жана чыгашалар Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат (21 жана 22-түшүндүрмөлөрдү карагыла).

Төмөндө, агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттер боюнча милдеттенмелер келтирилген:

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири<br>*миң сом* | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири<br>*миң сом* |
|---|---|---|
| Түркиянын экспорттук-кредиттик банкы (“Эксимбанк”) | 1 910 881 | 1 888 074 |
| Реконструкциялоонун жана өнүктүрүүнүн Европа банкы (“ЕБРР”) | 252 830 | 296 435 |
| Өнүгүүнүн Эларалык Ассоциациясы (“МАР”) | 150 004 | 152 307 |
| Чегерилген пайыздык чыгашалар | 3 515 | 1 480 |
| Жыйынтыгында, баанын түшүүсүнө камды эсептен чыгаруу менен агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттер боюнча милдеттенмелер | 2 317 230 | 2 338 296 |

| Кредиттик мекемелер | Бекиткен күндүн датасы | Базалык валюта | Программа-лык сумма | Төлөө мезгил аралыгы | Жеңилдик каралган мезгил | Пайыздык чен | Төлөө аралыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эксимбанк | 1992-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизи | АКШ доллары | 43 574 566 | 28 жыл | 10 жыл | 2% | жарым жылда бир жолу |
| ЕБРР | 1995-жылдын баш оона айынын отузу | АКШ доллары | 10 500 000 | 17 жыл | 5 жыл | LIBOR + 1% | жарым жылда бир жолу |
| МАР | 1998-жылдын жетинин айынын он сегизи | СПЗ | 9 632 486 | 35 жыл | 10 жыл | LIBOR + 0.75% | жарым жылда бир жолу |

Агенттик функцияларды аткарууга байланыштуу кредиттерде эларалык финансы мекемелери тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жана коммерциялык банк-резиденттерге берилген, алар боюнча Улуттук банк агент катары же Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлигинин гарантиясы астында иш алып барган кредиттер камтылат.

Түркия Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ыйгарым укуктуу банк, Түркиянын экспорттук-кредиттик банкы (мындан ары «Эксимбанк») аркылуу кредит берген. Улуттук банк менен Эксимбанктын ортосунда келишилген Келишимдин шарттарына ылайык, Улуттук банк карыз алуучу катары көрсөтүлгөн, бирок Өкмөттүн гарантиясын жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлиги менен Улуттук банктын ортосунда 2003-жылдын жалган куран айынын жыйырма бешиндеги №D-3-2-5/409 келишимге жана 2004-жылдын бугу айынын жетисиндеги №D-2-2/689 келишим менен ага карата өзгөртүүлөрдү эске алганда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү анык карыз алуучу болуп саналат жана ага ушул кредит боюнча тике милдеттенме жүктөлөт. 2006-жылдын жалган куран айынын тогузунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан Улуттук банк менен Эксимбанктын ортосунда Кредиторлордун Париж клубунун 2005-жылдын жалган куран айынын он бириндеги отурумдун прото-

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

колунда белгиленген шарттарда карызды реструктуризациялоо жөнүндө келишимге кол коюлган, ага ылайык Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын жалган куран айынын бирине карата абал боюнча бүтүндөй эки тараптуу карызы реструктуризацияланууга тийиш. Жогоруда белгиленген келишимге ылайык, Улуттук банк Эксимбанктын пайдасына Түркиянын алдындагы карыздын бүтүндөй суммасына жана 2005-жылдын жалган куран айынын бирине карата абал боюнча 46 884 468 АКШ долларын түзгөн капитализацияланган пайыздарды эске алуу менен вексель чыгарууга тийиш. Мындан тышкары, бул келишимде реструктуризацияланган карыздын негизги суммасына кошуп эсептелинген пайыздардын бөлүгүн капитализациялоо да каралган. Ошентип, Улуттук банк 2005-жылдын аяк оона айынын бирине карата абал боюнча 554 029 АКШ доллары суммасына жана 2006-жылдын жалган куран айынын бирине карата абал боюнча 480 878 АКШ доллары суммасына кошуп эсептелинген капитализацияланган пайыздарга да вексель чыгарат.

Реконструкциялоо жана Өнүгүүнүн Европа банкы («ЕБРР») Кыргыз Республикасында чакан жана орто ишканаларды колдоо үчүн коммерциялык банктарга кредиттик линияны сунуш кылган. Улуттук банк ЕБРР-1 кредиттик линиясы боюнча ЕБРРдин алдында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиясы менен тастыкталган милдеттенмеге ээ жана берилген кредиттер боюнча баанын түшүүсүнө кам түзө алат.

Өнүгүүнүн Эларалык Ассоциациясынын («МАР») кредити Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарына өлкөдө жеке ишкердикти өнүктүрүү жана колдоо үчүн берилген. Ушул кредит боюнча Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Экономика жана каржы министрлиги менен финансылык агенттик жөнүндө макулдашуунун чегинде финансы агенти катары иш алып барууда, ага ылайык кредитти тейлөө АКШ долларында жүзөгө ашырылат.

## 10. Төлөөгө чейин кармалып туруучу мамлекеттик баалуу кагаздар

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* |
|---|---|---|
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу мамлекеттик баалуу кагаздар: | | |
| Төлөө мөөнөтү 1 жылга чейинки баалуу кагаздар (сатып алуу күнүнөн тартып) | 555 235 | 559 265 |
| Төлөө мөөнөтү 1 жылдан 5 жылга чейики баалуу кагаздар (сатып алуу күнүнөн тартып) | 2 107 067 | 2 257 815 |
| Төлөө мөөнөтү 5 жылдан ашкан баалуу кагаздар (сатып алуу күнүнөн тартып) | 1 980 832 | 1 966 654 |
| Жыйынтыгында, төлөөгө чейин кармалып туруучу мамлекеттик баалуу кагаздар | 4 643 134 | 4 783 734 |

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

Төмөндө мамлекеттик баалуу кагаздардын портфели боюнча ыраатуу маалыматтар келтирилген:

| Аталыштары | Чыгарылган жылы | Төлөө мөөнөтү | Номиналга пайыздык чен, % | Пайыздарды төлөп берүү | 2005-ж, бештин айынын отуз бири миң сом | 2004-ж, бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мамл. жөнгө салуучу казына векселдери – №10, 14, 15, 16, 17 | | | | | | |
| "Глобалдуу сертификаттар" | 2005 | 2006 | 4,04 - 10,43 | Төлөө учурунда | 555 235 | 559 265 |
| "Улуттук банк" сериясындагы жөнгө салуучу казына милдет. | 2002 | 2005-2006 | Жылдык инфляц-н деңгээли +2 | Жыл сайын | 2 107 067 | 2 257 815 |
| "Жибек-Жолу" сериясындагы казына милдеттенмелери | 2002 | 2008 | Жылдык инфляц-н деңгээли +3 | Жыл сайын | 657 989 | 640 636 |
| "РСК" сериясындагы казына милдеттенмелери | 2004 | 2010 | Жылдык инфляц-н деңгээли +3 | Жыл сайын | 107 335 | 104 395 |
| "Банк" сериясындагы казына милдеттенмелери | 1996-1997 | 2007, 2021 | 5-25 | Жыл сайын | 924 406 | 930 274 |
| "Кайрат" сериясындагы казына милдеттенмелери | 2001 | 2011, 2016 | 10-14.5 | Квартал сайын | 291 102 | 291 349 |
| Жыйынтыгында, төлөөгө чейин кармалуучу мамлекеттик баалуу кагаздар | | | | | 4 643 134 | 4 783 734 |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын ортосунда финансылык мамилелерди жөнгө салуу тууралуу 2002-жылдын кулжа айынын жыйырма биринде №Д-3-2/659 Генералдык келишимине ылайык, 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банктын алдындагы мөөнөтсүз, пайызсыз болуп эсептелинген карызы мөөнөттүү мамлекеттик пайыздык баалуу кагаздарга реструктуризацияланган: "Глобалдык сертфикаттар" мамлекеттик жөнгө салуучу казына векселдерине, "Улуттук банк" сериясындагы жөнгө салуу казына милдеттенмелерине, "Жибек-Жолу" сериясындагы казына милдеттенмелерине.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карызын реструктуризациялоо жөнүндөгү" 1998-жылдын кулжа айынын сегизиндеги Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосундагы финансылык мамилелерди жөнгө салуу тууралуу 2002-жылдын кулжа айынын жыйырма бириндеги Генералдык келишимге ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карызын реструктуризациялоонун натыйжасында алынган мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздарды төлөө Улуттук банк тарабынан мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүлүүчү жылдык накта пайданын 70 пайызы эсебинен жүзөгө ашырылат.

2004-жылы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосундагы финансылык мамилелерди жөнгө салуу максаттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруунун тартиби жөнүндөгү келишимге карата 2004-жылдын чын куран айынын жыйырма үчүндөгү кошумча келишимге ылайык, 200 000 миң сом номиналындагы "Улуттук банк" сериясындагы №1 казына милдеттенмелери тиешелүүлүгүнө жараша, 100 000 миң сом жана 100 000 миң сом номиналдык наркындагы жүгүртүү мөөнөтү 6 жана 12 ай болгон калыбына келтирилүүчү мамлекеттик кыска мөөнөттүү казына векселдерине кайрадан таризделинген.

Мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча тиешелүү пайыздык кирешелер

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылган (21-түшүндүрмөнү карагыла).

Активдүү рыноктун жана баалоонун башка критерийлеринин жоктугунан улам, мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча баанын түшүүсүнө баа берүү өтө кыйынчылыкка турат. Улуттук банк, алардын баланстык наркынын төмөндөө ыктымалдыгы жок деп эсептейт, демек, мамлекеттик баалуу кагаздар амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

## 11. Банктарга кредиттер

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири *миң сом* |
|---|---|---|
| Мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттер | 121 398 | 122 380 |
| РЕПО шарттарында сатылып алынган баалуу кагаздар 4,80% | - | 40 000 |
| Баанын түшүүсүнө камды эсептен чыгаруу менен (23-түшүндүрмөнү карагыла) | (121 398) | (122 380) |
| Жыйынтыгында, баанын түшүүсүнө камды эсептен чыгаруу менен банктарга кредиттер | - | 40 000 |

Мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттерге 2000-жылы АШБ «Бишкек» банкына берилген кредит кирет. Отчеттук жылы АШБ «Бишкек» Улуттук банктын алдындагы өз милдеттенмесин 982 миң сом суммасында бөлүп төлөөнү жүзөгө ашырган. Банкрот болгондугуна байланыштуу, жогоруда аталган банк жоюлуу процессин башынан кечирүүдө.

Отчеттук жылы Улуттук банк «овернайт» кредиттерин берүү жана кайтарым РЕПО шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу аркылуу Кыргыз Республикасынын банктарын кыска мөөнөттүү кредиттөө боюнча операцияларды жүзөгө ашырууну уланткан. 2005 жана 2004-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата банктардын «овернайт» кредиттери боюнча карызы жок. Жогоруда белгиленген, «овернайт» кредиттеринен тиешелүү пайыздык кирешелер жана кайтарым РЕПО шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуулар Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда камтылган (21-түшүндүрмөнү карагыла).

## 12. Уюмдардын капиталына инвестициялар

| | 2005-жылдын бештин айынын отуз бири | | 2004-жылдын бештин айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | Үлүш, % | Наркы, *миң сом* | Үлүш, % | Наркы, *миң сом* |
| Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы компаниясы («Финкомпания») | 100,0 | 15 000 | 100,0 | 15 000 |
| Мамлекеттер аралык банк (МАБ) | 1,5 | 430 | 1,5 | 449 |
| Баанын түшүүсүнө камды эсептен чыгаруу менен (23-түшүндүрмөнү карагыла) | | (3 750) | | (3 750) |
| Жыйынтыгында, баанын түшүүсүнө камды эсептен чыгаруу менен уюмдардын капиталына инвестициялар | | 11 680 | | 11 699 |

Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы компаниясынын капиталына инвестициялар убактылуу мүнөзгө ээ жана Кыргыз Республикасы менен Азия Өнүгүү банкынын ортосундагы «Айылдык финансы институттары» долбоору боюнча эларалык келишимге ылайык мөөнөттөр менен чектелет.

Эскертүү: 128-беттен 158-бетке чейинки түшүндүрмөлөр ушул финансы отчеттунун ажырагыс бөлүгүн түзөт.

2004-жылы Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча 2003-2004-жылдарга каралган Мамлекеттик программаларынын долбоорлорун жүзөгө ашыруу максатында, Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын жалган куран айынын тогузундагы №4/3 токтомуна ылайык, «Улуттук автоматташтырылган клиринг Палатасы» мамлекеттик ишканасын Улуттук банкына кошуу формасында кайра өзгөртүп түзүү жүзөгө ашырылган. Ишкананы кайра өзгөртүп түзүүнүн натыйжасында алынган кирешелер Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда камтылат (25-түшүндүрмөнү карагыла).

Туунду компаниялардан дивиденд түрүндөгү кирешелер Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат (25-түшүндүрмөнү карагыла).

## 13. Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер

| | Имараттар жана курулмалар | Бүткөрүлө элек курулуш жана жабдуулар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Автотранспорт | Материалдык эмес активдер | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* | *миң сом* |
| **Нарк** | | | | | | | |
| 2003-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 62 024 | 57 646 | 68 133 | 112 806 | 21 000 | 14 381 | 335 990 |
| - келип түшүү | 3 515 | 38 159 | 3 903 | 8 788 | 58 | 3 751 | 58 174 |
| - которуу | 3 243 | (8 846) | 817 | 4 422 | 364 | - | - |
| - колдонуудан чыгуу | (1 202) | (1) | (24 616) | (2 026) | (602) | - | (28 447) |
| 2004-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 67 580 | 86 958 | 48 237 | 123 990 | 20 820 | 18 132 | 365 717 |
| - келип түшүү | 7 872 | 70 126 | 12 485 | 32 619 | 4 153 | 1 402 | 128 657 |
| - которуу | 16 679 | (26 039) | 6 718 | 2 642 | - | - | - |
| - колдонуудан чыгуу | (1 220) | - | (14 028) | (84 003) | (427) | (5 579) | (105 257) |
